# УБАКЫТТЫН ЖОКТУГУ ЖАНА ТАГДЫР
# ZAMANSIZLIK VE KADER GERÇEĞİ

**ХАРУН ЯХЬЯ (АДНАН ОКТАР)**
**HARUN YAHYA (ADNAN OKTAR)**

# АВТОР ЖАНА ЭМГЕКТЕРИ ЖӨНҮНДӨ

Эмгектеринде Харун Яхья атын колдонгон автор (Аднан Октар) 1956-жылы Анкарада (Түркия) төрөлгөн. Башталгыч, орто мектеп жана лицейди Анкарада аяктаган. Андан соң Стамбул Мимар Синан университетинин Көркөм өнөр факультетинде жана Стамбул университети Философия бөлүмүндө билим алган. 1980-жылдардан бери ыйман, илимий жана саясий темаларда көптөгөн эмгектер даярдады. Мындан тышкары, автордун эволюция теориясынын жактоочуларынын алдамчылык ыкмаларын, алардын жактаган нерселеринин (эволюция теориясынын) туура эместигин жана Дарвинизмдин кандуу идеологиялар менен болгон караңгы (жашыруун) байланыштарын ортого койгон абдан маанилүү эмгектери бар.

Харун Яхьянын эмгектери дээрлик 30000 сүрөттү камтыган жалпысы 45000 беттик бир эмгектер жыйнагынан турат жана бул эмгектер жыйнагы дүйнөнүн 60 тилине которулган.

Автордун эмгектеринде колдонгон аты чындыктан баш тартуучу пикирлерге каршы күрөшкөн эки пайгамбардын урматына, алардын атын эскерүү үчүн Харун (Муса пайгамбардын жардамчысы) жана Яхья (Иса пайгамбардын жардамчысы) аттарынан куралган. Автор тарабынан китептеринин сыртында колдонулган Расулуллахтын мөөрүнүн колдонулушунун символикалык мааниси – китептердин мазмуну менен байланыштуу. Бул мөөр Курани Керимдин Аллахтын акыркы китеби жана акыркы сөзү, Пайгамбарыбыз (С.А.В.)дын да хатем-ул анбия экендигин көрсөтөт. Автор жарыкка чыккан бардык эмгектеринде Куранды жана Расулуллахтын (С.А.В.) сүннөтүн өзүнө жол көрсөткүч кылууда. Ушундай жол менен баш тартуучу философия системаларынын бардык негизги жактаган нерселерин бир бирден жыгууну жана динге каршы багытталган каршы пикирлерди толугу менен оозун жабуучу «акыркы сөздү» айтууна максат кылууда. Абдан терең акыл (хикмат) ээси жана идеалдуу инсан Расулуллахтын (С.А.В.) мөөрү бул акыркы сөздү айтуу ниетинин бир дубасы катары колдонулуп келүүдө.

Автордун бардык эмгектериндеги орток, негизги максат – Куранга чакырууну бүт дүйнөгө жеткирүү, мындай жол менен адамдардын Аллахтын бар экендиги, жалгыздыгы жана акырет сыяктуу негизги ыйман темалары жөнүндө ой жүгүртүүлөрүнө түрткү болуу жана чындыктан (Аллахтан) баш тартуучу системалардын чирик фундаменттерин жана туура эмес иш-аракеттерин ачыкка чыгарып, адамзатка көрсөтүү.

Харун Яхьянын эмгектери Индиядан Америкага, Англиядан Индонезияга, Польшадан Босния-Герцоговинага, Испаниядан Бразилияга чейин дүйнөнүн көптөгөн өлкөлөрүндө жактырылуу менен окулууда. Англис, француз, немец, италия, испан, португалия, урду, арап, албания, орус, босния, уйгур, индонезия тилдери сыяктуу көптөгөн тилге которулган бул эмгектер Түркия сыртында да көптөгөн китеп окуучулар тарабынан окулуп келүүдө.

Дүйнөнүн бардык тараптарында окурмандардын көңүлүнөн орун алган бул эмгектер көптөгөн адамдардын ыйманга келишине, башкаларынын ыйманынын тереңдешине себепчи болууда. Китептерди окуп, анализдеген ар бир адам бул эмгектердин терең акыл, кыска-нуска, оңой түшүнүлө турган жана чын жүрөктөн чыккан сөздөр экендигин, акыл жана илимге таянгандыгын байкашууда. Бул эмгектер – ылдам таасир берүү, так натыйжа жаратуу, талашсыз жана толук илимий болуу өзгөчөлүктөрүнө ээ. Бул эмгектерди окуган жана булар жөнүндө терең ойлонгон адамдар материалисттик философия, атеизм жана ар кандай адашкан ой-пикир жана философиялардын чындыктан алыс экенин байкай алышат. Муну түшүнгөндөн кийин материализмди жактагандар ызалык, өжөрлүктөрү айынан гана жакташат, себеби илимий тараптан материализм жокко

чыгарылды. Заманыбызда бардык чындыктан баш тартуучу агымдар Харун Яхья эмгектеринен илимий, идеялык жактан толук жеңилген абалда.

Шек жок, мындай өзгөчөлүктөр – Курандын терең мазмундуулугу жана өзгөчө баяндоосунун натыйжасы. Автор бул эмгектери менен мактанууну максат кылбайт, жалаң гана Аллахтын адамдарды туура жолго салуусуна себепчи болуу ниетинде. Мындан тышкары, бул эмгектердин жарыкка чыгып, таралышында акча табуу максат кылынбайт.

Бул чындыктарды эске алсак, адамдардын байкабаган чындыктарды байкашын камсыз кылган, алардын туура жолду табышына жардамчы болгон бул эмгектерди окууга үндөөнүн абдан маанилүү бир кызмат экендиги жакшы түшүнүктүү болот.

Бул баалуу эмгектерди таанытуу ордуна, адамдардын башын айланткан, пикирлерде кайчылаштыктар, күмөндөр жараткан, ыйманды куткарууда күчтүү жана так бир таасири болбогон демейки, монотондуу китептерди жайылтуу эмгек жана убакыт жоготуусуна алып келет. Негизги максат ыйманды куткаруу эмес, автордун адабий күчүн көрсөтүү болгон эмгектердин күчтүү таасирдүүлүккө жетиши кыйын. Бул бойунча шектенүү жаралгандар бар болсо, Харун Яхьянын эмгектеринин максатынын динсиздик менен күрөшүү жана Куран ахлагын жайуу гана экендигин бул кызматтын таасири, ийгиликтери жана окурмандардын ыраазы болгонунан байкашса болот.

Дүйнөдөгү зулум жана баш аламандыктар, Мусулмандар көрүп жаткан азаптардын негизги себебинин динсиздик пикирлеринин дүйнөдөгү өкүмчүлүгүнүн натыйжасы экендигин билүү зарыл. Бул абалдан кутулуу үчүн динсиздикти илим менен жеңүү, ыйман акыйкаттарын, чындыктарын ортого койуу жана Куран ахлагын адамдар түшүнө ала турган деңгээлде түшүндүрүү зарыл. Зулумдук, согуштар күчөгөн азыркы күндө бул кызматтын колдон келишинче ылдам болушу айдан ачык. Болбосо кеч болуп калышы мүмкүн.

Бул маанилүү кызматта алдыңкы ролду аркалаган Харун Яхья эмгектери, Аллахтын буйругу менен, 21-кылымда дүйнөдөгү бүт адамдардын Куранда сүрөттөлгөн бейпилдик жана тынчтыкка, чынчылдык жана адилеттүүлүккө, сулуулук жана бактылуулукка жеткирүүгө бир себепчи болмокчу.

Bu kitapta kullanılan ayetler, Ali Bulaç'ın hazırladığı
"Kur'an-ı Kerim ve Türkçe Anlamı" isimli mealden alınmıştır.

Birinci Baskı: Mayıs 1999

İkinci Baskı: Ekim 2001

Üçüncü Baskı: Ocak 2006

Dördüncü Baskı: Ekim 2009

Beşinci Baskı: Ocak 2013

**ARAŞTIRMA YAYINCILIK**
Kayışdağı Mah. Değirmen sokak No: 3
Ataşehir - İstanbul Tel: (0216) 660 00 59

Baskı: Tor Ofset
Akçaburgaz Mahallesi 116 Sokak No:2
Esenyurt / İstanbul Tel: (0 212) 886 3474

**www. harunyahya.org - www.harunyahya.net**
**www. harunyahya.tv - www.a9.com.tr**

# ОКУРМАНГА

✦ Автордун эмгектеринде эволюция теориясынын кыйрашына атайын орун беришинин себеби – бул теориянын ар түрдүү динге каршы бир философиянын негизин түзүгөндүгүндө. Жаратылуу жана натыйжада Аллахтын бар экендигинен баш тарткан дарвинизм 140 жылдан бери көптөгөн адамдардын ыйманын жоготушуна же жүрөктөрүндө күмөн жаралышына себеп болуп келди. Ошондуктан, бул теориянын бир калп экендигин ачык далилдөө - абдан маанилүү ыймандык милдет. Бул маанилүү кызматтын бардык адамдарга жеткирилиши зарыл.

✦ Дагы бир белгилей кетчү жагдай – бул китептердин мазмуну менен байланыштуу. Автордун бардык китептеринде ыйман темалары Куран аяттары негизинде түшүндүрүлүүдө, адамдар Аллахтын аяттарын үйрөнүүгө жана жашоого чакырылууда. Аллахтын аяттары менен байланыштуу бардык темалар окурмандын акылында эч кандай күмөн же суроо белгиси жаралбай турган негизде түшүндүрүлүүдө.

✦ Түшүндүрүүдө колдонулган чынчыл, жөнөкөй баян китептердин жаш-кары дебей бүт адамдардын оңой түшүнүшүнө шарт түзүүдө. Таасирдүү жана жөнөкөй баян колдонулган китептер - «бир токтобой окулчу» китеп өзгөчөлүгүнө ээ. Динден баш тартуу бойунча өжөрлүк көрсөткөн адамдар да бул китептерде түшүндүрүлгөн чындыктардан таасирленүүдө жана түшүндүрүлгөндөрдү калпка чыгара албай келет.

✦ Бул китеп жана автордун башка эмгектерин окурмандар жалгыз окуса да, маектешүү чөйрөсүндө окушса да болот. Бул китептенден пайдаланууну каалагандардын чогуу маек курушу, тажрыйба жана пикирлерин ортого койушу пайдалуу болот.

✦ Ошондой эле, жалаң гана Аллахтын ыраазычылыгы үчүн жазылган бул китептердин таанылышы жана окулушуна себепчи болуу да чоң кызмат болмокчу. Себеби автордун бардык китептеринде далил жана ишендирүү тарабы абдан күчтүү. Ушул себептен динди түшүндүрүүнү каалагандар үчүн эң эффективдүү ыкма – бул китептерди окууга башка адамдарды да үндөө болмокчу.

✦ Бул эмгектерде башка кээ бир эмгектерде байкалчу жазуучунун жекече ойлору, шектүү булактарга таянган сөздөрү, ыйык нерселерге болгон керектүү адап жана урматка көңүл бурбаган баяндар, үмүтсүз, күмөн жаратуучу түшүндүрүүлөрдү жолуктурбайсыз.

# МАЗМУНУ

**КИРИШҮҮ.................................................................................**

**1-БӨЛҮМ**

***Аалам жоктуктан жаратылды.............................................................***

**2-БӨЛҮМ**

***Заттын артындагы сыр ..................................................................***

**3-БӨЛҮМ**

***Убакыттын салыштырмалуулугу жана тагдыр...............................***

**4-БӨЛҮМ**

***Эволюция жаңылыштыгы.............................................................***

**Булактар ...........................................................................................**

# КИРИШҮҮ

Ушул күнгө чейин жашап өткөн бүт динге каршы кишилерди жана агымдарды караганыбызда, дээрлик баарынын философиялык пайдубалында материалисттик көз-караштын турганын көрөбүз. Белгилүү болгондой, материалисттер Жаратуу чындыгын жокко чыгарышат. Анын ордуна, зат чексиз мурдатан бери бар жана түбөлүккө абсолюттук нерсе бойдон тура берет деген жаңылыш пикирди жакташат. Башкача айтканда, затты кудай көрүшөт (Аллахты аруулайбыз). Материалисттердин өз булактарында материализм мындайча сүрөттөлөт:

*Материализм дүйнөнүн башы жана аягы жок, Теңир тарабынан жаратылган эмес жана убакыт менен мейкиндикте чексиз деп кабыл алат.*[1]

Материализмдин затты мынчалык идолдоштурушунун себеби кандай жол менен болсо да Аллахтын бар экенин кабыл албоо болуп саналат. Себеби зат абсолюттук эмес болсо, демек бир башталышы бар болгон болот; бир башталышы бар болсо, анда жоктуктан бар кылынган, б.а. жаратылган болот. 20-кылымдын аягында бүт илим дүйнөсү зат абсолюттук эмес, бир башталышы бар деген чындыкты тастыктады: бүт аалам болжол менен 15 миллиард жыл мурда «нөл» көлөмүндөгү бир чекиттин жарылышы менен жоктуктан пайда болгон жана кеңейип отуруп бүгүнкү абалына жеткен. Чоң жарылуу (Big Bang) деп аталган бул окуянын тууралыгы көптөгөн так далил жана байкоолор менен, жана ошондой эле, теоретик физиктердин эсептөөлөрү менен да далилденди.

Учурда илимдин жеткен акыркы чеги Аллах Куранда кабар берген жана Инжил менен Тооротто да кабар берилген «аалам жоктуктан жаратылган» деген чындыкты тастыктоодо. Жана, ошондой эле, заманбап илим материализмди жана ага таянган идеологияларды бүт тармакта жокко чыгарып, материалист көз-караштагылардын затка таянган дүйнөлөрүн кыйратып, Жаратылууга (креационизмге) каршы жүргүзгөн күрөшүндө алардын жеңилишине шарт түзүүдө.

Ошого карабастан, материалисттер заттын абсолюттук эмес экенин жана жаратылганын илимге каршы чыгып болсо да, кабыл ала алышпайт. Себеби бул чындыкты кабыл алуу Аллахтын бар экенин кабыл алууну, Аллахка ыйман кылуу болсо дин ахлагын кабыл алууну жана орундатууну талап кылат. Дин ахлагы болсо баарынан мурда Аллахка чындап моюн сунууну жана баш ийүүнү талап кылгандыктан, албетте, бул текебердигине жеңилген ал адамдарга оор келет. Аллах Куранда чындыктарды көрүп туруп, текебердиги (бой көтөрүүчүлүк) себебинен чындыктардан качкандардын абалын мындайча кабар берет:

**Жүрөктөрү (абийирлери) кабыл алса дагы, зулумдук жана текебердик (бой көтөрүү) себебинен буларды танышты. Эми сен бузукулардын кандай акыбетке туш болгонун бир кара. (Немл Сүрөсү, 14)**

Материалисттер заттан тышкары, убакыт да абсолюттук, б.а. чексизден келип чексизди көздөй агат деген жаңылыштыкка ишенишет. Бул туура эмес көз-карашка таянып тагдырды, акырет күнүн, бейиш менен тозокту жокко чыгарууга аракет кылышат. Бирок, учурда заманбап илим зат сыяктуу, заттын бир туундусу болгон убакыттын да зат менен кошо жоктуктан жаратылганын жана убакыттын да бир башталышы бар экенин далилдеди. Ошондой эле, убакыттын салыштырмалуу бир түшүнүк экени, материалисттер канча кылымдан бери ойлоп келгендей өзгөрбөс жана туруктуу эмес экени, өзгөрүүчү бир элес экени да 20-кылымда белгилүү болду. Убакыт менен мейкиндиктин салыштырмалуулугу Эйнштейндин Салыштырмалуулук теориясы менен далилденди жана бул чындык учурдагы заманбап физиканын негизин түзөт.

Жыйынтыктасак, убакыт менен мейкиндик – абсолюттук эмес, башталышы бар, Аллах жоктон жараткан түшүнүктөр. Убакыт менен мейкиндикти жараткан Аллах, албетте, бул түшүнүктөрдөн жогору, көз-карандысыз.

Аллах убакыттын ар бир көз ирмемин убакытсыздыкта белгилеп, аныктаган жана жараткан. Материалисттердин акылы жетпеген «тагдыр» чындыгынын маңызы мына ушунда.

Биз үчүн өтмүштө болуп өткөн жана келечекте боло турган окуялардын баарын убакыттан көз-карандысыз, убакытты жоктон жараткан Улуу Аллах билип, башкарып турат.

Куранда 1400 жыл мурда кабар берилген жана ыймандуулар чын жүрөктөн ишенген чындыктарды учурда заманбап илим да тастыктап, Курандын Аллахтын сөзү экендигине күбөлүк берүүдө. Канчалаган кылымдан бери Аллахтын бар экенин жана Жаралуу чындыгын танган материалист көз-караш болсо эч оозунан түшүрбөгөн жана ар мүмкүнчүлүктө башпаана кылууга аракеттенген илим тарабынан бүт тармакта калпка чыгарылууда. Бул китепте материалисттер айткан көз-караштардын эч кандай илимий жана логикалык негизи жок экенин, тескерисинче, материализмдин учурдагы илим тарабынан толук кыйратылганын далилдери менен карайбыз. Бул китептеги темалар заттын чыныгы жүзү, убакыт менен мейкиндиктин салыштырмалуулугу жөнүндө өтө маанилүү далилдерди камтыйт. Балким ушул күнгө чейин эч ойлонбогон кээ бир чындыктарды көрүп, заттын маңызынын материализм айткандан же сизге үйрөтүлгөндөн алда канча башкача экенин түшүнөсүз.

# 1-БӨЛҮМ

# ААЛАМ ЖОКТУКТАН ЖАРАТЫЛДЫ

Материализм – бул, затты абсолюттук деп кабыл алган, заттан башка эч нерсе жок деген негизсиз бир көз-караш системасы. Тарыхы байыркы Грецияга чейин созулган, бирок өзгөчө 19-кылымда жайылган, эң көп Карл Маркстын диалектикалык материализми менен даңкы чыккан бул көз-караш системасы зат чексиз мурдатан бери бар жана түбөлүккө боло берет дейт. Зат жаратылган эмес деп жаңылганы үчүн Жаратуучубуз Аллахтын бар экенин да жокко чыгарат (Аллахты аруулайбыз).

Материализм, жогоруда да айтылгандай, эң көп 19-кылымда популярдуу болду. Мунун негизги себептеринин бири – ал доордо «аалам кантип пайда болгон» деген суроого жооп катары айтылган «статикалык аалам» модели эле. Бул модель «аалам кантип пайда болду» деген суроого «аалам пайда болгон жок, чексиз мурдатан бери бар болчу жана түбөлүккө чейин боло берет» деп жооп берген. Аалам өзгөрүлбөс жана туруктуу заттардын жыйындысы деп кабыл алынып, мындай аалам Жаратуучубуздун бар экенин кабыл алууну талап кылбайт деп айтылчу.

Бул аалам моделинин тескерисинин далилдениши, башкача айтканда, бир башталышы бар экендигинин жана өзгөрүп тураарынын белгилүү болушу болсо, албетте, Аллахтын бар экендигинин далилдеринин бири болмок. Материалист философ Жорж Политцер *Философиянын башталгыч принциптери* аттуу китебинде бул чындыкты кабыл алып, бирок «чексиз (түбөлүктүү) аалам» моделинин туура экенине ишенип Жаратылууга (Аллахтын жаратканына) каршы чыккан:

> *Аалам жаратылган бир нерсе эмес. Эгер жаратылган болгондо, анда ааламдын Теңир тарабынан белгилүү бир убакта жаратылган болушу жана ааламдын жоктон жаратылышы керек эле. Жаратылууну кабыл ала алуу үчүн, баарынан мурда, аалам бар болбогон бир көз ирмемдин бар экенин, анан жоктуктан бир нерсенин пайда болгонун кабыл алуу керек. Бул болсо илим кабыл албай турган бир нерсе.*[2]

Жорж Политцер «бул болсо илим кабыл албай турган бир нерсе» деп негизи илимди эмес, материалисттик дүйнө көз-карашын айтууда. Себеби материалисттердин эң белгилүү негизсиз ишенимдеринин бири – бул, «илим материалист болушу керек» деген жаңылыштык. Политцер бул саптарды жазып жатканда «илим менин тарабымда», «келечектеги өнүгүүлөр да түбөлүктүү аалам көз-карашын тастыктайт» деп ойлогон. Чындыгында болсо заманбап илим 20-кылымдын экинчи чейрегинде башталган бир процесс натыйжасында материалисттер «эгер андай болсо бир Жаратуучунун бар экенин кабыл алуу керек болмок» деп айткан чындыкты, б.а. ааламдын бир башталышы бар экенин далилдеди. Бул чындык бир канча этап натыйжасында келип чыкты.

## Ааламдын кеңейиши

1920-жылдар заманбап астрономиянын өнүгүшү жагынан өтө маанилүү жылдар эле. 1922-жылы орус физик Александр Фридман Эйнштейндин жалпы салыштырмалуулук теориясы боюнча, ааламдын статикалык (туруктуу) бир түзүлүштө эмес экенин жана кичинекей эле бир реакциянын ааламдын кеңейишине же кысылышына себеп болоорун эсептеп чыкты. Фридмандын бул ачылышынын маанисин биринчи болуп байкаган

бельгиялык астроном Жорж Леметр болду. Леметр бул эсептөөлөргө таянып ааламдын бир башталышы бар жана ал башталыштан бери тынымсыз кеңейип жатат деп болжоду. Ошондой эле, бул башталгыч убактан калган радиацияны да аныктоого болот деди. Негизи Леметрден мурда, 1913-жылы америкалык астроном Весто Мелвин Слайфер (Vesto Melvin Slipher) башка бир изилдөө жасап жатып, бизге жакын жайгашкан кээ бир галактикалардын дүйнөдөн ылдам алыстап баратканын байкаган эле. Слайфердин бул ачылышы ааламдын кеңейип баратканын көрсөткөн биринчи ишарат эле. Бул илимпоздордун теориялык эсептөөлөрү ал кезде көп кызыгуу жараткан эмес. Бирок 1929-жылы байкоодон алынган далил илим дүйнөсүнө бомбадай түштү. Ал жылы California Mount Wilson байкоо үйүндө америкалык астроном Эдвин Хаббл (Edwin Hubble) астрономия тарыхынын эң чоң ачылыштарынын бирөөсүн жасады.

Хаббл башында алыстагы галактикаларды изилдөөнү жана алар чыгарган нурлар жөнүндөгү маалыматтарды колдонуп жылдыздардын кыймылын жана химиялык түзүлүшүн аныктоого аракет кылууну көздөгөн эле. Хаббл менен командасы алыскы галактикалардан келген нурларды бир-бирден анализ кылып, маанилүү ачылыштарды жасашты. Булардын биринчиси, галактикаларда эң көп кездешкен элменттердин суутек менен гелий болушу эле. Бул ачылыш мурдараак илимпоздор тарабынан айтылган маалыматтардын далили сыпатында эле жана илим дүйнөсү тарабынан кадыресе кабыл алынды. Хаббллдын экинчи ачылышы болсо илим дүйнөсүндө чоң таң калууну пайда кылды: Хаббл анализ кылган нурлардын баарынын кызылды көздөй жылганын аныктады.

Допплер эффекти деп аталган физика эрежеси боюнча, нур байкоочуну көздөй жакындап келе жатканда «кысылып», байкоочудан алыстап баратканда «узарат». Б.а. байкоо жасалган чекитти көздөй кыймылдаган нурлардын спектри кызгылт көктү көздөй, байкоо жасалган чекиттен алыстаган нурлардын спектри болсо кызылды көздөй жылат. (Байкоочудан алыстап бараткан бир поезддин үнүнүн барган сайын ичкериши сыяктуу.)

Демек Хаббл менен командасынын ачылыштары мындай мааниге келет эле: галактикалардын баары бизден алыстап баратышат, жана жылдыздар менен галактикалар бизден эле эмес, бир-биринен да алыстап баратышат. Алыстаган сайын ылдамдык да өсүп барат. Хаббл муну түшүндүргөн жана «Хаббл мыйзамы» деп аталган бир математикалык теңдеме да түздү. Бул теңдеме алыстагы галактикалардан чогултулган жаңы маалымат менен дагы бир жолу тастыкталды. Баары бир-биринен алыстап бараткан бир аалам «кеңейип бараткан» аалам деген жыйынтыкка алып барат. Бул болсо көп жылдар бою илим дүйнөсүндө өкүмчүлүк кылган жана материалисттер болгон күчү менен жактаган «аалам өзгөрбөс жана түбөлүктүү» деген көз-караштын кулашы деген мааниге келет. Ошондуктан Хаббллдын табылгаларына башында өтө каршы чыгылды. Хаббллдын табылгаларына болгон материалист жана атеист илимпоздордун реакциясын илимпоз Давид Филькин (David Filkin) *Stephen Hawking's Universe* (Стивен Хокингдин ааламы: ааламдын сырлары) аттуу китебинде мындайча сүрөттөйт:

> ***Кеңейип бараткан бир аалам –*** *өзгөрүлгүс, аягы жок жана түбөлүктүү бир аалам көз-карашын бекем тутунган* ***атеист илимпоздордун көпчүлүгү кабыл албай турган бир түшүнүк эле.*** *Кеңейип бараткан кандайдыр бир нерсенин өзгөрүлбөй турушу мүмкүн эмес эле. Ушул себептен Хаббллдын ачылыштарын көрмөксөн болуу же тоготпой коюу тенденциясы пайда болгон.*[3]

Бирок материалисттер Хаббллдын ачылыштарын көрмөксөн болууга канчалык аракет кылганы менен, кийинчерээк алынган жаңы табылгалар менен маалыматтар ааламдын кеңейип бараткандыгынын жокко чыгарылгыс бир чындык экенин далилдеди.

# Ааламдын кеңейип баратканы көрсөткөн чындык: Big Bang (Чоң жарылуу)

Хаббл тапкан аалам кеңейип баратат деген чындык кыска убакыт өткөн соң жаңы бир аалам моделин чыгарды. Аалам кеңейип бараткан болсо, анда убакытта артты көздөй барсак, алда канча кичинекей бир аалам, андан да ары барганда болсо «жалгыз бир чекит» гана калат.

Илимпоздор теориялык жактан жокко чыгара албаган бул жагдайды математикалык маалыматтар менен жокко чыгарабыз деп ойлошту. Оксфорд университетинен математик Роджер Пенроуз (Roger Penrose) Эйнштейн математикасын колдонуп ар кандай гипотезалар (допущения) үстүндө иштеди. Пенроуздун эмгектери материалисттердин тилегин таш каптырды, себеби математикалык теңдемелер гравитациялык күчтүн көп сандагы затты ичин көздөй чөктүрөөрүн жана бара бара тыгыздыгы жогорураак жана кичинекейирээк «жалгыз бир чекитке» барылаарын көрсөткөн.

Пенроуздун тапкандары Стивен Хокинг тарабынан алга жылдырылды. Роджер Пенроуз менен Стивен Хокинг математикалык жактан ааламдын «сингулярдык (жекелик) чекити» деп аташкан жалгыз бир чекиттен пайда болгонун далилдешти. Сингулярдык термини менен эмне айтылгысы келгенин *Дээрлик бүт нерсенин кыскача тарыхы* аттуу китебинде Билли Брайсон (Billy Bryson) төмөнкүчө сүрөттөйт:

> *... Себеби сингулярдыктан башка эч нерсе жок. Аалам кеңейип баштаган кезде чоңураак бир боштукту толтуруу үчүн сыртты көздөй жайылган болбойт. Бар болгон жалгыз нерсе – бул, аалам кеңейген сайын пайда кылган космос. Сингулярдыкты көз алдыңызда караңгы жана чексиз бир боштуктагы бир «кош бойлуу» чекит сымал элестетишиңиз табигый көрүнүш, бирок туура эмес. Себеби космос да жок, караңгылык да жок. Сингулярдыктын айланасында эч кандай айлана-чөйрө жок. Ал басып ээлей турган бир космос жок, ичинде тура турган бир жер жок. Канча убактан бери ал жерде турган, же кыска убакыт мурда укмуштуу бир пикирдей кокустан пайда болгонбу, же ээлтен бери ал жерде туруп, үн-сөзсүз ыңгайлуу убакты күтүп жаткан беле деп да сурай албайбыз. Убакыт жок. Убакытты пайда кыла турган бир өтмүш да жок. Мына ушундай бир жоктуктан ааламыбыз пайда болот.*[4]

Эсептөөлөр ааламдын бүт затын ичинде кармаган бул «сингулярдык чекиттин» укмуштуу бир тартылуу күчү себебинен **«нөл көлөмдө»** болоорун көрсөттү. Пенроуз менен Хокинг 1970-жылы жазган макаласында ааламдын нөл көлөмдөгү ушул «чекиттин» жарылышынан пайда болгонун айтып чыгышты. Тапкан теңдемелеринин тууралыгы башка эч бир альтернативдүү көз-карашка орун калтырган эмес. Ошентип **"Big Bang"** (Биг Бенг – Чоң жарылуу) деп аталган теория математикалык жактан да далилденди.

Биг Бенг көрсөткөн маанилүү бир чындык бар эле: нөл көлөм **«жоктук»** маанисине келгендиктен, аалам «жоктон» «бар» болгон эле. Бул болсо ааламдын бир башталышы бар деген мааниге келет жана натыйжада материализмдин «аалам чексиз мурдатан бери бар» деген гипотезасын жараксыз кылган. Бул жагдай материалист илимпоздор арасында өтө чоң талкууларга себеп болду. Космология профессору Андрей Линде (Andrei Linde) Биг Бенг теориясынан соң жооп берүү керек болгон суроолорду мындайча койгон:

> *Демейде, Биг Бенг теориясы ааламдын бүт бөлүктөрү кокустан (бир заматта) кеңейип баштаган деп кабыл алат. Бирок ааламдын бүт бөлүктөрү кантип бирдей кеңейип баштай алышкан? Буйрукту ким берген?*[5]

Линденин суроосунун жообу негизи апачык. Бир нерсенин «жоктон» «бар» болуп калышы бир гана чындыкты көрсөтөт: Жаратууну. Аллах затты жана бүт ааламды жоктуктан, бир гана «Бол» буйругу менен бар кылган. Бир Куран аятында Аллахтын улуу жаратуу күчү жөнүндө мындай деп айтылат:

> **Асмандарды жана жерди (өрнөксүз) жараткан. Ал бир иштин болушун кааласа, ага «Бол» деп гана айтат, ал ошол замат болуп калат. (Бакара Сүрөсү, 117)**

# Материалист илимпоздор эмне үчүн Биг Бенгди кабыл ала алышкан жок?

Биг Бенг теориясы аны колдогон далилдердин күчү себебинен кыска убакытта илим дүйнөсүндө кабыл алына баштады. Бирок материалисттик философияга жана ал философиянын пайдубалындагы «чексиз аалам» пикирине бекем туруунy каалаган кээ бир илимпоздор Биг Бенгге каршы тирешүүгө жана чексиз аалам пикирин сактоого аракет кылышты. Мындай аракеттин себеби алдыңкы материалист физиктерден Артур Эддингтондун *«философиялык жактан табияттын азыркы тартиби бир заматта башталган деген көз-караш мага жакпайт»*[6] деген сөзүнөн түшүнүктүү болуп турган. Б.а. материалист илимпоздор илимий максатта эмес, идеологиялык максатта туура эмес пикирди өжөрлөнүп жакташкан.

Биг Бенг теориясына каршы чыгуулар ар кандай түрдө айтылган. Мисалы, немец химик Вальтер Нернст (Walter Nernst) Биг Бенг теориясы жөнүндө пикири суралганда *«бул ачылыштарды кабыл алуу илимге кыянаттык болот»*[7] деген. Нернсттин бул сөздөр менен айткан тынчсызданyусу материализмге кыянаттык кылуу коркуусу гана эле. Себеби Нернст жана ал сыяктуу көз-караштагылар илимий ачылыштар Биг Бенгди эч талашсыз далилдесе да, илимге каршы чыгып, Биг Бенгди кабыл алгылары келген эмес. MIT (Massachusetts Institute of Technology)'ден физика профессору Филипп Моррисон (Phillip Morrison) BBC'де жарыяланган бир даректүү тасмада Биг Бенгди кабыл алуунун ага оор келгенин, аны жокко чыгарууну абдан каалаганын айткан.[8] Ааламдын туруктуу бир ылдамдык менен кеңейиши жөнүндө маанилүү ачылыштарды жасаган Carnegie байкоо үйүнөн Аллан Сэндидж (Allan Sandage) болсо тапкан ачылыштарынын аны өтө таң калтырганын *«бул тапкандарым чындык эмес болуш керек!»*[9] деп айткан.

*The New Yorker* жазма-авторлорунан Джим Холт (Jim Holt) "Big Bang Theology" аттуу макаласында да айткандай, *«Биг Бенг илим тарыхында Аллахтын жаратканын тастыктаганы үчүн кабыл алынбаган жалгыз көз-караш эле.»*[10] Белгилүү астрофизик Роберт Джастроу (Robert Jastrow) *God and the Astronomers* (Аллах жана астрономдор) аттуу китебинин "The Religion of Science" (Илимдин дини) аттуу бөлүмүндө Биг Бенг теориясы жөнүндө алынган бүт ачылыштарга карабастан, материалист илимпоздордун теорияны кабыл албай өжөрлөнүшүнүн себептерин изилдеген. Джастроу муну төмөнкүчө чечмелейт (Джастроу бул сөздөрүндө материалист илимпоздорду айткан.):

> *Мындай каршы чыгууларда өтө кызыктай сезимдер роль ойноодо... Илимпоздун ишеними белгилүү физика эрежелери жараксыз болгон жана таанылбаган күчтөрдүн бир продуктусу катары пайда болгон бир башталгычтын ачылышы менен бирге бузулду. Бул ишке ашканда илимпоз контролун жоготту. Эгер бул ачылыштардын чыныгы маанисин жакшылап анализ кылганда, толугу менен травма алмак. Бир травма учурунда болоор иш болду жана мээ ачылыштардын маанисине каршы чыкты... (Илимпоздор жагынан) Маселенин масштабын бир ойлоп көрүңүз.* ***Илим ааламдын белгилүү бир убакта пайда болгонун далилдеди... Андай болсо ааламдагы зат менен энергияны «Ким» же «Эмне» пайда кылды? Аалам жоктон пайда болгонбу?.. Бул жагдай дин аалымдарынан тышкары бүт баары үчүн күтүлбөгөн, таң калыштуу бир окуя болду...***[11]

Джастроудун бул жоромолу материалист илимпоздордогу таң калууну жана чарасыздыкты толугу менен ортого коюуда. Илимий бүт ачылыштар апачык тастыктаган бир чындык идеологиялык себептерден улам гана жокко чыгарылып, каршы пикир изденүүлөрү өжөрдүк менен улантылууда. Кээ бир илимпоздордун мындай мамилесин башка бир астрофизик Барри Паркердин (Barry Parker) төмөнкү сөздөрү сонун сүрөттөйт:

*Албетте, биздин да бир альтернативабыз бар. «Жаратылуу жок (аалам жаратылган эмес) жана аалам дайыма ушундай болгон» дей алабыз.* ***Бирок бул Жаратылууну кабыл алуудан алда канча оор бир альтернатива.***[12]

Материалист илимпоздор оор альтернативаны тандашты жана Жаратылуу чындыгын кабыл албай кежирленишти. Биг Бенг теориясына каршы чыгарылган теориялардын бири болгон «стационардуулук теориясы», илимий чындыктарга карабастан, ушул себептен көпкө чейин өжөрдүк менен жакталды.

# Биг Бенгге каршы чыгарылган стационардуулук теориясынын жараксыздыгы

Биг Бенг теориясынан тынчсыздангандардын башында англис астроном Сэр Фред Хойл (Sir Fred Hoyle) турган. Хойл 20-кылымдын ортолорунда "steady-state" (туруктуу абал) аттуу 19-кылымдагы түбөлүктүү аалам көз-карашынын уландысы болгон бир аалам моделин чыгарды. Хойлдун модели боюнча, аалам кеңейген сайын зат керектүү санда, кокустан, өзүнөн-өзү пайда болуп баштайт. Негизи Хойл менен командасы чыгарган теориянын ичинде көптөгөн карама-каршылыктары бар болуп, эң негизгиси кийинчерээк бул теорияны жер менен жексен кыла турган жаңы өнүгүүлөргө шарт түзгөн.

Хойл ааламдагы бүт затты түзгөн кээ бир химиялык элементтердин толук кантип пайда болгонун түшүндүрүүнү каалаган. Жылдыздардын да төрөлүү жана өлүм убактары бар жана өмүр бою бүт химиялык элементтерди чыгарышат деген. Бул көз-караш боюнча жылдыздар космостогу суутек атомдорунун тартылуу күчү менен бара бара чоңураак тоголокко айланып пайда болушат. Тоголоктор чоңойгон сайын тартылуу күчүнүн ичти көздөй басымы күчөп, аягында бул басым ушунчалык жогорулагандыктан, суутек атомдорунун кээ бирлери бир-биринин ичине кирип гелийди пайда кылат. Мындай айлануу тынымсыз уланып, жылдыз андан кийинки эң оор элементти пайда кыла турган жарылууларга туш болот. Мындай кысылуу жана жарылуу процесси темирге чейинки көптөгөн жеңил элементтин өндүрүшүнө чейин уланып, аягында ысык темирден турган бир борбор калат.

Бул этап жылдыз жарык чыгарууну уланткан жана ак карлик деп аталган этап болот. Жылдыз жарык чыгарбаган муздак темир бир массага айланганда болсо күрөң карлик деп аталган этапка өтөт. Бир жылдыздын бул акыркы калдыгы, эгер башка заттардын тартылуу күчүнөн келип чыккан бир сүзүшүү натыйжасында жок болбосо, ушундай абалда космосто кала берет эле.

Чоң жылдыздарда болсо тартылуу күчүнүн чоңдугуна жараша жылдыздын өмүрү бүтүп жатканда бүт оор элементтер пайда боло турган жогорку температуралар менен басымдар пайда болот эле. Бул этапта чоң ысык жана жаркыраган чаң булуту сапырылып, пайда болгон элементтерди эң алыстарга чейин жайат.

**Хойл менен командасынын бул көз-караштары байкоолор тарабынан тастыкталганда, бир саамга илим чөйрөлөрү аалам түбөлүктүү деген көз-караш да колдоо тапты деп ойлошту. Чындыгында болсо, бүт элементтердин жашоо циклинде суутектен пайда болгонун айткан Хойл теориясы жооп бере албаган өтө маанилүү бир суроо бар эле: бүт элементтердин негизи болгон жана жылдыздарды түзгөн суутек башында кантип пайда болгон?** Себеби суутекти пайда кылуу үчүн укмуштуудай жогорку температуралуу бир жарылуу керек эле. **Хойл эске албаган бул маанилүү суроого берилген илимий жооп материалисттердин үмүтүн дагы бир жолу таш каптырды.**

# Биг Бенгдин жаңы далилдеринен реликтилик (космостук калдык) радиация

Хойл 1940-жылкы бир сөзүндө *Эгер аалам ысык бир Биг Бенг менен баштаган болсо, анда бул жарылуунун бир калдыгы болушу керек. Мага бул Биг Бенгдин бир фоссилин (калдыгын) тапкыла.»* деген. Материалисттер менен Фред Хойл табылбайт деп ойлогон фоссил көп өтпөстөн табылды.[13]

1948-жылы физик Георгий Гамов Биг Бенгдин издерин табуу үчүн жаңы бир гипотеза чыгарды. Алгачкы жылдыздардын ортого чыгышы үчүн керектүү суутектин пайда болушун Биг Бенгдин укмуштуу жогорку бир температураны пайда кылышы менен түшүндүрүү мүмкүн эле. Эски галактикалардын издеринен алынган ачылыштар Чоң жарылуу учурунда 80% суутек менен 20% гелийдин пайда болгонун көрсөткөн. Андай болсо бул элементтерди пайда кылган жогорку температуранын радиациясы (таралуусу) арадан миллиарддаган жыл өткөнү менен, дагы эле бар болушу керек эле. Аалам үйлөнгөн шар сыяктуу бүт тарапты көздөй кеңейген болсо, демек төмөн деңгээлдеги бир реликтилик (байыркыдан калган) радиация бүт тарапты көздөй тараган болушу керек эле жана муну аныктоо зарыл эле. Бул из көп өтпөстөн табылды, ошентип Хойл эч табылбайт деп ойлогон фоссил колго киргизилди.

1965-жылы Арно Пензиас жана Роберт Уилсон аттуу эки изилдөөчү мындай толкундарды, негизи аларды издебегенине карабастан, табышты. **«Реликтилик (космостук калдык) радиация»** деп аталган бул радиация космостун белгилүү бир жагынан келген радиациядан башкача эле. Укмуштуудай бир-багыттуу эле. Башкача айтканда, жергиликтүү, белгилүү бир булактан чыккан эмес эле, жана ааламдын бүт тарабына тараган бир радиация эле. Ошентип көп убактан бери ааламдын бүт тарабынан бирдей көлөмдө алынган жылуулук толкунунун Биг Бенгдин алгачкы доорлорунан калган калдык экени аныкталды. Болгондо да, бул чоңдук илимпоздор мурда эсептеген чоңдукка өтө жакын эле. Пензиас менен Уилсон Биг Бенгдин бул далилин эксперименттик жол менен биринчи көрсөткөн кишилер болгону үчүн Нобель сыйлыгына ээ болушту.

1989-жылга келгенде болсо Джордж Смут менен НАСА командасы Космостук калдыкты аныктоо спутнигин (COBE-Cosmic Background Explorer) космоско жөнөтүштү. Бул спутникке орнотулган сезгич сканерлердин Пензиас менен Уилсондун өлчөөлөрүн тастыкташы сегиз мүнөттү гана алды. Жыйынтыктар сканерлердин ааламдын башталышындагы Чоң жарылуунун ысык, тыгыз абалынын калдыктарын көрсөткөнүн далилдеди. Космостук калдык радиациясын куралсыз көз менен көрүү мүмкүн эмес эле, бирок бүт ааламды ороп турат жана көз жеткен бүт тарапта бар эле. Эгер бул толкундарды көрө алганыбызда, бүт асмандын бүт тараптан бирдей жаркырап турганына күбө болмокпуз.

1992-жылы Джордж Смут COBE'ден келген маалыматтарда байкаган бир нерсе Биг Бенгдин тууралыгын жана «туруктуу абал теориясынын» туура эместигин дагы бир жолу далилдеди. Пензиас менен Уилсондун ачылышынан соң туруктуу абал теориясынын жактоочулары жаңы бир көз-караштды айтып чыгышкан эле. Космостук калдык радиациясынын өтө «жылмакай» экенин, чоң бир жарылуудан соң галактикалар пайда болушу үчүн болсо космостук калдык радиациясында өзгөрүүлөр, б.а. бир аз жылуулук айырмачылыктары болушу керек экенин айтышкан. Мындай жылуулук айырмачылыктары табылмайынча, космостук калдык радиациясы Биг Бенгдин далили боло албайт дешкен. 1992-жылы Джордж Смут «туруктуу абал теориясынын» жактоочулары табылышы керек деген ушул жылуулук айырмачылыгын байкаган эле. 1992-жылы COBE жөнөткөн маалыматтар менен мурдакы аалам картасы арасында өтө кичине айырмачылыктар бар эле. Сүрөттөгү детальдар жакшылап анализденди. Калдык радиациясында өтө аз бир жылуулук айырмачылыктары бар экени компьютерде даярдалган карталарда көз алдыга тартууланды. Мисалы, космостун белгилүү аймактары 2,7251 Кельвин, кээ бирлери болсо 2,7249 Кельвин эле. Бул маалыматтар менен Биг Бенг дагы бир жолу илимий ачылыш жана байкоолор тарабынан тастыкталды.

Көп илимпоздор COBE'ден алынган маалыматарды Бин Бенгдин толук тастыкталышы деп жоромолдошту. Нобель сыйлыгынын лауреаты, химия профессору Генри Ф. Шефер "Stephen Hawking, The Big Bang and

God" (Стивен Хокинг, Биг Бенг жана Аллах) аттуу макаласында COBE'дин изилдөө жыйынтыктары жарыяланганда болуп өткөндөрдү төмөнкүчө баяндайт:

> *1992-жылы COBE'ден келген жыйынтыктар дүйнөнүн төрт тарабындагы бүт гезиттердин башкы беттеринен орун алды. London Times, New York Times сыяктуу гезиттер Lawrence-Berkeley лабораториясындагы команданын башчысы Джордж Смуттун бир жоромолун колдонушту: «Бул Теңирдин жаратуусунун далилдерин кароо сыяктуу бир нерсе.» Бул сөз бүт коомчулуктун көңүлүн өзүнө бурду. Бир жоромол болсо илим тарыхчысы Фредерик Бернхамдан келди. «Бул жыйынтыктар Теңир ааламды жараткан деген көз-карашты 100 жыл мурдакыдан такыр башка бир абалга алып келди.»*[14]

Биг Бенгдин дагы бир маанилүү далили болсо космостогу суутек менен гелий газдарынын көлөмү болду. Бүгүнкү күндө жасалган өлчөөлөрдөн ааламдагы суутек-гелий газдарынын катышынын Биг Бенгден калган суутек-гелий катышынын теориялык эсептөөлөрүнө дал келээри аныкталды. Эгер аалам, бир башталышы болбостон, чексиз мурдатан бери турган болгондо, ааламдагы суутек толугу менен күйүп гелийге айланмак.

Булардын натыйжасында Биг Бенг илим дүйнөсү тарабынан толук кабыл алынды. *Scientific American* журналынын 1994-ж. октябрь айындагы санында жарыяланган бир макалада айтылгандай, аалам тынымсыз, белгилүү тартипте кеңейип баратат жана Биг Бенг модели азыркы кылымдын кабыл алынган жалгыз модели.

Фред Хойл менен бирге көп жылдар бою туруктуу абал теориясын жактаган англис илимпоз Деннис Скиама Биг Бенгди далилдеген мынча далилдер алдындагы абалын төмөнкүдөй баяндайт:

> *Туруктуу абал теориясын жактагандар менен аны текшерген (тест кылган) жана менимче аны жыгууну көздөгөн байкоочулар арасында бир кездерде өтө күчтүү талаш бар эле. Ал кезде мен да бир роль ойногом.* ***Себеби чындык экенине ишенгеним үчүн эмес, чындык болушун каалаганым үчүн «туруктуу абал» теориясын жактаганмын.*** *Теориянын жараксыздыгын көрсөткөн далилдер чыгып баштаганда Фред Хойл ал далилдерди тосуп алууда лидер ролду аркалады. Мен да ага көмөкчү болуп, бул душманча далилдерге кантип жооп берүүгө болоору жөнүндө ой жүгүртчүмүн.* ***Бирок далилдер чогулган сайын, эми оюндун бүткөнү жана туруктуу абал теориясын бир тарапка таштоо керек экени анык боло баштады.***[15]

COBE алган маалыматтар кийинчерээк башка изилдөөлөр тарабынан да тастыкталды. Булардын бири 1998-жылдын аяктарында абага көтөрүлгөн *BOOMERANG* (Balloon Observations of Millimetric Extragalactic Radiation and Geophysics – Геофизикалык жана галактика сыртындагы радиацияны миллиметрдик байкоо үчүн балон) аттуу байкоо балонунан 2000-жылы алынган жыйынтыктар эле. Антарктика үстүндө 37 миң метр бийиктикте сапар кылган жана сезгич телескопторду көтөргөн балон космостук калдык радиация жөнүндө өтө терең жана так маалыматтарды алууга шарт түздү. Boomerang'дагы аппараттар бир даражанын 100 миллиондон бириндей микро-чоңдуктардагы температура айырмачылыктарын да аныктай ала турган тактыкта эле. Жана алынган жыйынтыктар Биг Бенг теориясынын тууралыгын дагы бир жолу далилдеп, илимпоздорго ааламыбыздын алгачкы доорлору жөнүндө тереңирээк маалымат алуу мүмкүнчүлүгүн берди. Boomerang'дан алынган маалыматтардын Биг Бенгди тастыктаганын алынган жыйынтыктарды анализдеген илимпоздордун бири Чикаго университетинен Майкл Тернер мындайча айтат:

> *Биг Бенг теориясы менен Эйнштейндин жалпы салыштырмалуулук теориясы өтө чоң бир тесттен ийгиликтүү өттү.*[16]

# Биг Бенгдин жеңиши

Бүт бул ачык далилдер Биг Бенг теориясынын илим дүйнөсүндө толук кабыл алынышына шарт түздү. Биг Бенг модели илимдин ааламдын пайда болушу жана башталышы жөнүндө жеткен акыркы чеги эле.

Калифорния университетинен профессор Джодж О. Абель бул чындыкты мындайча мойнуна алат:

> *Бүгүнкү колдогу далилдер ааламдын миллиарддаган жыл мурда Биг Бенг менен башталганын көрсөтүүдө. Биг Бенг теориясын кабыл алуудан башка жолубуз жок.*[17]

Биг Бенгдин бул жеңиши менен бирге материалисттик догманын негизи болгон «башталышы жок зат» түшүнүгү да тарых болуп калды. Андай болсо Биг Бенгден мурда эмне бар эле жана **«жок»** ааламды бул Чоң жарылуу менен **«бар»** кылган күч эмне эле? Албетте, бул суроонун жообу улуу кудуреттүү бир **Жаратуучу**нун, б.а. Улуу Аллахтын бар экенин дагы бир жолу көрсөтүүдө. Белгилүү атеист философ Энтони Флю бул жөнүндө мындай дейт:

> *Бир нерсени моюнга алуу адам рухуна пайдалуу дешет. Мен да бир нерсени мойнума алам: учурдагы космологиялык консенсус (Биг Бенг модели) бир атеист үчүн өтө азаптуу нерсе. Себеби илим диний булактар тарабынан жакталган бир көз-караашты далилдеди: «ааламдын бир башталышы бар» деген көз-караашты. Ааламдын бир аягы менен башталышы жок экенин кабыл алганыбызда гана, ааламдын учурдагы абалын абсолюттук деп айта алабыз. Мен дагы эле ушуга ишенем, бирок муну Биг Бенгдин алдында жактоонун көп оңой нерсе эмес экенин мойнума алышым керек.*[18]

Өзүн атеист болууга кежирлик менен мажбурлабаган көптөгөн илимпоздор болсо ааламдын жаратылуусунда чексиз кудуреттүү Аллахтын бар экенин кабыл алышты. Аалам илими жөнүндө маанилүү эмгектерди жасаган белгилүү математик Роджер Пенроуз мындай дейт:

> *... Бирок ааламдын сөзсүз бир максаты бар экенин көрсөткөн бир нерсе бар: ал ааламдын кокустан ал жерде турбашы. Кээ бир адамдардын оюу боюнча, «аалам ошол жерде гана турат.» Ошондой бойдон тура берет. Биз болсо кокустан ал нерсенин ичинде пайда болуп калдык. Бул көз-караштын ааламды түшүнүшүбүздө өтө натыйжалуу же көмөкчү болооруна ишенбейм. Менимче аалам менен анын бар болушунун астында бүгүн али биз көп сезе албаган алда канча терең бир нерселер жашырылган.*[19]

# WMAP спутниги Биг Бенгди дагы бир жолу далилдеди

2001-жылы космоско жөнөтүлгөн жана 2003-жылы эң анык натыйжалардын алынышына шарт түзгөн WMAP (Wilkinson Microwave Anisotropy Probe) спутниги да Биг Бенгдин тууралыгын тастыктады жана өтө маанилүү жаңы маалыматтардын алынышына шарт түздү. *Science* журналы WMAP спутнигинен алынган маалыматтарга таянып жасалган изилдөөлөрдү 2003-жылдын эң маанилүү илимий ачылыштары деп тандады.[20] Илимпоздордун көпчүлүгүнүн орток пикири боюнча, WMAP жөнөткөн маалыматтар космологияда бир бурулуш болмокчу.

WMAP тарабынан картасы түзүлгөн космостук калдык 13 миллиард жыл мурдакы убакка тиешелүү эле. WMAP ааламыбыздын 390 000 жаштагы абалын аныктады. Бул калдыктан алынган маалыматтар галактикалар кантип пайда болгону жөнүндөгү көп суроолордун жооптолушуна шарт түздү. WMAPтын расмий сайтынын башкы бетинде жүргүзүлгөн изилдөөлөрдүн мааниси жөнүндө мындай деп айтылат:

> *WMAP – бүт ааламдагы космостук калдык радиациясын эч теңдешсиз тактыкта өлчөөнү көздөгөн бир НАСА аныктоочу спутниги. Биг Бенгден калган радиацияга тиешелүү бул сүрөт ааламдын тагдыры жана башталышы жөнүндөгү негизги суроолорго жоопторду сунууда.*[21]

COBE'деги техникалык каражаттардын сезгичтиги төмөнүрөөк болгондуктан, ааламдагы космостук калдык радиациянын картасы жалпысынан эле түзүлгөн эле. WMAP спутниги болсо толугу менен Биг Бенгден калган космостук калдык радиацияны өлчөө үчүн долбоорлонду жана жөнөтүлдү.

WMAPдеги өтө алдыңкы аппараттар космостук калдык радиация картасын алда канча детальдуу чыгарды жана аалам жөнүндө көп тармакта анык маалыматтарга жетүүгө шарт түздү. Бул маалыматтар, мындан тышкары, ааламдын кеңейүү ылдамдыгы, курамы, тыгыздыгы сыяктуу эң негизги мүнөздөмөлөр жөнүндөгү көп талаш маселелерге да анык жоопторду берди.

WMAP берген кээ бир маалыматтар төмөнкүдөй:

*-Аалам 13,7 миллиард жашта. Мында ката үлүшү 1%дын тегерегинде. Космостун жашы мурда 15-20 миллиард жыл деп болжолдонуп келген.*

*-Алгачкы жылдыздар Биг Бенгден 200 миллион жылдан кийин жаркырап баштаган. Бул илимпоздорду таң калтырган өтө эрте бир убакыт.*

*-Ааламдын түзүлүшүндө анын курамын 4% атом (катардагы заттар), 23% белгисиз кара зат, 73% белгисиз кара энергия түзөт. Бул жаңы өлчөөлөр анти-тартылуу сымал бир кызматты аткарган кара энергиянын түзүлүшү жөнүндө да маанилүү маалыматтарды алууга шарт түзөт.*[22]

Илимпоздор бул маалыматтар *«Биг Бенг жана ааламдын кеңейиши теорияларын колдойт жана бекемдейт»* дешүүдө.[23] **WMAP** командасынын мүчөлөрүнөн Принстон университетинен профессор Дэвид Н. Спердж (David N. Sperge) болсо изилдөөлөрдүн жыйынтыктары жөнүндөгү пикирлерин мындайча билдирген:

*Бул ааламдын алгачкы доору жөнүндөгү изилдөөлөрүбүз үчүн жапжаңы бир башталыш. Алынган бул сүрөттү Биг Бенгдин алгачкы кездерин түшүнүү үчүн колдоно алабыз.*[24]

# Биг Бенг талаштарына акыркы чекитти койгон ачылыштар

Англис, австралиялык жана америкалык илимпоздордон турган эки өзүнчө изилдөө тобу көп жылга созулган изилдөөлөрүндө жалпысынан болжол менен 266 000 галактиканын 3 өлчөмдүү кылып картасын түзүштү. Галактиканын таралышы жөнүндө чогулткан маалыматтарды ааламдын бүт тарабына тараган космостук калдык радиациясы маалыматтарына салыштырган илимпоздор галактикалардын келип чыгышы жөнүндө маанилүү маалыматтарды алышты. Изилдөөлөрдү жоромолдогон изилдөөчүлөр галактикалар Биг Бенгден 350 000 жылдан кийин пайда болгон заттын салыштырмалуу көбүрөөк чогулган аймактарда пайда болгон жана тартылуу күчүнүн таасири натыйжасында формага түшкөн деген жыйынтыкка барышты. Бул ачылыштар Биг Бенг теориясына дагы бир жаңы далилди сунду.

Австралиянын New South Wales штатындагы Англия-Австралия Орток байкоо үйүндө он жылга созулган изилдөөдө болжол менен 221 000 галактиканын космостогу абалдары үч өлчөмдүү бир картага түшүрүү ыкмасы менен аныкталды. Байкоо үйүнүн 3,9 метр диаметрлүү телескобун колдонуу менен жасалган картага түшүрүү иши мурдакы эмгектерден эң аз он эсе масштабдуу эле.[25] Байкоо үйү башчысы доктор Метью Коллесс (Dr. Matthew Colless) башчылык кылган илимпоздор тобу алгач галактикалардын бир-бирине карата абалдарын, араларындагы аралыктарды аныкташып, андан соң галактикалардын таралуу формасын модельдеп ал модельдердеги кичине айырмачылыктарды терең анализдешти.

АКШнын Нью-Мексико штатындагы Apache Point байкоо үйү тарабынан жасалган ушул сыяктуу иште болсо –космостун башка бир аймагындагы- болжол менен 46 000 галактиканын абалдары ушул сыяктуу үч өлчөмдүү картага түшүрүлдү жана таралуулары анализ кылынды. 2,5 метр диаметрлүү Sloan телескобу колдонулган изилдөөнүн башчылыгын Аризона университетинен Даниэль Эйзенштейн жүргүздү.[26]

Эки топ тең алган жыйынтыктарын Сан-Диегодо уюштурулган Америка астрономия уюмунун кышкы чогулушу учурунда 2005-жылдын 11-январь күнү жарыялашты. Коллесс менен Эйзенштейндин командалары галактикалар арасындагы аралыктардын айырмачылыктары менен космостук калдык радиациясында байкалган айырмачылыктар арасында дал келүүчүлүктү аныкташты. Натыйжада галактикалардын заттын Биг Бенгден 350 000 жылдан кийин пайда болуп бир аз тыгызыраак топтолгон аймактарында түзүлүп башталганы белгилүү болду.

Бул эмгектерде алынган жыйынтыктар Биг Бенг теориясын андан да бекемдеди. Др. Каннон бул колдоону мындайча баса белгиледи:

*Изилдөө ааламдын келип чыгышы жөнүндө Биг Бенг теориясына маанилүү колдоо болду. Көп убактан бери ааламды түшүндүрүүдө эң жакшы теориянын Биг Бенг экенин; ааламдын өтө кичинекей бир чекитте өтө чоң бир жарылуу менен башталганын жана жарылуудан бери тынымсыз кеңейип жатканын билчүбүз. Эми болсо өтө ишенимдүүлүк менен бул негизги пикир туура деп айта алабыз. Жана бул боюнча бүт нерсе оңой гана өз ордун табат.*[27]

# Куранда 14 кылым мурда кабар берилген чындыктар

Бул жерге чейинкилерди жыйынтыктасак, астрофизиканын талашсыз бүтүмү боюнча, бүт аалам зат жана убакыт чен-өлчөмдөрү менен бирге, бир нөл көз ирмеминде чоң бир жарылуу менен (Big Bang – Биг Бенг) пайда болгон. Биг Бенгден мурда зат деген нерсе жок эле. Зат, энергия, ал тургай, убакыт да болбогон, толугу менен метафизикалык деп атоого мүмкүн болгон бир жоктук шарттарында зат, энергия жана убакыт пайда болгон. Заманбап физика 20-кылымдын аягына жакын гана жеткен бул улуу чындык Куранда бизге 14 кылым мурда кабар берилген:

**Асмандар менен жерди бир өрнөк албастан жараткан... (Энъам Сүрөсү, 101)**

Белгилүү болгондой, Биг Бенг теориясы башында ааламдагы бүт заттардын чогуу болгонун жана кийин бөлүнүшкөнүн көрсөттү. Биг Бенг теориясы көрсөткөн бул чындык болсо мындан толук 14 кылым мурда адамдардын аалам жөнүндөгү маалыматы өтө чектүү кезде Куранда төмөнкүчө айтылган:

**Ал каапырлар билишпейби, (башында) асмандар менен жер бири-бирине бириккен болчу, Биз аларды бөлдүк жана бүт жандыктарды суудан жараттык. Дагы эле алар ишенишпейби (ыйман келтиришпейби)? (Анбия Сүрөсү, 30)**

Теманын башында да айтылгандай, «ааламдын кеңейиши» Чоң жарылуу теориясынын, б.а. ааламдын жоктон жаратылгандыгынын эң негизги далилдеринин бири. Аалам жаратылгандан бери тынымсыз уланып келген жана заманбап илим тарабынан 20-кылымда гана аныктала алган бул окуядан мындан 14 кылым мурда жөнөтүлгөн Куранда төмөнкүчө сөз кылынат:

**Биз асманды «улуу бир кудурет менен» курдук жана күмөнсүз, Биз (аны) кеңейтүүчүбүз. (Зарият Сүрөсү, 47)**

# Тартип алып келген жарылуу

Негизи Биг Бенг атеисттер менен материалисттерге жараткан маселе атеист философ Энтони Флюнун жогоруда мойнуна алганынан бир топ чоң. Себеби Биг Бенг ааламдын жоктон пайда кылынганын эле эмес, ошол эле учурда өтө пландуу, тартиптүү жана контрольдуу пайда кылынганын да көрсөтүүдө.

Мунун себеби – бир жарылуу болгон Биг Бенгден соң ааламда өтө тартиптүү бир түзүлүштүн келип чыгышы. Негизи жарылуулар тартип пайда кылышпайт. Биз көргөн бүт жарылуулар бар болгон тартипти бузуп, талкалайт жана жок кылат. Мисалы, атом жана суутек бомбаларынын жарылышы, вулкандык жарылуулар, табигый газдын жарылышы, күндөгү жарылуулар... Кандай гана жарылууну карабайлы, сөзсүз кыйратуучу натыйжаларга себеп болгонун көрөбүз.

Бирок, бир жарылуудан соң өтө детальдуу бир тартип пайда болгон болсо, анда ал жарылуунун артында бир акыл, бир кийлигишүү бар, жана жарылуу менен бирге чачыраган бүт бөлүкчөлөр чындыгында өтө контрольдуу кыймылдатылган деген жыйынтыкка барабыз.

Биг Бенг теориясына көп жылдар бою каршы чыккан Сэр Фред Хойлдун сөздөрү дал ушул жагдайды айтат:

> *Биг Бенг теориясы ааламдын жалгыз жана чоң бир жарылуу менен башталганын кабыл алат. Бирок биз билген бүт жарылуулар затты чачыратат жана тартибин бузат. Ал эми Биг Бенг болсо өтө табышмактуу болуп тескери бир натыйжа алып келген. Затты бир-бири менен бириге турган жана галактикаларды түзө турган абалга алып келген.*[28]

Хойл Биг Бенгдин тартипти пайда кылышын парадоксалдуу деп айтканда, албетте, Биг Бенгди материалисттик бир стереотип менен жоромолдогон, б.а. аны бир «контрольсуз жарылуу» деп караган. Чындыгында болсо, жаратуучубуз Аллахтын бар экенин кабыл албаш үчүн ушундай сөздү айтып, парадоксалдуу абалга түшкөн өзү болгон. Себеби, жарылуунун натыйжасында өтө улуу бир тартип пайда болгон болсо, анда «контрольсуз жарылуу» пикирин бир тарапка таштап, жарылуунун өтө контрольдуу болгонун кабыл алуу керек болот.

Мындай тартип Биг Бенгден кийинки ар бир этапка тиешелүү. Биг Бенгдин натыйжасында пайда болгон зат бүгүнкү күндө «субатомдук бөлүкчөлөр» деп аталган бөлүкчөлөр болгон. Бирок алар өтө тартиптүү биригишип атомдорду пайда кылышкан, болгондо да ааламдын бүт тарабында жана бардык бөлүгүндө. Улуу бир тартип менен түзүлгөн ал атомдор ааламдын белгилүү аймактарында чогулуп, галактикаларды пайда кылышкан. Ал галактикалардын ичинде жылдыздар, жылдыздардын айланасында болсо жылдыз системалары менен планеталар пайда болгон. Бүт бул ири асман телолору кереметтүү даражада тартиптүү. Ааламда болжол менен 300 миллиард галактика бар экенин жана алардын ар биринин ичинде болжол менен 300 миллиарддай жылдыз бар экенин ойлосок, бул тартип менен тең салмактуулуктун канчалык кереметтүү экенин жакшыраак түшүнө алабыз.

# Өтө так тең салмактуулуктар

Биг Бенгден соң ааламда пайда болгон мындай кереметтүү тартиптин башка бир тарабы болсо – бул **«жашоого ыңгайлуу бир ааламдын»** пайда болгондугу. Жашоого мүмкүн болгон бир планетанын пайда болушу үчүн керектүү шарттар ушунчалык көп болгондуктан, алардын кокустуктар натыйжасында пайда болгонун ойлоо мүмкүн эмес.

Белгилүү теориялык физика профессору Пол Дэйвис (Paul Davies) Биг Бенгден кийинки кеңейүү ылдамдыгынын канчалык «өтө так жөнгө салынганын» эсептеп, таң калыштуу бир жыйынтыкка жеткен. Дэйвистин ою боюнча, Биг Бенгден кийинки кеңейүү ылдамдыгы эгер миллиард жолу миллиарддык эле башкачараак болгондо, жашоого мүмкүн болгон бир жылдыз тиби пайда боло алмак эмес жана ааламда жашоо болмок эмес:

*Эсептөөлөр ааламдын кеңейүү ылдамдыгынын өтө критикалуу экенин көрсөтүүдө. Эгер аалам бир азга эле жайыраак кеңейсе, тартылуу күчү себебинен өз ичине чөгүп кетет, бир аз эле ылдамыраак кеңейсе, космостук материал толугу менен чачырап кетмек. Бул эки кырсыктын арасындагы тең салмактуулук канчалык «жакшы эсептелген» деген суроонун жообу өтө кызык. Эгер IS убагында (жарылуу ылдамдыгы белгилүү болгон кезде) жарылуу ылдамдыгы чыныгы ылдамдыгынан* $10^{18}$ *челик эле башкачараак болгондо, бул керектүү тең салмактуулукту жок кылууга жетмек. Ошондуктан ааламдын жарылуу ылдамдыгы кереметтүү тактыкта белгиленген. Ушул себептен Биг Бенг кандайдыр бир жарылуу эмес, бүт тараптан өтө жакшы эсептелген жана тартипке салынган бир окуя.*[29]

Ааламдагы бул керемет тең салмактуулук илимий бир журналда мындайча айтылат:

*Эгер аалам затыбыздын тыгыздыгы бир азга чоңураак болгондо, анда Эйнштейндин Жалпы салыштырмалуулук теориясы боюнча, аалам атомдук бөлүкчөлөрдүн бир-бирин тартуу күчүнөн улам эч кеңейе алмак эмес жана кайра кичирейип бир чекитчеге айланмак. Эгер тыгыздык башында бир азга азыраак болгондо, анда аалам өтө ылдам кеңеймек, бирок атомдук бөлүкчөлөр бир-бирин тартып кармай алмак эмес жана жылдыздар менен галактикалар эч качан пайда болмок эмес. Албетте, биз да болмок эмеспиз! Эсептөөлөр боюнча, ааламыбыздын башталгычтагы чыныгы тыгыздыгы менен пайда болушу мүмкүн болбогон критикалуу тыгыздыгы арасындагы айырма жүздөн бирдин бир квадрильонунан да аз. Бул бир калемди ийненин учуна бир миллиард жылдан соң да тура ала тургандай кылып жайгаштырууга окшошот... Болгондо да, аалам кеңейген сайын бул тең салмактуулук андан да кылдатыраак болууда.*[30]

Стивен Хокинг болсо *Убакыттын кыска тарыхы* аттуу китебинде кеңейүү ылдамдыгындагы тең салмактуулукту төмөнкүдөй түшүндүрөт:

*Ааламдын кеңейүү ылдамдыгы ушунчалык критикалуу бир чекитте; Биг Бенгден кийинки биринчи секундада бул чоңдук эгер жүз миллион жолу миллиондон бирге кичинерээк болгондо, аалам азыркы абалына келе албастан өз ичине чөкмөк.*[31]

Пол Дэйвис бул өтө кызыктуу жагдай жөнүндө мындай дейт:

*Өтө кичинекей сандык өзгөрүүлөргө сезгич болгон ааламдын учурдагы түзүлүшүнүн өтө кылдат бир аң-сезим тарабынан пайда кылынганына каршы чыгуу абдан кыйын... Табияттын эң негизги тең салмактуулуктарындагы өтө так сандык тең салмактуулуктар космостук бир пландын бар экенин кабыл алуу үчүн абдан күчтүү бир далил.*[32]

Бул чындык жөнүндө америкалык астрономия профессору Джордж Гринштейн болсо *The Symbiotic Universe* аттуу китебинде мындай деп жазат:

*Далилдерди изилдеген сайын, маанилүү бир чындыкка кайра кайра туш болобуз. (Ааламдын пайда болушунда) бир табияттан жогору акыл –же болбосо Акыл- кийлигишкен болушу керек.*[33]

Жыйынтыктасак, ааламдагы кереметтүү системаны изилдегенде, ааламдын пайда болушу менен иштешинин кокустуктар менен түшүндүрүүгө мүмкүн эмес даражада комплекстүү тартип менен кылдат тең салмактуулуктарды камтыганын көрөбүз. Апачык көрүнүп тургандай, бул кылдат тең салмактуулук менен назик пландын укмуштай чоң бир жарылуудан соң өзүнөн-өзү жана кокустан пайда болушу эч мүмкүн болмок эмес. Биг Бенгдей бүт ааламдын заты менен энергиясын ачыкка чыгарган бир жарылуудан соң мындай тартиптин пайда болушу ар бир көз ирмеминин пландуу контрольдонушу менен гана мүмкүн. Бул болсо ааламдын жоктон бар кылган жана анын ар бир көз ирмемин контрольдоп, башкарган Аллахтын жаратуусу.

# Жаратылуу чындыгына каршы айтылган пикирлер жана алардын жараксыздыгы

Бул жерге чейин каралгандай, Биг Бенгдин аалам жоктон бар кылынган деген мааниге келээри, б.а. Жаратууну далилдеши анык. Ушул себептен материалисттик философияны кабылдаган астроном жана физиктер бул чындыкка каршы чыгуу үчүн өз ойлорунда кээ бир альтернативдүү түшүндүрмөлөрдү чыгарууга аракет кылышкан. Булардын бири болгон «туруктуу абал теориясы» - «аалам жаратылган деген көз-караштан философиялык жактан тынчсызданган» бир катар илимпоздордун үмүтсүз бир аракети.

Материалисттер чыгарган дагы эки альтернатива болсо – Биг Бенгди кабыл алган, бирок Биг Бенгди Жаратуудан тышкары чечмелөөгө аракеттенген модельдер. Булардын биринчиси «ачылып-жабылуучу аалам модели», экинчиси болсо «кванттык аалам модели». Эми кезеги менен бул теорияларды жана алардын эмне үчүн жараксыз экенин карайлы.

**Ачылып-жабылуучу аалам модели** Биг Бенгди ааламдын башталышы катары кабыл алууга эч чыдай албаган астрономдор тарабынан чыгарылган. Бул модельде аалам Биг Бенгден соң кайрадан өз ичине чөгүп жалгыз чекитке чогулат, анан кайрадан жарылып ачылат, кайра жабылат жана бул айлампа түбөлүк улана берет деп айтылат. Ошондой эле, бул модель боюнча, Биг Бенгден мурда да чексиз жолу аалам жарылып кайра кысылган. Б.а. бул көз-караш боюнча, аалам жана зат чексиз мурдатан бери бар, бирок белгилүү убакыт аралыгы менен жарылуулар жана анан кайра өз ичине чөгүүлөр болуп турат. Азыр биз жашап жаткан аалам болсо бул айлампанын ичиндеги чексиз сандагы ааламдын бирөөсү.

Бул модельди чыгаргандардын кылганы «Биг Бенгди кантип чексиз аалам көз-карашына ылайыкташтыра алабыз» деп ойлонуп, аягында ушундай сценарий жазуу гана болгон. Бирок бул илимге сыйбас бир сценарий, себеби акыркы изилдөөлөр ачылып-жабылуучу бир аалам моделинин мүмкүн эместигин көрсөттү. Себеби аалам өз ичине чөккөн күндө да, белгилүү болгон эч бир физика мыйзамынын мындай Чоң чөгүүнү артка кайтарышы жана ааламды жаңы бир Чоң жарылуу менен кайрадан пайда кылышы мүмкүн эмес.[34]

Бул модельди жараксыз кылган эң негизги фактор болсо – бул, эгер чындап аалам дайыма жабылып-ачылып турса дагы, мындай циклдин түбөлүккө чейин улана албашы. Себеби эсептөөлөр циклдик ааламдардын бир-бирине энтропия калтыраарын көрсөтүүдө. Б.а. энергия ар ааламда барган сайын бир аз пайдасызыраак болуп калат жана ар бир жаңы «ачылган» аалам бир аз жайыраак ачылып, бир аз чоңураак диаметрлүү болот. Бул болсо убакыт менен артты көздөй барганда барган сайын кичинерээк ааламдар болушун талап кылат жана кайра эле бир «алгачкы ааламда» токтойт. Б.а. эгер тынымсыз ачылып-жабылган ааламдар болсо дагы, алар башында кайра эле жоктуктан бар болушу керек болот.[35]

Кыскасы, «ачылып-жабылуучу» түбөлүктүү аалам модели ишке ашышы физикалык жактан мүмкүн эмес бир фантазия гана.

Биг Бенгди Жаратуудан тышкары түшүндүрө алуу үчүн чыгарылган экинчи модель болсо – бул «кванттык аалам модели». Бул теорияны жактагандар кванттык (субатомдук) физикадагы бир байкоого таянып бир сценарий чыгарышкан. Кванттык физикада субатомдук бөлүкчөлөрдүн боштук (вакуум) ичинде кокустан пайда болуп жана жок болгону байкалат. Бул байкоону «зат кванттык деңгээлде жоктон пайда боло алууда, бул заттын өзүнө тиешелүү бир өзгөчөлүк» деп туура эмес жоромолдогон кээ бир физиктер ааламдын жаратылуусу учурунда заттын жоктон пайда болушун да «заттын өзүнө тиешелүү бир өзгөчөлүк» деп, табият мыйзамдарынын бир бөлүгүндөй көрсөтүүгө аракет кылышууда.

Чындыгында болсо кванттык физикага салыштыруу жасоонун эч темага байланышы жок жана ааламдын жаратылуусун түшүндүрүүдөн алыс. *Big Bang, Theism and Atheism* (Чоң жарылуу, теизм жана атеизм) китебинин автору Уильям Лейн Крейг бул жөнүндө мындай дейт:

*Ичинде бөлүкчөлөр толкунданган (бир көрүнүп бир жок болгон) механикалык квантум вакууму негизи чыныгы бир «вакуум», б.а. «жоктук» түшүнүгүнөн өтө алыс. Бир кванттык модельде тынымсыз пайда болуп жок болгон бөлүкчөлөр бар болгон кыска убакытка айланаларындагы энергиядан уурдашат. Бул «жоктук» эмес жана ошондуктан заттын бөлүкчөлөрү да жоктон пайда болуп жаткан жок.*[36]

Б.а. кванттык физикада да негизи зат «жоктон бар» болуп жаткан жок. Болгону айланадагы энергия кокустан затка айланып, кайра ал зат чачырап кайрадан энергия формасына келүүдө. Кыскасы, «өзүнөн-өзү жоктон пайда болуу» деген нерсе жок.

Бирок, бүт илим тармактарындагы сыяктуу, физика тармагында да материалисттик илимпоздор ар кандай критикалуу нерселерди жана детальдарды көрмөксөн болуп, чындыктарды өз көз-караштарына ылайык бурмалоого барышууда. Себеби алар үчүн материализмди, жана натыйжада атеизмди сактап калуу илимий чындыктардын ачыкка чыгарылышынан жана түшүндүрүлүшүнөн алда канча чоң мааниге ээ. Жогорудагы чындыктын түшүнүктүү болушу кванттык аалам моделинин көпчүлүк илимпоз тарабынан четке кагылышына себеп болгон; физик С. Дж. Ишам айткандай, *«Теориянын алдынан чыккан өлүмчүл кыйынчылыктар себебинен, кванттык аалам модели көпчүлүк тарабынан кабыл алынган жок.»*[37] Ал тургай, бул модельди бүгүнкү күндө аны биринчи болуп чыгарган Р. Броут жана Ф. Шпиндель сыяктуу физиктер да таштап салышты.[38]

Кванттык модельдин акыркы жылдары атагы чыккан бир версиясы болсо Стивен Хокингден келүүдө. Хокинг *Убакыттын кыска тарыхы* аттуу китеби менен кызыгуу жараткан моделинде Биг Бенг «жоктуктан бар болуу» маанисине келбейт дейт. Биг Бенгден мурда убакыт болбогону жөнүндө болсо **«элестүү убакыт»** сыяктуу бир катар түшүнүктөрдү ойлоп тапкан. Хокингдин айтуусу боюнча, Биг Бенгдин $10^{-43}$ секундасына чейин «элестүү убакыт» гана бар жана чыныгы убакыт ушул убактан баштап пайда болгон. Хокингдин үмүтү ушул «элестүү убакыт» түшүнүгү аркылуу Биг Бенгден мурда «убакытсыздыктын» гана орун алганын жокко чыгара алуу болгон.

Чындыгында болсо «элестүү убакыт» «бир бөлмөдөгү элестүү адамдардын саны» же «бир жолдогу элестүү машиналардын суммасы» сыяктуу чындыгында нөлгө, жоктукка туура келген бир түшүнүк. Хокинг бул жерде бир сөз оюнун гана жасаган.

Материалист илимпоздордун ааламдагы кемчиликсиз жана жоктон жаратууну тастыктаган илимий ачылыштарга каршы чыгарган көз-караштарынын бири болсо – бул «балким чексиз санда аалам бар жана алардын бири болгон биздин ааламыбыз кокустан жашоого ылайыктуу болуп калгандыр» деген көз-караш. «Көптүк аалам» деп аталган бул теория материализмди сактап калуу аракети менен ойлоп табылган бир көз-караш гана жана эч бир илимий ачылыш муну тастыктаган жок. Белгилүү астрофизик Пол Дэйвис *The New York Times* гезитинин 2003-ж. 12-апрельдеги санында «Көптүк ааламдын кыска тарыхы» *(A Brief History of the Multiverse)* темалуу бир макала жарыялаган жана бул көз-карашын жактаганга аракет кылган. Негизи Пол Дэйвистин макаласынын ичинде логикасыздыктар орун алган жана Дэйвис да негизи Аллахтын бар экенин кабыл алат:

*Табият эмне үчүн мынчалык акылдуу, ал тургай, күмөн пайда кыла турган даражада жашоого ыңгайлуу? Физика мыйзамдары жашоону жана аң-сезимди эмне үчүн мынчалык коргошот, эмне үчүн жашоого ыңгайлуу бир ааламды түзүү үчүн кызматташтык кылышат? Дээрлик, бир Улуу Акыл (Аллах) булардын баарын белгилегендей.*[39]

Мындан тышкары, Дэйвис көптүк аалам теориясынын бир спекуляция гана экенин да мойнуна алат. Дэйвистин айтымы боюнча, көптүк аалам теориясына «ой жүгүртүү жолу менен» барылат. Болгондо да, бул теорияга баратканда «ынандыруучулук бир чекке жетип», «барган сайын көбүрөөк ишенимге таянган бир кабылдоо жасалууда.»

Булардын баары көрсөткөндөй, Биг Бенгге альтернатива катары чыгарылган туруктуу абал теориясы, ачылып-жабылуучу аалам модели, көптүк аалам көз-карашы, кванттык аалам модельдери жана Хокинг модели сыяктуу изденүүлөр чындыгында материалисттердин философиялык стереотибинен гана келип чыгууда. Илимий

ачылыштар Биг Бенгдин тууралыгын жана **«жоктуктан пайда болуу»** маанисине келээрин апачык көрсөтүүдө. Жана ааламдын жоктон жаратылганы Аллахтын жараткандыгынын анык далилдеринин бири.

Колумбия университетинен Кен Миллер Биг Бенгдин ааламдын келип чыгышына жол көрсөтөөрүн төмөнкүдөй баяндайт:

*Космология илиминин эң белгилүү ачылыштарынын бири – бул ааламдын чындап бир башталышы, кереметтүү бир башталышы бар деген ачылыш. Баштапкы себеп жөнүндөгү талаштар – убакыт ичинде окуялардын түбөлүккө чейин артка кете алышына каршы колдонулган теориялык бир аргумент эле. Булар натыйжасыз философиялык түшүнүктөр катары кабыл алынчу. Биг Бенг баштапкы себептин чындык экенин көрсөттү. Убакыттын башталышына бир дубал коюп, космостук жарылуудан мурда ишке ашышы ыктымал болгон окуяларды изилдөөнү жапты. Көптөгөн илимпоздордун пикири боюнча, Биг Бенг ааламдын башталышына көрүнөөрлүк бир теологиялык жарык чачты.40*

Жыйынтыктасак заманбап илим жеткен чындык мындай: зат менен убакытты бул экөөнөн тең көз-карандысыз, чексиз кудуреттүү Жаратуучубуз Улуу Аллах жараткан. Биз жашап жаткан ааламды жараткан – бул улуу кудурет, илим жана акыл ээси Аллах.

# Материалисттердин Биг Бенгге болгон реакциясы алардын жеңилгенин көрсөтөт

Биг Бенгге карата материалисттик реакциянын бир мисалы материалисттик илимий журналдардан болгон *Nature*'дин редактору Джон Мэддокс 1989-жылы жазган бир макалада айтылган. Мэддокс «Жок болсун Биг Бенг» (Down with the Big Bang) темалуу макаласында «Биг Бенгди философиялык жактан кабыл алууга болбой турганын» себеби «Биг Бенг менен бирге теологдордун жаратылуу көз-карашына күчтүү бир колдоо табышканын» айтат жана *«Биг Бенг алдыбыздагы он жылдан чыкпайт»* деген бир көзү ачыктык кылган.[41] Бирок Мэддокстун мындай үмүтүнүн тескерисинче, Биг Бенг андан бери өткөн 20 жыл ичинде алда канча күчтөнүп, ааламдын жаратылганын далилдеген дагы көптөгөн ачылыштар жасалды.

Бул чындык ааламдын башы жана аягы жок деген материалисттер үчүн өтө тынчсыздандыруучу болгон. Материалист илимпоздор ушул себептен Биг Бенгди өз ойлорунда четке сүрө турган жана чексиз аалам көз-карашын сактап кала турган модельдерди изденүүгө киришишкен, бирок бул багыттагы бүт аракеттери ийгиликсиз аяктаган.

Кээ бир материалисттер болсо бир аз «акылдуулук» кылышууда. Мисалы, англис материалист физик Х. П. Липсон Жаратылуунун илимий бир чындык экенин «каалабастан да болсо» төмөнкүчө кабыл алат:

*Менимче, мындан да алга кетип, жалгыз кабыл алаарлык түшүндүрмөнүн Жаратылуу экенин тастыктоого мажбурбуз. Мунун мен да кошо көп физиктер үчүн өтө оор экенин билем, бирок эгер эксперименттик далилдер бир теорияны колдоп жатса, ал теорияны жакпаганы үчүн гана четке какпашыбыз керек.*[42]

# Материализмдин бүтүшү

Бул чындыктардын баары 19-кылымдын бир догмасы болгон материалисттик философия пикирлеринин 20-кылымдын илими тарабынан жараксыз кылынганын көрсөтүүдө. Материализм «заттан башка эч нерсе жок» деген жаңылыштыгы менен затты пайда кылган жана тартипке салган бир Жаратуучунун бар экенин четке каккан, бирок өтө чоң жаңылыштык кетирген. Модерн илим материалдык дүйнөдөгү улуу акыл менен тартипти көрсөтүп,

материалдык дүйнөнү башкарган улуу күч жана кудурет ээси бир Жаратуучунун, б.а. Аллахтын бар экенин далилдөөдө. Ааламдагы мындай тартип жаныбарлар дүйнөсүндө да бар жана материализмдин эң чоң таянычы деп эсептелген Дарвиндин эволюция теориясы да ушул себептен толугу менен кыйрады.

Материализм кылымдар бою көп адамга таасир берип, ал тургай, 19-кылымда «илим» маскасын кийген болушу мүмкүн, бирок 21-кылымда илимге карама-каршы келген бир негизсиз ишеним катары тарыхта калаары көрүнүп турат. Адамзат дүйнө өгүздүн мүйүздөрү үстүндө турат же дүйнө тегиз деген сыяктуу негизсиз ишенимдерден кутулду, ошол сыяктуу материализмден да кутулат.

# ЭСКЕРТҮҮ

**Сиз азыр окуй турган бул бөлүм жашоонун ӨТӨ МААНИЛҮҮ бир сырын камтыйт. Заттык дүйнөгө болгон көз-карашыңызды тамырынан өзгөртө турган бул теманы өтө кунт коюп, жакшылап түшүнүп окушуңуз зарыл.**

**Бул жерде айтылгандар бир көз-караш, башкача бир подход же кандайдыр бир философиялык көз-караш эмес; динге ишенип-ишенбегендердин баары кабыл ала турган, учурда илим да далилдеген анык бир чындык.**

# 2-БӨЛҮМ

# ЗАТТЫН АРТЫНДАГЫ СЫР

### МААНИЛҮҮ ЭСКЕРТМЕ

## ЗАТТЫН АРТЫНДАГЫ СЫР ТЕМАСЫ – «ВАХДЕТ-И ВҮЖУТ» ЭМЕС

Заттын артындагы сыр темасы кээ бир адамдардын каршы пикир айтышына себеп болууда. Бул адамдар бул теманын өзөгүн туура эмес түшүнүшкөндүктөн, бул теманы вахдет-и вүжут көз-карашы менен бир деп айтышууда.

Эң алгач баса белгилеп айта турган нерсе, бул чыгармалардын автору ахли сүннөт ишенимине абдан бекем жана вахдет-и вүжуд пикирин жактабайт. Мындан тышкары, вахдет-и вүжут пикиринин Мухйиддин Ибн Араби сыяктуу улуу Ислам ааламдары тарабынан жакталганын да унутпоо керек.

Важдет-и вүжут пикирин түшүндүргөн көптөгөн маанилүү Ислам аалымдары өтмүштө бул китептерде орун алган кээ бир темаларды тефеккүр кылып (терең ойлонуп), баяндагандары чындык. Бирок бул китепте түшүндүрүлгөндөр вахдет-и вүжут пикири менен бир эмес.

Мисалы, вахдет-и вүжут пикирин жактагандардын кээ бирлери туура эмес ойлорго кабылышып, Куранга жана эхли сүннөт ишенимине карама-каршы кээ бир ойлорду айтышкан. Мисалы, Аллах жараткан нерселерди толугу менен жок дешкен. Ал эми, заттын артындагы сыр темасын түшүндүрүүдө мындай пикир такыр айтылбайт. Бул тема Аллахтын бүт нерселерди жаратканын, бирок жараткан нерселеринин оригиналын Аллахтын көрөөрүн, адамдардын болсо бул нерселердин мээлеринде пайда болгон сүрөттөлүштөрүн гана көрө алаарын айтууда.

Биз көргөн бардык нерселер, тоолор, чуңкурлар, гүлдөр, адамдар, деңиздер, кыскача айтканда, биз көргөндөрдүн баары, Аллах Куранда бар деп билдирген, жоктон жаратканын айткан бүт нерселер, жандыктар жаратылган жана бар. Бирок, адамдар бул жандыктардын оригиналын сезим органдары аркылуу көрө албайт, сезе албайт жана уга да албайт. Адамдардын көргөн жана сезгендери – бул нерселердин мээлериндеги копиялары. Бул илимий бир чындык жана бүгүнкү күндө медицина факультеттери баш болуп бардык окуу жайларында окутулган бир тема. Мисалы, азыр бул текстти окуган бир адам бул тексттин оригиналын көрө албайт, бул тексттин оригиналына тийе албайт. Бул тексттин оригиналынан келген жарык адамдын көзүндөгү кээ бир клеткалар тарабынан электрдик импульска айландырылат. Бул электрдик импульс мээнин арка тарабындагы көрүү борборуна барып, бул борборду аракеттендирет. Жана адамдын мээсинин артында бул тексттин сүрөттөлүшү пайда болот. Башкача айтканда, сиз азыр көзүңүз менен көзүңүздүн алдындагы бир текстти окуп жаткан жоксуз. Бул текст сиздин мээңиздин арка тарабындагы көрүү борборунда пайда болууда. Сиз окуган текст – бул мээңиздин арка тарабындагы «копия текст». Бул тексттин оригиналын болсо Аллах көрөт.

Жыйынтыктасак, заттын мээбизде пайда болгон бир элес болушу аны «жок» абалга алып келбейт. Бирок бизге адам тынымсыз мамиледе болгон заттын табияты жөнүндө маалымат берет жана бул маалымат – заттын

оригиналы менен эч кайсы адамдын мамиледе боло албашы (аны көрүп, угуп, ага тийе албашы) жөнүндөгү чындык.

# Сыртта зат бар, бирок биз заттын өзүнө (чыныгысына) эч качан жете албайбыз!

«Зат элес» деп айтуу «зат жок» деген мааниге келбейт. Тескерисинче, биз көрсөк да, көрбөсөк да заттык бир дүйнө бар. Бирок биз бул дүйнөнү мээбиздин ичинде бир копия, башкача айтканда сезүү органдарыбыздын жоромолу катары көрөбүз. Ошондуктан, зат – биз үчүн элес. Дагы бир айта кетчү жагдай, заттын бар экенин бизден башка көргөн жандыктар да бар. Аллахтын периштелери, жазып туруучу катары милдеттендирген элчилери да бул дүйнөгө күбө болушууда:

**Анын оң жана сол тарабында отурган эки жазуучу жазып жатканда Ал сөз катары (кандайдыр бир нерсе) айткан болсо, сөзсүз жанында даяр бир көзөмөлчү бар. (Каф Сүрөсү, 17-18)**

Баарынан маанилүүсү эң башта Аллах бүт нерсени көрүүдө. Бул дүйнөнү бардык майда-чүйдөлөрү менен бирге Аллах жараткан жана Аллах бүт нерсеси менен бирге көрүүдө. Куран аяттарында мындайча кабар берилүүдө:

**... Аллахтан коркуп (күнөөдөн) сактангыла жана билип койгула, Аллах кылгандарыңарды көрүүчү. (Бакара Сүрөсү, 233)**

**Айт: «Мени менен араңарда күбө катары Аллах жетиштүү; шексиз Ал пенделеринен толук кабардар, көрүүчү.» (Исра Сүрөсү, 96)**

Мындан тышкары, Аллахтын бүт окуяларды «Левх-и Махвуз» аттуу китепте жазылуу сактаганын унутпаш керек. Биз көрбөсөк да булардын баары Левх-и Махвузда бар. Бүт нерсенин Аллах Кабатында Левх-и Махвуз аттуу «Негизги Китепте» сакталуу экени мындайча билдирилүүдө:

**Шек жок, ал – Биздин кабатыбызда болгон Негизги Китепте; абдан бийик, өкүм жана хикмат (терең акыл) толо. (Зухруф Сүрөсү, 4)**

**...Кабатыбызда (булардын баарын) сактап-коруган бир китеп бар. (Каф Сүрөсү, 4)**

**Асманда жана жерде апачык болгон китепте (Левх-и Махвузда) орун албаган жашыруун эч нерсе жок. (Немл Сүрөсү, 75)**

# Заттын маңызын билүү

Айланасына акылы жана абийири (жүрөгү) менен көз жүгүрткөн киши ааламдагы жандуу-жансыз бүт нерсенин жаратылганын байкайт. Булардын баарын ким жараткан?

Ааламдын бүт тарабында көрүнүп турган **«жаратылгандык»** ааламдын өзүнүн бир «эмгеги» болушу мүмкүн эмес. Мисалы, бир чиркей өзүн-өзү жараткан эмес. Күн системасы, өсүмдүктөр, адамдар, бактериялар, эритроциттер, көпөлөктөр өздөрүн өздөрүн жараткан эмес. Булардын баарынын «кокустан» пайда болушу сыяктуу бир ыктымалдык да, мурдакы бөлүмдөрдө каралгандай, мүмкүн эмес.

Ошондуктан төмөнкүдөй жыйынтыкка барсак болот: көзүбүз менен көргөндөрүбүздүн баары жаратылган... Бирок көзүбүз менен көргөн нерселердин эч кайсынысы «Жаратуучу» эмес. Демек, Жаратуучубуз көзүбүз менен көргөн нерселердин баарынан башка, жогору бир Зат. Өзү көрүнбөгөн, бирок жараткан нерселеринин баарында Өзүнүн бар экенин жана сыпаттарын көрсөткөн улуу бир кудурет.

Аллахтын бар экенин тааныбагандар мына ушул жерде жолдон чыгышат. Ал кишилер «Аллахты көзүбүз менен көрмөйүнчө, Анын бар экенине ишенбейбиз» деп шарт коюп алышкан өздөрүнө. Бирок, анда, ааламдын бүт тарабында апачык көрүнгөн **«жаратылгандык»** чындыгын жашырууга, аалам менен жандыктар жаратылган эмес деген пикирди жактаганга мажбур болушат. Бул үчүн жалгандарды токушат. Эволюция теориясы менен материалисттик философия – бул багытта колдонулган жалгандардын жана натыйжасыз аракеттердин эң белгилүү эки мисалы.

Жаратуучуну тангандардын негизги жаңылыштыгын негизи Аллахтын бар экенин танбаган, бирок туура эмес бир Аллах ишениминде жүргөн көп адамдар да кабыл алышат. Кээ бир өлкөлөрдө коомдун көпчүлүгүн түзгөн мындай кишилер Жаратылууну апачык жокко чыгарышпайт, бирок Аллахтын «каерде» экени жөнүндө кызыктай негизсиз бир ишенимде болушат: көпчүлүгү Аллах «асманда» деп ойлойт. Ичинен Аллах өтө алыстардагы бир планетанын артында жана кээ-кээде гана «дүйнө иштерине» кийлигишет деп ишенет. Же болбосо, эч кийлигишпейт; ааламды жаратып, таштап койгон, адамдар өз тагдырларын аныкташат... (Аллахты аруулайбыз)

Кээ бирлер болсо Раббибиз Куранда кабар берген, Аллахтын «бүт тарапта» экенин билет, бирок мунун маанисин толук түшүнө албайт. Ичинен Аллахты радио толкундар сыяктуу же көрүнбөс, сезилбес бир газ сыяктуу, заттарды ороп турат деп ойлойт. (Аллахты аруулайбыз)

Чындыгында болсо бул көз-караш жана жогоруда саналган, **Аллахтын «каерде» экенин** эч түшүнө албаган (балким ушул себептен апачык көрүнүп турса да, Аллахтын бар экенин акылсыздык менен жокко чыгарган) көз-караштар орток бир жаңылыштыкка таянат: эч негизи жок бир стереотипти кабыл алып, анан Аллах жөнүндө ар кандай күмөндөрдө болушууда.

Бул кайсы стереотип?

Бул стереотип заттын өзү жана сыпаты менен байланыштуу. Кээ бир адамдар заттын чыныгы маңызы жөнүндөгү жаңылыштыктарга ушунчалык алдангандыктан, бул темада балким эч терең ойлонушкан эмес. Чындыгында болсо, заманбап илим заттын маңызы жөнүндөгү стереотипти да кулатып, өтө маанилүү жана таасирдүү бир чындыкты көрсөтүүдө. Алдыда Куранда да ишарат кылынган бул улуу чындыкты түшүндүрүүгө аракеттенебиз.

# Электрдик сигналдардан турган аалам

Жашап жаткан дүйнөбүз жөнүндөгү бүт маалыматтар бизге беш сезимибиз аркылуу келет. Б.а. биз көзүбүз көргөн, колубуз тийген, мурдубуз жыттаган, тилибиз даамын таткан, кулагыбыз уккан бир дүйнөнү тааныйбыз. Төрөлгөндөн бери ушул сезүү органдарыбыздан көз-каранды болгонубуз үчүн, «тышкы дүйнө» сезүү органдарыбыз бизге тааныткандан башкача болушу мүмкүн деп эч ойлонгон эмес болушубуз керек.

Бирок бүгүнкү күндө көптөгөн илим тармактарында жасалган изилдөөлөр такыр башка бир түшүнүктү алып келип, сезимдерибиз жана биз кабылдаган дүйнө жөнүндө олуттуу күмөндөрдүн жаралышына себеп болду.

Бул жаңы түшүнүк төмөнкү чындыктан келип чыкты: биз «тышкы дүйнө» катары кабылдап-сезгендерибиз – электрдик сигналдардын мээде пайда кылган таасирлери гана. Алманын кызылдыгы, тактайдын катуулугу, ал тургай, апаңыз, атаңыз, үй-бүлөңүз, менчигиңиздеги бүт мал-мүлктөр, үйүңүз, жумушуңуз жана бул китептин саптары жөнүндө алган маалыматыңыз – баары электрдик сигналдар гана. Б.а. биз эч качан тышкы дүйнөдөгү алманын чыныгы түсүн, сырттагы тактайдын чыныгы түзүлүшүн, апабыздын, атабыздын, сүйгөндөрүбүздүн чыныгы абалдарын биле албайбыз. Булардын баары сыртта Аллахтын жаратканы катары бар, бирок биз өмүр бою мээбиздеги копияларын гана көрүп-сезебиз.

Муну толук түшүндүрүү үчүн алгач тышкы дүйнө жөнүндө бизге маалымат берген сезүү органдарыбыздан сөз кылалы.

# Кантип көрөбүз, сезебиз, даамын сезебиз?

Көрүү процесси көп этапта жүрөт. Көрүү учурунда кандайдыр бир телодон келген фотондор көздүн алды жагындагы линзанын ичинен сынып өтөт жана көздүн арт жагындагы торчого тескери болуп түшөт. Ал жердеги клеткалар тарабынан электрдик сигналга айландырылган көрүү импульстары нервдер аркылуу мээнин арткы тарабындагы көрүү борбору деп аталган кичинекей бир аймакка жетишет. Ал электрдик сигнал бир катар процесстен соң мээдеги ал борбордо сүрөттөлүш катары кабылданат. Б.а. көрүү кубулушу чындыгында мээнин артындагы кичинекей **жарык эч кире албаган, капкараңгы бир аймакта** ишке ашат.

Эми көбүнчө элдин баары билген бул маалымат жөнүндө дагы бир жолу жакшылап ойлонолу: биз «көрүп жатам» дегенде чындыгында көзүбүзгө келген импульстардын электрдик сигналга айланып мээбизде пайда кылган «таасирин» көргөн болобуз. Б.а. **«көрүп жатам» дегенде чындыгында мээбиздеги электрдик сигналдарды көрөбүз.**

Өмүр бою биз көргөн сүрөттөлүштөрдүн баары бир канча $cm^3$дук көрүү борборунда жаралат. Сиз окуп жаткан бул саптар да, айланага караганыңызда көргөн учу-кыйырсыз аалам да ушул кичинекей жерде пайда болууда. Бул жерде айта кетчү дагы бир жагдай бар. Бир аз мурда айтып кеткендей, баш сөөгү жарыкты ичкериге киргизбейт, б.а. мээнин ичи капкараңгы. Ошондуктан мээ сырттагы жарыктын өзү менен эч качан байланыш кура албайт.

Бул жердеги кызыктай жагдайды бир мисал менен түшүндүрөлү. Маңдайыбызда бир шам бар дейли. Ал шамдын маңдайына туруп аны көпкө чейин карап тура алабыз. Бирок бул убакыт бою мээбиз шамга тиешелүү жарыктын өзү менен эч качан байланышта болбойт. Шамдын жарыгын көрүп жаткан кезибизде да башыбыздын жана мээбиздин ичи капкараңгы. Капкараңгы мээбиздин ичинде жапжарык, түркүн-түстүү, кооз бир дүйнөнү көрөбүз.

Р. Л. Грегори көрүү кубулушундагы кереметтүү абал жөнүндө мындай дейт:

> *Көрүү кубулушуна ушунчалык көнүп калгандыгыбыздан, жооп берүү зарыл болгон суроолор бар экенин байкоо да терең кыялдануу күчүн талап кылат. Бирок элестетип көрүңүз. Көздөрүбүзгө кичинекей, башаламан сүрөттөлүштөр берилүүдө жана биз чөйрөбүздө аларды толук кандуу буюмдар, заттар катары көрүп жатабыз. Торчолордогу сигналдардын натыйжасында заттар дүйнөсүн кабылдап жатабыз жана **бул чындыгында бир керемет негизи.***[43]

Бул жагдай башка сезимдерге да тиешелүү. Үн, тийүү, даам жана жыт электрдик сигналдар абалында мээге жетет жана ал жердеги тиешелүү борборлордо кабылданат.

Угуу да ушул сыяктуу ишке ашат: сырткы кулак айланадагы үн толкундарын кулак лакатору аркылуу топтоп ортоңку кулакка өткөрөт; ортоңку кулак алган үн толкундарын күчөтүп ички кулакка өткөрөт; ички кулак болсо ал

толкундарды электрдик сигналдарга айлантып мээге жөнөтөт. Көрүү иши сыяктуу, угуу иши да мээдеги угуу борборунда ишке ашат. Баш сөөгү жарыкты өткөрбөгөн сыяктуу, үндү да өткөрбөйт. Ошондуктан бир адам уккан үндөр канчалык күчтүү жана ызы-чуулуу болсо да, мээнин ичи бүтүндөй жыржырт болот.

Анткен менен, эң тунук үндөр мээде кабылданат. Ушунчалык тунук болгондуктан, ден-соолугу жайында болгон бир адам кулагы эч кандай шуулдаксыз бүт нерсени туптунук угат. Үн өткөрбөгөн мээңизде бир оркестрдин симфониясын тыңдап, топтолгон элдин бүт ызы-чуусун уга аласыз жана бир жалбырактын шуулдаганынан реактивдүү учактардын катуу үнүнө чейин кеңири жыштыктагы бүт үндөрдү кабылдай аласыз. Бирок ошол учурда өтө сезгич бир аппарат менен мээңиздин ичиндеги үндүн деңгээли өлчөнсө, ал жерде толук тымтырстык орун алган болот.

Жыт сезүү сезимибиздин пайда болушу да ушуга окшош: ваниль жыты, гүл жыты сыяктуу учуучу молекулалар мурундун эпителий деп аталган аймагындагы кыймылдуу түкчөлөрдөгү кабылдагычтарга келишет жана ал кабылдагычтарда реакцияга киришет. Ал реакция мээбизге электрдик сигнал катары жиберилет жана жыт катары кабылданат. Биз сонун же жаман деген жыттардын баары – учуучу молекулалардын реакциясынын электрдик сигналга айландырылган соң мээдеги кабылданышы гана. Бир атырды, бир гүлдү, жактырган бир тамагыңызды, деңиз жытын, жаккан же жакпаган жыттардын баарын мээңизде сезесиз. Бирок жыт молекулалары мээге эч качан жете алышпайт. Үн менен сүрөттөлүштөгү сыяктуу мээңизге электрдик сигналдар гана жетет. Жыйынтыктасак, төрөлгөндөн бери сырттагы нерселерге тиешелүү деп ойлоп келген жыттар – бул сиз сезүү органдарыңыз аркылуу сезген электрдик импульстар. Бир жыттын сырттагы чыныгысын эч качан жыттап биле албайсыз.

Ошол сыяктуу, адам тилинин алдыңкы тарабында төрт типтеги химиялык кабылдагычтар бар. Алар туздуу, таттуу, кычкыл жана ачуу даамдарына туура келет. Даам сезгичтерибиз бир катар химиялык процесстен соң ал сезимдерди электрдик сигналга айлантып, мээге жөнөтөт. Ал сигналдар болсо мээ тарабынан даам катары кабылданат. Бир шоколадды же жактырган бир мөмөнү жегениңизде сезген даамыңыз – бул электрдик сигналдардын мээ тарабынан жоромолдонушу. Сырттагы нерсеге болсо эч качан жете албайсыз; шоколаддын өзүн көрүп, жыттап жана даамын тата албайсыз. Мисалы, мээңизге барчу даам сезүү нервдери үзүлүп коюлса, ал учурда жеген нерсеңиздин даамы мээңизге барбай калат; жана даам сезүү сезимиңизден толук ажырап каласыз.

Бул жерде дагы бир чындыкты көрөбүз: бир тамакты жегенде башка бирөөнүн ал тамактан сезген даамы же бир үндү укканда башка бирөөнүн андан уккан үнү меники менен бирдей деп кесе айта албайбыз. Бул чындык жөнүндө Линкольн Барнетт мындай дейт:

> *Эч ким өзүнүн кызыл деп көргөн өңүн же «до» нотасынын угулушун башка бир адамдыкы менен бирдей же бирдей эмес экендигин биле албайт.*[44]

Тийүү сезимин караганыбызда да эч нерсе өзгөрбөгөнүн көрөбүз. Бир нерсеге тийгенибизде тышкы дүйнөнү жана буюмдарды таанышыбызга көмөкчү боло турган маалыматтар теридеги сезүү нервдери аркылуу мээге жиберилет. Тийүү сезими мээбизде пайда болот. Көп адамдар ойлогондой, тийүү сезимин сезген жерибиз – манжабыздын учу же терибиз эмес, мээбиздеги тийүү борбору. Биз заттардан келген электрдик сигналдардын мээбизде чечмелениши натыйжасында катуулук же жумшактык, ысыктык же муздактык сыяктуу буюмдарды сыпаттаган ар кандай сезимдерди сезебиз. Ал тургай, бир буюмду таанууга жараган ар кандай маалыматтардын баарын ушул сигналдар натыйжасында алабыз. Бул маанилүү чындык жөнүндө Б. Рассел жана Л. Витгенштейн сыяктуу философтордун пикири мындай:

> *... Бир лимондун чындыгында бар же жок экенин жана кандай процесс натыйжасында бар болгонун сураганга жана анализдегенге болбойт. Лимон тил менен сезилген даам, мурун менен сезилген жыт, көз менен көрүлгөн түс жана формадан гана турат жана ушул сыпаттары гана илимий бир изилдөөнүн жана жыйынтыктын темасы болушу мүмкүн.* ***Илим заттык дүйнөнү эч качан биле албайт.***[45]

Б.а. заттык дүйнөнүн өзүн эч качан көрүп сезе албайбыз. Биз көрүп сезген зат-буюмдардын баары чындыгында көрүү, угуу, тийүү сыяктуу сезимдердин жыйындысы гана. Сезүү борборлорундагы маалыматтарды анализдеген мээбиз өмүр бою заттын биздин сыртыбыздагы **«өзүн» эмес, мээбиздеги копияларын** көрүп сезет. Биз болсо ал копиялардын чыныгысынын кандайлыгын эч качан биле албайбыз.

# Мээбиздин ичинде пайда болгон «тышкы дүйнө»

Бул жерге чейин каралган илимий чындыктар бизди талашсыз бир жыйынтыкка алып барат: биз көргөн, тийген, уккан жана атын «зат», «дүйнө» же «аалам» деп атаган түшүнүктөрдүн өздөрүн эч качан көрүп сезе албайбыз, биз булардын мээбиздеги копияларын гана билебиз.

Мисалы, мөмө жеген бир адам чындыгында мөмөнүн мээсиндеги сезимин көрүп сезет, өзүн эмес. Киши «мөмө» деп сыпаттаган нерсе – бул мөмөнүн формасы, даамы, жыты жана катуулугу жөнүндө электрдик маалыматтын мээде кабылданышы (сезилиши) гана. Эгер мээге барчу көрүү нервин үзүп койсоңуз, мөмө сүрөттөлүшү ошол замат жоголот. Же мурундагы кабылдагычтардан мээге уланган нервдин үзүлүшү жыт сезимиңизди толугу менен жок кылат. Себеби мөмө – бул бир катар электрдик сигналдарды мээнин жоромолдошу гана.

Ой жүгүртүү керек болгон дагы бир жагдай – бул **алыстык сезими.** Алыстык, мисалы бул китеп менен сиздин араңыздагы аралык, мээңизде пайда болгон бир боштук сезими гана. Бир адам «менден өтө алыста» деп ойлогон заттар да чындыгында анын мээсинин ичинде. Мисалы, адам асманга карап жылдыздарды көрөт жана аларды миллиондогон жарык жылы алыстыкта деп ойлойт. Чындыгында болсо, жылдыздар анын ичинде, мээсиндеги көрүү борборунда. Буларды окуп жатканда ичинде отурам деп ойлогон бөлмөнүн да негизи ичинде эмессиз; тескерисинче бөлмө сиздин ичиңизде. Денеңизди көрүшүңүз сизди бөлмөнүн ичинде отурганыңызга ишендирет. **Бирок муну унутпаңыз: денеңиздин да өзүн эч качан көргөн эмессиз, дайыма мээңизде пайда болгон копиясын көрүп-сездиңиз.**

Бул нерсе башка бүт сезимдериңизге да тиешелүү. Мисалы, сиз жаныңыздагы бөлмөдөгү телевизор үнүн угуп жатам деп ойлогонуңузда, чындыгында мээңиздин ичиндеги үндү угуп жаткан болосуз. Бир канча метр алыстан келип жатат деп ойлогон үн да, жаныңыздагы кишинин сүйлөгөнү да чындыгында мээңиздеги бир качан $см^3$дук угуу борборунда кабылданат (сезилет). Бул кабылдоо борборунун сыртында оң, сол, алды, аркасы сыяктуу бир түшүнүк жок. Б.а. үн оңдон, солдон же абадан сизге келбейт; **үндүн келген бир багыты жок.**

Сиз сезген жыттар да ушундай; эч бири алыс бир аралыктан сизге келбейт. Жыт сезүү борборуңузда пайда болгон таасирлерди сырттагы заттардын чыныгы жыты деп ойлойсуз. Бирок, бир гүлдүн сүрөттөлүшү көрүү борборунун ичинде болгон сыяктуу, ал гүлдүн жыты да жыт сезүү борборуңуздун ичинде; сырттагы гүлдүн өзүн жана жытын эч качан биле албайсыз.

Себеби сезимдерибиз бизге тааныткан «тышкы дүйнө» - бул бир убакта мээбизге жеткен «электрдик сигналдардын жыйындысы». Мээбиз өмүр бою бул сигналдарды анализдейт. Биз болсо аларды заттын сырттагы «чыныгысы» деп ойлоп, жаңылып жатканыбызды билбестен өмүр сүрөбүз. Жаңылган болобуз, себеби сезүү органдарыбыз менен заттын өзүнө эч качан жете албайбыз.

Өзүн көрүп-сезип жатам деп ойлогон «тышкы дүйнө» жөнүндөгү сигналдарды жоромолдоп бир маанини билдире турган абалга алып келген да мээбиз болот. Мисалы, угуу сезимин карайлы. Кулагыбыздын ичине келген үн толкундарын жоромолдоп (чечмелеп), аны бир симфонияга айланткан негизи мээбиз болот. Б.а. биз музыканын мээбиздин жоромолдогон абалын билебиз, сырттагы чыныгысын эмес. Түстөрдү көргөндө да чындыгында көзүбүзгө жарыктын **ар кандай толкун узундуктары** жеткен болот. Ал толкун узундуктарын түстөргө

айландырган да кайра эле мээбиз болот. **Тышкы дүйнөдөгү түстөрдүн кандайлыгы биз үчүн белгисиз.** Биз алманын чыныгы кызылын, асмандын чыныгы көгүн, дарактардын чыныгы жашылдыгын эч качан көрө албайбыз. **Тышкы дүйнө толугу менен кабылдагандан (сезгенден) көз-каранды.**

Мисалы, көздүн торчосунун кичине жабыркашы түс сокурдугуна себеп болот. Кээ бир адамдар көктү жашыл, кээ бирлери кызылды көк, кээ бирлер болсо түстөрдү боздун ар кандай түрлөрү (б.а. ачык-боз, коюу-боз сыяктуу) көрөт. Андан соң сырттагы заттын түстүү болуп-болбошу маанисиз болуп калат.

# Тышкы дүйнө болбостон да, кабылдоолор дүйнөсү пайда боло алат

Көргөн жана сезген нерселерибиздин баарынын мээбизде пайда болоорун, сырттагы заттын өзүн эч билбешибизди көрсөткөн чындыктардын бири – бул мээбизде кабылдоолор (сезимдер) пайда болушу үчүн тышкы дүйнөгө муктаждыктын жок экени. Бүгүнкү күндө симуляторлор сыяктуу көптөгөн технологиялык ачылыштар жана ошондой эле көргөн түштөрүбүз бул чындыктын эң негизги далилдери.

Илимпоз Рита Картер *Mapping The Mind (Мээни картага түшүрүү)* аттуу китебинде **«көрүү үчүн көз керек эмес»** деп, илимпоздор тарабынан жасалган маанилүү бир экспериментке токтолот:

> *Бул экспериментте көзү көрбөгөн адамдарга видео сүрөттөрдү толкундарга айландырган бир аппарат туташтырылган. Бул адамдардын көздөрүнүн жанына тагылган бир камера болсо сигналдарды бул адамдын мээсине жөнөтүп турду. Ушундай жол менен бул адам көрүү дүйнөсүнөн тынымсыз сигнал ала алып жаткан эле. Оорулуулар белгилүү бир убакыттан кийин чындап эле көрүп жаткан сыяктуу аракет кыла башташты. Мисалы, аппараттардын биринде сүрөттөлүштү жакындаштыруучу бир линза бар эле. Бул линза оорулууга эскертилбестен, кыймылдатылганда оорулуу сүрөттөлүш чоңойуп анын үстүнө келе жаткандай көргөндүктөн, эки колу менен өзүн коргонгонго аракет кылган.*[46]

Бул эксперименттен да көрүнүп тургандай, кабылдоолорубуз (көрүү, угуу, тийүү, жыт сезүү, даам сезүү сезимдерибиз) пайда болушу үчүн тышкы дүйнөдө материалдык бир оригиналынын болушу шарт эмес. Бүт сигналдарды жасалма жол менен да жасоого болот.

# Түштөрдөгү «кабылдоолор (сезимдер) дүйнөсү»

Адам тышкы дүйнө болбостон да, бүт кабылдоолорду толук кандуу сезе алат жана буга эң жакшы мисал – жогоруда да айтылгандай, түштөр. Бир адам түш көргөн учурда көздөрү жумук абалда төшөгүндө жатат. Бирок, чыныгы жашоосундагы окуялардын, сезген сезимдеринин, сигналдардын баарын түшүндө чыныгы жашоосунан айырмалай албай турганчалык даражада реалдуу сезип-кабылдайт. Бул чындыкка бул китепти окуган адамдардын баары түздөн-түз өз уйкуларында көп жолу күбө болушат. Мисалы, түнкүсүн төшөгүндө жымжырт жана тынч жерде, жанында башка эч ким жок, жалгыз жаткан бир адам түшүндө өзүн толтура кишинин арасында, коркуныч ичинде көрүшү мүмкүн. Жан алакетке түшүп ал коркунучтан качып, бир дубалдын артына жашынганын чындап көрүп сезет. Ал тургай, түшүндө көргөндөрү ушунчалык реалдуу болгондуктан, коркуу жана паника сезимин чындап коркунуч бардай толугу менен сезет. Ар добуш чыкканда жүрөгү тамагына келип, корккондон титиреп, жүрөгү бат-бат согуп, тердеп, адам денеси корккон учурда эмнелерди сезсе, кандай болсо, баарын дал ошондой сезип, башынан өткөрөт.

Түшүндө бийик жерден ылдый кулаган бир адам да муну бүт денеси менен сезет. Бирок, ал кезде төшөгүндө эч кыймылдабастан жаткан болот. Же түшүндө буту тайып көлмөнүн ичине түшкөн бир адам бүт кийимдери суу

болуп, шамалдан улам үшүшү мүмкүн. Бирок жаткан жеринде суу да, шамал да жок. Ал тургай, өтө ысык бир бөлмөдө уктап жатса да, суу болуп, кадимкидей үшүйт.

Же түшүндө заттын өзүн көрүп-сезип жатам деген бир киши өзүнө аябай ишениши мүмкүн. Ага **«тышкы дүйнөнүн өзүн көрүп-сезүү мүмкүн эмес»** деген досунун далысына колун коюп «Сен менин колумдун далыңда турганын сезбей жатасыңбы? Демек, кантип заттын өзүн көрө албайбыз деп айта аласың? Кайдан алдың мындай сөздөрдү? Кел сени менен бир Босфордо кеме менен айланып келели, муну да бир сүйлөшөлү, буга кайдан ишенээриңди да айтып бересиң» деши мүмкүн. Катуу уктап жатып көргөн бул түшү ушунчалык чындыктай болгондуктан, ырахаттануу менен машинанын ачкычын бурап, моторго акырын-акырын газ берип, анан педальды катуу басып машинасын учуртуп жөнөйт. Жолдо катуу бартканда дарактар менен жол сызыктары катуу ылдамдыктан улам бир бүтүндөй көрүнөт. Бир тараптан таза деңиз абасынан дем алат. Досуна эми каршы чыгып, мына заттын өзүн көрүп жатам деп айтайын деп даярданып жатканда, саатынын коңгуроосунан ойгонот. Бирок эң кызыгы, түшүндө заттын өзүн көрүп-сезбейбиз деген чындыкка каршы чыккан бул киши ойгоо кезинде көргөндөрүнүн мээде пайда болгон копия сүрөттөлүштөр (элестер) экенин айтып берген бир досуна да, дал ошондой каршы чыгат.

Адамдар түшүнөн ойгонгондо ал кезге чейин көргөндөрүнүн элес экенин түшүнүшөт, бирок **«ойгонуу»** сүрөттөлүшү (кадры) менен башталган жана **«чыныгы жашоо»** деп аталган жашоонун чыныгы жүзү жөнүндө эмнегедир эч күмөн санашпайт. Чындыгында болсо, «чыныгы жашообуз» деп атаган сүрөттөлүштөрдү кабылдоо (көрүп-сезүү) жолубуз менен түштөрүбүздү кабылдоо (көрүп-сезүү) жолубуз толугу менен бирдей. Экөөсүн тең мээбизде көрөбүз. Жана түшүбүздөн ойготулмайынча, алардын бир элес экенин билбейбиз. Ойгонгондо гана **«демек көргөндөрүм бир түш экен»** дейбиз. Андай болсо азыр көрүп жаткандарыбыздын бир түш эмес экенин кантип далилдей алабыз? Али ойготула элек болгонубуз үчүн гана азыркы жашап жаткандарыбызды чындык деп ойлошубуз мүмкүн. Ар түнү көргөн түштөрүбүздөн көбүрөөккө созулган бул түштөн бир күнү ойготулганда, бул чындыкты көрүшүбүз мүмкүн. Жана бул мындай эмес деп, далилдей ала турган колубузда эч кандай далилибиз жок.

Дүйнө жашоосунун бир түш сыяктуу экенин, бул түштөн «улуу бир ойгонуу» менен ойгонгондо гана адамдардын түш сыяктуу бир ааламда жашаганын түшүнөөрүн Ислам аалымдары да айтышкан. Улуу илими себебинен Шейх-и Экбер (Эң улуу шейх) катары эскерилген улуу Ислам аалымы Мухйиддин Араби бир сөзүндө Пайгамбар Мырзабыз (сав)дын бир хадисинин негизинде дүйнө жашоосун түштөрүбүзгө төмөнкүчө окшоткон:

> *Азрети Мухаммед Алейхиссалам **«адамдар уйкуда, өлгөндө ойгонушат»** деген. Демек, дүйнө жашоосунда көргөн нерселери уктап жаткан кишинин түшүндө көргөн нерселери сыяктуу...*[47]

Бир аятта болсо Аллах адамдардын кыямат күнү кайрадан тирилтилгенде мындай деп айтаарын кабар берет:

> **«Оо шорубуз, бизди уйкубуздан ким тирилтип-тургузду? Бул – Рахман (болгон Аллах)тын убадасы, (демек) жөнөтүлгөн (элчи)лер туура айтышкан экен» дешти. (Йасин Сүрөсү, 52)**

Аяттан да көрүнүп тургандай, адамдар кыямат күнү бир түштөн ойгонгондой ойгонушат. Бир адам катуу уктап, түш көрүп жаткан кезде кокустан ойготулса, мени ким ойготту деп сураган сыяктуу, бул адамдар да бизди ким ойготту деп сурашууда. Аллах бул аятта да кабар бергендей, бул дүйнө жашоосу бир түш сыяктуу, жана ар бир адам бул түштөн ойготулуп, чыныгы жашоосу болгон акырет жашоосунун сүрөттөлүштөрүн (кадрларын) көрүп баштайт.

# Кабылдаган (сезген) ким?

Бул жерге чейин айтылгандардан түшүнүктүү болгондой, ичинде жашап жатам деп ойлогон жана «тышкы дүйнө» деп атаган заттык дүйнөнүн өзүн эч качан көрүп-сезе албайбыз. Бирок эң маанилүү

суроо ушул жерде туулат: биз билген эч бир заттык нерсенин өзүнө жете албасак, анда мээбиз кандай? Мээбиз да колубуз, бутубуз же башка кандайдыр бир нерсе сыяктуу заттык дүйнөнүн бир бөлүгү болгондуктан, анын да тышкы дүйнөдөгү чыныгысына эч качан жете албайбыз.

Мээни анализ кылганда, башка органдарда да болгон белок жана май молекулаларынан тышкары башка бир материалды көрбөйбүз. Б.а. мээ деп аталган бир кесим этте сүрөттөлүштөрдү карап жоромолдой турган, аң-сезимди түзө турган, кыскасы, «мен» деген нерсени пайда кыла турган нерсе жок.

Р.Л. Грегори мээнин ичинде сүрөттөлүштү көрөбүз деген адамдардын жаңылыштыгын төмөнкүчө айтат:

*Көздөр мээде сүрөттөлүштөрдү пайда кылат деген пикирден качынуу керек. Мээде бир сүрөттөлүш пайда болот десек, аны көрүү үчүн ичте дагы бир көз болушу керек, бирок ал көздүн сүрөтүн көрүү үчүн дагы бир көзгө муктаждык бар... жана бул болсо чексиз көздөр жана сүрөттөр маанисине келет. Мындай нерсе мүмкүн эмес.*[48]

Заттан башка эч нерсе жок деген материалисттер ушул жерде туюкка кабылышат: көргөн, көргөнүн кабылдаган жана ага жооп берген «ичтеги көз» кимге тиешелүү? Карл Прибрам да илим жана философия дүйнөсүндө кабылдоону сезгендин ким экендиги менен байланыштуу бул маанилүү изденүүгө мындайча көңүл бурган:

*Гректерден бери философтор «машинанын ичиндеги элес», «кичинекей адамдын ичиндеги кичинекей адам», сыяктууларды ойлонуп келишүүдө. «Мен» -* ***мээни колдонгон нерсе – каерде? Аң-сезимдин ээси ким?*** *Ассиздик Ыйык Франциск да айткандай: «Издегенибиз – карагандын эмне экендиги.»*[49]

Эми муну ойлоп көрүңүз: колуңуздагы китеп, сиз ичинде отурган бөлмө, кыскасы, алдыңыздагы бүт сүрөттөлүштөр мээңиздин ичинде көрүнүүдө. Андай болсо бул сүрөттөлүштөрдү атомдор көрүп жатабы? Болгондо да, сокур, дүлөй, аң-сезими жок атомдор... Эмне үчүн атомдордун бир бөлүгүнүн мындай касиети бар болуп, башкаларыныкы жок болсун?... Ойлонушубуз, түшүнүшүбүз, эстешибиз, сүйүнүшүбүз, кайгырышыбыз, булардын баары ошол атомдордун арасындагы химиялык реакциялар элеби?

Бул суроолорду терең ойлонгонубузда, атомдордо бир «эркти» издөөнүн туура эмес болоорун көрөбүз. Көргөн, уккан жана сезген нерсенин заттан тышкары, башка бир нерсе экени анык. Андай болсо бул сүрөттөлүштөрдү мээңиздин ичинде ким көрүп жатат? Мээңиздин ичинде бир көзгө муктаж болбостон бул китептин сүрөттөлүшүн көргөн, көргөндөрүн түшүнгөн, окугандарынан таасирленген, алар жөнүндө ойлонгон ким? Мээге жеткен электрдик сигналдарды бир кулакка муктаж болбостон бир досунун үнү же эң жактырган ыры катары уккан, уккандарынан ырахат алган ким?

**Бул нерсе – «рух».**

Сырттагы заттын мээдеги копияларын көргөн, уккан, сезген, кабылдаган, жоромолдогон – бул рух. Бул саптарды жазган жана окуган акылдуу нерселер – атом менен молекулалардын жыйындысы жана алардын арасындагы химиялык реакциялар эмес, «рухтар».

# Чыныгы абсолюттук Зат

Бул чындыктардын баары бизди өтө маанилүү дагы бир суроого алып барат: заттык дүйнөнүн чыныгысы жөнүндө эч нерсе билбесек жана мээбиздеги копия сүрөттөлүштөрдү гана көрүп-сезип жаткан болсок, анда бул сүрөттөлүштөрдүн булагы эмне?...

Биздин рухубузга жылдыздарды, дүйнөнү, өсүмдүктөрдү, адамдарды, денебизди жана көргөн башка нерселердин баарын тынымсыз көрсөтүп жаткан ким?

Биз жашап жаткан бүт заттык ааламды жараткан жана тынымсыз жаратып турган улуу бир Жаратуучунун бар экени апачык. Ал Жаратуучу чексиз кудуреттүү жана илимдүү.

Ал Жаратуучу – ааламдардын Рабби Аллах.

Асмандардын жана жердин, б.а. ааламдын туруктуу жана бекем эмес экени, Аллахтын жаратышы менен гана тураары жана жаратууну токтоткондо жок болоору бир аятта төмөнкүчө айтылат:

> **Күмөнсүз, Аллах асмандарды жана жерди талкаланышат деп (дайыма кудурети менен) кармап турат. Ант болсун, эгер талкаланышса, Андан башка аларды эч ким кармай албайт. Чындыгында, Ал Халим (абдан жумшак), кечиримдүү. (Фатыр Сүрөсү, 41)**

Мурда да айтып кеткендей, көп адамдар Аллахтын кудуретин түшүнө албагандыктан, өтө караңгылык менен Улуу Аллахты асмандардын бир жеринде турган жана дүйнө иштерине кийлигишпеген бир зат деп ойлошот (Аллахты аруулайбыз). Мындай туура эмес логика аалам заттардын гана жыйындысы, Аллах болсо ал заттардын «сыртында» бир жерлерде деген жаңылыш көз-караштан келип чыгат (Аллахты аруулайбыз).

Чыныгы абсолюттук зат – Аллах. **Б.а. Аллах гана бар, зат абсолюттук (өз башынча бар болгон) бир нерсе эмес. Сырттагы заттык дүйнө – Аллахтын жараткан нерсеси, Аллах «бүт жерде» жана бүт жерди ороп-курчап турат.** Бул чындык Куранда төмөнкүдөй кабар берилет:

> **Аллах... Андан башка кудай (сыйынууга татыктуу зат) жок. Ал – тирүү, Кайуум. Аны уйкусуроо жана уйку тартпайт. Асмандарда жана жерде эмне бар болсо, баары Аныкы. Анын уруксаты болбостон, Анын кабатында шапаат кылуучу ким? Ал алдыңардагыны жана артыңардагыны билет. (Алар болсо) Ал каалагандан сырткары, Анын илиминен эч нерсени түшүнүп-аңдай алышпайт. Анын күрсүсү бардык асмандарды жана жерди курчап турат. Аларды коргоо Ага оор эмес. Ал – абдан улук, абдан бийик. (Бакара Сүрөсү, 255)**

Аллахтын мейкиндиктен көз-карандысыз экени жана бүт тарапты курчап тураары башка бир аятта төмөнкүчө кабар берилет:

> **Чыгыш да Аллахтыкы, батыш да. Каякка бурулсаңар, Аллахтын жүзү (кыбыласы) ошол жакта. Күмөнсүз, Аллах курчоочу, билүүчү. (Бакара Сүрөсү, 115)**

Бул чындыкты түшүнүү натыйжасында шерик кошпостон, Аллахты жалгыз деп билген ыйман толук мааниде жаралат. Себеби Аллахтан башка бүт нерселердин элес (көлөкө) нерселер экенин билген бир адам чыныгы бир ыйман менен (хаккель йакин даражасында) **«бир гана Аллах бар, Андан башка кудай (кудуреттүү нерсе) жок»** дейт.

Аллахты көзү менен көрбөгөнү үчүн Аллахтын бар экенине ишенбегендердин материалист пикирлери да заттын чыныгы жүзүн түшүнгөндө толугу менен кулайт. Себеби бул чындыкты түшүнгөн киши өзүнүн бир элес сыпатында экенин түшүнөт. Элес бир жандыктын болсо абсолюттук бир Затты көрө албашын түшүнөт. Куранда адамдардын Аны көрө албашын, бирок Өзүнүн болсо аларды көрөөрүн Раббибиз мындайча айтат:

> **Көздөр Аны көрө албайт; Ал болсо бардык көздөрдү көрүп турат... (Энъам Сүрөсү, 103)**

Албетте, биз адамдар Аллахтын затын көздөрүбүз менен көрө албайбыз. Бирок, Аллахтын биздин ичибизди, сыртыбызды, көздөрүбүздү, ойлорубузду толугу менен курчап турарын билебиз. Ушул себептен Аллах Куранда Өзүнүн **«кулактардын жана көздөрдүн кожоюну»** (Йунус Сүрөсү, 31) экенин кабар берет. Аллахтын кабары болбостон, биз бир сөз да сүйлөй албайбыз, ал тургай, бир жолу да дем ала албайбыз. Аллах биздин кылгандарыбыздын баарын билет, бул Куранда мындайча белгиленет:

> **Күмөнсүз, жерде жана асманда Аллахтан эч нерсе жашыруун калбайт. (Али Имран Сүрөсү, 5)**

Заттын тышкы дүйнөдөгү чыныгысын көрүп-сезип жатабыз деп ойлоп, мээбиздеги копия дүйнөнү көрүп жатканда да, б.а. өмүр сүрүп жатканыбызда да, бизге эң жакын зат – бул Аллахтын Өзү. Аллах Куранда кабар берген «**Ант болсун, адамды Биз жараттык жана напсисинин ага кандай азгырыктарды берип жатканын**

**билебиз. Биз ага күрөө тамырынан жакыныраакпыз» (Каф Сүрөсү, 16)** аятынын сыры да ушул чындыкта жашырылган. Аллах адамды бүт тарабынан курчап турат жана ага «чексиз жакын».

Аллах адамдарга «чексиз жакын» экенин **«Менин пенделерим сенден Мен жөнүндө сурашса, (айткын) Мен (аларга) абдан жакынмын...»** (Бакара Сүрөсү, 186) аяты аркылуу да кабар берет. Башка бир аяттагы «**Раббиң албетте адамдарды толук курчап турат»** (Исра Сүрөсү, 60) сөзү да бул чындыкты кабар берет.

Адам өзүмө эң жакын нерсе өзүммүн деп ойлоп жаңылат. Чындыгында болсо Аллах бизге өзүбүздөн да жакыныраак. **«Жан тамакка келип тыгылганда, ал убакта силер карап-турасыңар, Биз ага силерден жакыныраакпыз; бирок көрбөйсүңөр.»** (Вакыа Сүрөсү, 83-85) аяттары менен да бул чындыкты Раббибиз Куранда билдирген. Бирок, аятта да айтылгандай, кээ бир адамдар көздөрү менен көрбөгөнү үчүн бул кереметтүү чындыктан бейкапар, капылетте жашашат. Аларды Аллах жаратканын кабыл алышат, бирок кылган иштерин өзүбүз жасап жатабыз деп ойлошот. Чындыгында болсо, адамдын ар бир кыймылы Аллахтын уруксаты менен жаратылат. Мисалы, бир китеп жазган адам Аллахтын уруксаты менен ал китепти жазат. Ал китептеги ар бир сүйлөм, ар бир пикир, ар бир абзац, Аллахтын уруксаты менен, куралат. Аллах бул өтө маанилүү чындыкты көп аяттары аркылуу кабар берет. Бул аяттардын бири **«... силерди да, кылып жаткандарыңарды да Аллах жараткан»** деген аят (Саффат Сүрөсү, 96). Аллах **«... ыргыткан кезде сен ыргыткан жоксуң, Аллах ыргытты...»** (Энфал Сүрөсү, 17) аяты аркылуу болсо кылгандарыбыздын баарынын Өзүнө тиешелүү экенин билдирет.

Чындык ушундай. Бир адам муну кабыл алгысы келбеши мүмкүн, бирок ал эч нерсени өзгөртпөйт.

# Заттын чыныгы жүзүн билүү дүйнөгө болгон ач көздүктү жок кылат

Бул жерге чейин баяндалгандар өмүрүңүздө сизге айтып берилген эң улуу чындыктардын бири. Себеби бүт заттык дүйнөнүн чындыгында бир «элес нерсе» экенин далилдеген бул баяндар – Аллахтын бар экендигин жана жаратуусун түшүнүүнүн, Анын жалгыз абсолюттук зат экенин түшүнө алуунун ачкычы. Ошол эле учурда адамдын канчалык алсыз экендигинин илимий жана четке кагылгыс бир далили жана Аллахтын кереметтүү чеберчилигинин бир көрүнүшү. Ушул себептен бул илим адамдарды ыйман кылууга мажбурлап, ыйман кылбоону мүмкүн эмес кылууда. Кээ бир адамдардын бул чындыктан качышынын негизги себеби мына ушул болууда.

Бул жерде айтылгандар бир физика мыйзамы же бир химия формуласындай анык чындыктар. Адамдар керек болгондо эң татаал математика маселелерин да чыгара алышат, түшүнүү кыйын болгон көп теманы түшүнө алышат. Бирок ушул эле кишилерге «зат адамдардын мээсинде пайда болгон бир сүрөттөлүш гана, заттын өзүн эч качан көрө албайбыз» деп түшүндүрүлгөндө, муну эч түшүнүшпөөдө. Муну өтө «апыртмалуу» бир «аңкоолук» дегенге болот. Себеби бул жерде айтылгандарды түшүнүү бир адамдын «эки жерде эки канча болот?», «канча жаштасың?» сыяктуу суроолорго бере турган жоопторундай оңой. Дүйнөнү каерде көрөсүң деп кайсы илимпоздон, кайсы неврология профессорунан сурабаңыз, сизге «албетте мээмде» деп жооп берет. Ал тургай, бул чындыкты жогорку класстын биология китептеринен да таба аласыз. Бирок ушунчалык ачык болсо да, заттык дүйнөнү мээбизде кабылдашыбыз жөнүндөгү маалыматты жана ал маалыматтан келип чыккан жыйынтыктарды көп адамдар түшүнмөксөн болушууда. Илим тарабынан далилденген эң маанилүү чындыктардын биринин адамдардан мынчалык жашырылышы, албетте, өтө чоң окуя.

Адамдардын бүт илимий чындыктарды оңой гана кабыл алып, бул чындыктан мынчалык коркуп качышынын негизги себеби болсо – бул заттын чыныгы жүзүн түшүнүүнүн бүт адамдардын жашоого көз-карашын түп-тамырынан өзгөртүшү. Затты жана өздөрүн абсолюттук нерсе деп кабыл алгандар жана бүт жашоосун ушунун негизинде кургандар бир заматта өздөрүнүн, жубайларынын, балдарынын, колундагы бүт байлыгынын элес экенин түшүнүшөт. Адамдардын бул чындыктан мынчалык коркушунун, түшүнүп туруп түшүнмөксөн

болушунун, башталгыч класстагы бала да оңой гана түшүнө алчу бир чындыкты өтө негизсиз сөздөр менен жок кылууга аракеттенишинин түпкү себеби – бул дүнүйөлүк амбицияларын жоготуу коркуусу.

Мал-мүлктөргө, балдарына, дүйнөнүн убактылуу кооздуктарына ач көздүк менен ээ чыккан бирөө үчүн бул чындап эле чоң бир коркуу алып келет. Себеби бул чындыкты түшүнгөндө, өлө элек туруп өлгөн, мал-мүлкү менен жанын тапшырган болот. Аллах **«Эгер силерден аларды(н баарын) талап кылып силерди жыланач калтырса, сараңдык кыласыңар жана силердин ачууңарды да ачыкка чыгарган болот.»** (Мухаммед Сүрөсү, 37) аяты аркылуу адамдардан бүт мал-мүлкүн талап кылганда, алардын кандайча тырышып, сараңдык кылаарын жана ачууланаарын кабар берет. Бир адам заттын чыныгы жүзүн түшүнгөндө болсо ансыз да мал-мүлкүнүн, жанынын Аллахка тиешелүү экенин, бере турган же бербей тырыша турган бир нерсеси жоктугун түшүнүп, өлбөстөн туруп бүт нерсеси менен Аллахка өзүн тапшырат. Чын ниеттен ыйман кылгандар үчүн бул бир жакшылык, кадыр-барк жана Аллахка жакындоого бир себепчи. Ыймансыз же ыйманы алсыз адамдар болсо бул жакшылыкты түшүнө албаганы үчүн бул чындыкты өтө өжөрлүк менен танышат.

# Заттын маңызы темасы жашырылбаганда, жарала турган чөйрө

Заттын оригиналын көрбөгөнүн, Аллах аларга көрсөткөн сүрөттөлүштөр менен гана аралашып жашаганын билген адамдардын бүт жашоосу, жашоого көз-карашы жана баалуулуктары өзгөрөт. Бул адамдар үчүн да, коом үчүн да пайдалуу өзгөрүү болот. Себеби бул чындыкты көргөн адам Аллах Куранда билдирген момундун жогорку ахлагын эч кыйналбастан жашайт.

Дүнүйөгө маани бербеген, заттын элес экенин түшүнгөн адамдар үчүн маани берилиши керек болгон нерсе руханий баалуулуктар болот. Аллахтын дайыма аны укканын жана көргөнүн билген, кылган ар бир иши үчүн акыретте эсеп берээрин түшүнгөн бир адам сөзсүз жакшы адеп-ахлактуу болот, Аллахтын буйрук жана тыюуларына ылайык жашоого абдан көңүл бурат. Натыйжада коомдо бүт адамдар бири-бирин сүйүп, урматташып, жакшы жана сонун иштерде бири-бири менен жарышышат. Адамдар арасындагы баалуулуктар өзгөрөт, материалдык нерелер маанисин жоготот, натыйжада адамдар арасындагы жогорулук бийлик жана байлыкка жараша эмес, адеп-ахлакка жана такыбага (Аллах коркуусуна) жараша болот. Эч ким элес болгон нерселердин артынан чуркабайт, бүт адамдар чындыктын артынан жүрөт. Адамдар «ким эмне деп ойлойт?» деп ойлонбойт, «Аллах эмне кылсам, менден ыраазы болот?» деген ой менен аракет кылат. Мал, мүлк, кызмат жана бийликтен пайда болгон бой көтөрүү, көбүү, өзүмчүлдүк сезимдеринин ордун жөнөкөйлүк жана алсыздыгын толук түшүнүү сезимдери ээлейт. Натыйжада адамдар өз каалоосу менен Куранда айтылган сонун адеп-ахлакта болушат. Мындай өзгөрүүлөр болсо бүгүнкү күндөгү коомдордун көптөгөн маселелерин чечет.

Кичинекей кызыкчылык үчүн да ачууланган, мушташка жулунган адамдардын ордун көргөндөрүнүн баарынын элес экенин билген, ошондуктан ачуулануу, кыйкырып өкүрүү сыяктуу мамилелердин аны уят кылаарын түшүнгөн адамдар ээлейт. Мунун натыйжасында адамдарда жана коомдордо бейпилдик менен ишенимдүүлүк орноп, бүт адамдар жашоосунан жана колундагы нерселеринен ыраазы болот. Адамдардан жашырылган бул чындыктын адамдарга жана коомдорго тартуулай турган немат-жакшылыктарвнын кээ бирлери мына ушулар. Бул чындыкты билүү, ойлонуу жана турмушка ашыруу менен бирге адамдар дагы көптөгөн жакшылыктарга жетишет. Бул кооздуктарга жетүүнү каалагандар болсо бул улуу чындыкты жакшылап ойлонушу жана түшүнүүгө аракет кылышы зарыл. Аллах бир аятында мындайча билдирет:

> **Чындыгында, силерге Раббиңерден баам-парасат (терең акыл) келди. Ким баам-парасат менен байкаса өзүнө пайда, ким көр болсо (көргүсү келбесе) өзүнө зыян... (Энъам Сүрөсү, 104)**

# Материалисттердин бузук логикалары

Бул бөлүмдүн башынан бери заттын, материалисттер айткандай, абсолюттук бир нерсе эместигин, заттын сырттагы чыныгысын эч качан көрүп-сезбешибизди илимий далилдери менен көрдүк. Материалисттер болсо бүт философияларын жок кылган бул апачык чындыкка каршы өтө догматикалык каршы чыгышып, негизсиз логикаларды айтышууда.

Мисалы, материалисттик философиянын 20-кылымдагы эң белгилүү жактоочуларынын бири болгон, күчтүү марксист **Жорж Политцер** буга өз оюнда маанилүү бир далил катары **«автобус мисалын»** берген. Политцердин айтуусу боюнча, заттын мээбиздеги копиясын көрөөрүбүздү жактаган ойчулдар да жолдо автобусту көргөндө тебелеп кетпеши үчүн качышат.[50]

Дагы бир белгилүү материалист Джонсон болсо ага заттын өзүн эч көрө албашыбыз айтып берилгенде, таштарды тээп бул чындыкты танууга аракеттенген.[51]

**Маркс, Энгельс, Ленин** сыяктуу белгилүү материалисттердин китептеринде дайыма ушул сыяктуу мисалдар жана «заттын чыныгы маңызын таяк жегенде түшүнөсүңөр» деген сыяктуу ачуулуу сүйлөмдөр орун алат.

Материалисттер «элес» түшүнүгүн көрүү сезими менен гана байланыштуу деп ойлоп жаңылышат. Чындыгында болсо, көрүү эле эмес, тийүү, сүзүү, сокку, катуулук, оору, ысыктык, муздактык, суу болуу сыяктуу сезимдердин баары – көрүү сыяктуу эле, адамдын мээсинде пайда болгон элестер. Мисалы, автобуска отуруу үчүн автобустун эшигинин муздак металлын колунда сезген бир адам чындыгында ал **«муздак металл сезимин»** мээсинде сезет. Бул апачык жана белгилүү бир чындык. Тийүү сезими, жогоруда да айтылгандай, бир адамдын – мисалы манжаларынан келген нерв импульстары- мээсинин белгилүү бир чекитинде пайда кылган бир сезим. Сезген манжаларыбыз эмес. Адамдар муну илимий жактан да түшүндүрүлгөндүктөн кабыл алышат. Бирок, автобустун эшигин кармоо эмес, автобустун адамды сүзүшү жөнүндө сөз болгондо болсо, б.а. бул тийүү сезими күчтүүрөөк жана оорутуучу болгондо болсо, анда абал башкача деп ойлошот. Чындыгында болсо, оору же сокку да мээде сезилет. Бир автобус сүзүп кеткен бир адам соккунун күчүн жана оорунун баарын мээсинде сезет.

Муну жакшыраак түшүнүү үчүн түштөрдү эстөө пайдалуу болот. Адам түшүндө да аны автобус сүзгөнүн, кырсыктан соң көзүн ооруканада ачканын, операция жасалганын, докторлордун сөздөрүн, үй-бүлөсүнүн паника болуп ооруканага келгенин, майып болуп калганын же жанынын катуу ооруганын көрүшү мүмкүн. Түшүндөгү бүт мындай окуялардын сүрөттөлүштөрүн, үндөрүн, катуулук сезимин, ооруну, жарыкты, ооруканадагы түстөрдү, ар кандай сезимдерди туптунук жана кадимкидей көрүп-сезет. Жана булардын баары чыныгы жашоодогудай табигый жана ынандырарлык болот. Ал убакта түшүнүн ичиндеги бирөө ага түш көрүп жатасың, көрүп жаткандарың бир элес десе ага ишенбейт. Чындыгында болсо, көргөндөрүнүн баары элес жана автобустун да, ооруkананын да, түшүндө көргөн денесинин да тышкы дүйнөдө материалдык чыныгысы жок. Түшүндө көргөн денесинин жана автобустун материалдык чыныгысы болбосо дагы, **«чыныгы бир денени» «чыныгы бир автобус»** сүзгөндөй сезе алууда.

Демек, материалисттердин «заттын чыныгы жүзүн таяк жегенде түшүнөсүң», «тизеңе бир тепки жегенде, заттын өзүн көрүп-көрбөгөнүң жөнүндө күмөн санабай каласың», «ит көргөндө бирок качасың», «автобус сүзгөндө мээңде же мээңде эмес экенин түшүнөсүң», «копия сүрөттөлүштөрдү көрүп жаткан болсоң, анда чоң жолго чыгып машиналардан качпай ортодо тур» деген сыяктуу каршы чыккан сөздөрүнүн эч кандай мааниси жок. Катуу сокку, жан ооруткан иттин тиштери, катуу бир муштумдун тийиши заттын өзүн көрүп жатканыбыздын далили боло албайт. Себеби, жогоруда айтылгандай, ушундай эле нерселерди түшүңүздө да, материалдык чыныгысы болбостон эле көрүп-сезе аласыз. Мындан тышкары, бир сезимдин күчтүү болушу ал сезим мээде пайда болгон жок деген мааниге келбейт. Бул илимий жактан далилденген апачык бир чындык. Кээ бир адамдардын трассадан өтө ылдам өтүп бараткан бир автобусту же ал автобус себеп болгон бир кырсыкты заттын физикалык чыныгысын көрүп-сезээрибиздин бир далили деп ойлошунун себеби – ал сүрөттөлүштүн адамды жаңылта турганчалык реалдуу көрүнүшү жана сезилиши. Сүрөттөлүштөрдөгү, мисалы трассадагы терендик жана

перспективанын кемчиликсиздиги, ал жерде көрүнгөн нерселердин түсү, формасы, көлөкөсү менен кемчиликсиз көрүнүшү, үн, жыт жана катуулук сезимдеринин өтө тунук болушу жана сүрөттөлүштүн ичинде бир логикалык бүтүндүктүн болушу кээ бирлерди жаңылтууда. Жана кээ бир адамдар мындан улам алардын элес (кабылдоо) экенин унутуп калышууда. Бирок мээде пайда болгон элестер канчалык кемчиликсиз жана толук кандуу болбосун, баары бир алар элес бойдон кала берет. Адам трассада баратып бир кырсыкка туш болсо да, жер титирөөдө кулаган бир үйдүн астында калса да, өрттө жалындардын ортосунда калса да, тепкичтерге чалынып куласа да, мындай окуялардын баарын мээсинде көрүп-сезет жана эч качан чыныгыларын көрүп-сезе албайт.

Бир адам трассадагы бир автобустун алдына секиргенде, мээсиндеги автобус мээсиндеги денесин сүзөт. Ал адамдын бул кырсыктан каза болушу, денесинин талкаланышы да бул чындыкты өзгөртпөйт. Эгер адамдын мээсинде көргөн бул окуя өлүм менен аяктаса, Аллах ал адамга көрсөткөн сүрөттөлүштү бир парданы алып салгандай алып салат жана ал кишиге башка бир сүрөттөлүштү, б.а. акыретке тиешелүү сүрөттөлүштөрдү көрсөтөт. Бул чындыкты азыр чын ниеттен ойлонуп түшүнбөгөндөр өлөөр замат түшүнүшөт.

# Нервдерди параллельдүү туташтыруу мисалы

Политцердин жол кырсыгы мисалын карайлы: бул кырсыкта автобустун астында тепселген кишинин беш сезим органынан мээсине барган нервдер, башка бир адамдын, мисалы Жорж Политцердин мээсине параллельдүү бир туташтыргыч менен туташтырылса, кырсыкка кабылган кишини автобус сүзгөн кезде ал убакта үйүндө отурган Политцерди да автобус сүзөт. Аныгыраагы, кырсыкка туш болгон адамдын сезгендеринин баарын, бир магнитофонго уланган эки башка колонкадан бир ырды укканга окшоп, Политцер да сезип баштайт. Политцер да үйүндө отурган абалында автобустун тормозунун үнүн, автобустун денесине тийгенин, сынган колдун жана аккан кандардын көрүнүштөрүн, сынган жерлердин ооруларын, операция бөлмөсүнө кирип бараткан көрүнүштөрдү, столдун катуулугун, колунун алсыздыгын сезип, көрөт жана башынан өткөрөт.

Кырсыкка кабылган адамдын нервдери канча кишиге туташтырылган болсо, алардын баары, дал Политцер сыяктуу, кырсыкты башынан аягына чейин баштарынан өткөрүшөт. Кырсыктагы адам комага кирсе, баары комага киришет. Ал тургай, бул авто кырсыкка тиешелүү кабылдоолордун баары бир аппаратка сакталып коюлса жана бул кабылдоолор кайра кайра артка түрүлүп, башка бир кишиге жиберилсе, ал кишини кайра кайра автобус сүзөт.

Демек, андай болсо, кимди сүзгөн автобус чыныгы? Материалист философиянын бул суроого бере ала турган парадокссуз бир жообу жок. Туура жооп мындай: авто кырсыкты баары өз мээсинде бүт майда-баратына чейин сезишет.

Торт жеш жана ташты тебүү мисалдары деле ушундай. Торт жегенде торттун курсагын толтурганын жана тойгонун сезген Энгельстин сезүү органдарына тиешелүү нервдер параллельдүү абалда экинчи бир кишинин мээсине туташтырылса, Энгельс торт жеп тойгон убакта ал киши да торт жеп тойот. Ташты тепкенде буту ооруган материалист Джонсондун нервдери параллельдүү башка бир кишиге туташтырылса, ал киши да ташты тээп, буту ооруйт.

Андай болсо кайсы торт менен кайсы таш чыныгы? Материалисттик философия буга да парадокссуз бир жооп бере албайт. Туура жана парадокссуз жооп мындай: Энгельс да, берки киши да тортту өз мээлеринде жеп тоюшкан болот. Джонсон да, берки киши да ташты тебүү учурун өз мээлеринде бүт майда-бараттарына чейин башынан өткөрүшкөн болот.

Жогоруда Политцер менен байланыштуу берген мисалды төмөнкүчө өзгөртөлү: үйүндө отурган Политцердин нервдерин автобус сүзгөн адамдын мээсине, автобус сүзгөн адамдын нервдерин болсо Политцердин мээсине туташтыралы. Бул учурда болсо Политцер үйүндө отурган абалда мени автобус сүздү деп ойлосо, автобус сүзгөн адам болсо кырсык канчалык күчтүү болсо да, муну эч байкабайт, себеби өзүн үйдө отурам деп ойлойт. Бул логиканы торт жеш жана ташты тебүү мисалдарына да колдонууга болот.

Булардын баары материализмдин канчалык күчтүү бир фанатизм экенин көрсөтүүдө. Бул философия «зат гана бар» деген гипотезага таянат. Бирок, чындыгында адам «заттан башка эч нерсе жок» деп айткыдай заттын өзүн эч качан көрүп-сезе албайт да. Биз билген аалам – бул, чындыгында мээбизде көргөн кабылдоолор (элестер) ааламы. Англис философ Дэвид Юм (David Hume) бул чындык жөнүндөгү көз-караштарын төмөнкүчө айтат:

> *Чын ниеттен өзүм деп атаган нерсе менен бирге болгонумда мен ысык же суук, жарык же көлөкө, ашык болуу же жек көрүү, азап же жыргал менен байланыштуу атайын бир сезимдерге дайыма кабылам. Мен бир сезимдер (элестер) болбостон, кандайдыр бир учурда өзүмдү эч качан кармай албайм жана* ***эч качан элестерден башка бир нерсени байкай албайм.***[52]

# Кабылдоолордун мээде пайда болгону – бир философия эмес, илимий чындык

Материалисттер бул жерде айткандарыбызды философиялык бир көз-караш дешүүдө. Чындыгында болсо, биздин «тышкы дүйнөнүн» өзүн эч качан көрүп-сезе албашыбыз бир философия эмес, илимий бир чындык. Сүрөттөлүштүн жана сезимдердин мээде кантип пайда болоору учурда медицина факультеттеринде өтө терең окутулат. Заманбап физика баш болуп 20-кылымдын илими ортого койгон чындыктар заттын конкреттүү бир реалдуулукка ээ эместигин, бүт адамдардын бир мааниде «мээсиндеги экранды» көрөөрүн апачык көрсөтүүдө.

Муну атеист болсун, будист болсун, башка бир көз-караш же пикирдеги адам болсун, илимге ишенгендердин баары кабыл алууга мажбур. Бир материалист өз оюнда Аллахтын бар экенин танышы мүмкүн, бирок бул илимий чындыкты тана албайт.

Ал доордун илим түшүнүгү менен илимий мүмкүнчүлүктөрү жетишсиз болсо да, Карл Маркс, Фридрих Энгельс, Жорж Политцер жана башкалардын мынчалык оңой жана апачык бир чындыкты түшүнө албашы, ошентсе да, таң калыштуу. Бирок бүгүнкү күндө илим менен технологиянын мүмкүнчүлүктөрү өтө өнүктү жана бул мүмкүнчүлүктөр ансыз да апачык болгон бул чындыкты түшүнүүнү андан да жеңилдетүүдө. Материалисттер болсо толук болбосо да муну кандайдыр бир деңгээлде түшүнүшүп, экинчи жагынан мунун алардын философиясын тамырдан кулатканын байкашып, өтө коркушууда.

# Материалисттердин чоң коркуусу

Материалисттер бул коркуу менен паникасын көптөн бери өздөрүнүн маалымат каражаттарында, конференцияларында, панельдеринде бийик үн менен айтышууда. Алардын тынчсызданган жана үмүтсүз сөздөрүнөн олуттуу бир пикирдик кризиске туш болушканы көрүнүүдө. Философияларынын негизи болгон эволюция теориясынын илимий тараптан кыйратылышы менен ансыз да олуттуу бир шокко киришкен эле. Бирок эми дарвинизмден алда канча маанилүү бир таянычын, түздөн-түз «зат абсолюттук нерсе» деген ишенимдерин жоготуп башташканын түшүнүштү жана андан да чоң бир шокко киришти. Бул теманын алар үчүн «эң чоң коркунуч» экенин, алардын «маданий кыртыштарын бүтүндөй кулатканын» айтып башташты.

Түркиядагы материалист чөйрөлөрдүн мындай тынчсыздануу менен паникасын эң ачык айткандардын бирөө материализмди жактоону өзүнө милдет кылып алган *Bilim ve Ütopya (Илим жана утопия)* журналынын жазуучусу жана университет мугалими Реннан Пекүнлү болду. Пекүнлү бул журналда жазгандарында болсун, башка панельдерде болсун, *Evrim Aldatmacası (Эволюция алдамчылыгы)* китебин биринчи кезектеги «коркунуч» катары көрсөттү. Пекүнлүнү эң көп тынчсыздандырган нерсе болсо – китептин дарвинизмди жараксыз кылган бөлүмдөрү эмес, азыр сиз окуп жаткан жана *Evrim Aldatmacası* аттуу китепте да орун алган бөлүм эле. Окурмандарына жана

(өтө аз сандагы) угармандарына «өзүңөрдү эч идеализмдин бул пикирлерине алдыра көрбөгүлө, материализмде бекем тургула» деген Пекүнлү өзүнө таяныч катары Орусиядагы кандуу коммунисттик төңкөрүштүн лидери Владимир И. Ленинди тапкан. Ленин бир кылым мурда жазган *Материализм жана эмпириокритицизм* аттуу китепти окугула деп баарына сунуштаган Пекүнлү Ленинге тиешелүү болгон «эч бул теманы ойлоно көрбөгүлө, болбосо материализмден айрыласыңар жана өзүңөрдү динге алдырасыңар» деген сабатсыз эскертүүлөрдү кайталагандан башкага жарабады. Пекүнлү жогоруда айтылган материалист журналда жазган бир макаласында Лениндин төмөнкү саптарын колдонгон:

> *Сезимдерибиз менен кабылдаган заттык чындыкты бир жолу эстедиңби, шектенүүгө (агностицизм) жана субъективдүүлүккө жылгандыктан, фидеизмге (диний ишенимге) каршы колдоно турган бардык куралдарыңдан айрыласың; бул болсо фидеизмдин каалаган нерсеси.* ***Манжаңды алдырдыңбы, алгач колуң анан өзүң кетесиң.*** *Сезимдерди заттык дүйнөнүн бир көрүнүшү катары эмес, атайын бир мүчө катары алганда, башкача айтканда, материализмден орун бергениңде, өзүңдү (өздүгүңдү) фидеизмге алдырасың. Кийин сезимдер эч кимдин сезимдери болот, акыл эч кимдин акылы, рух эч кимдин руху, каалоо эч кимдин каалоосу болот.*[53]

Бул саптар Ленин түшүнүп өтө корккон жана өз башынан да, «жолдошторунун» баштарынан да өчүрүүнү каалаган чындыктын бүгүнкү материалисттерди да өтө коркутуп жатканын көрсөтүүдө. Бирок Пекүнлү менен башка материалисттер Лениниден алда канча көбүрөөк тынчсызданышууда; себеби бул чындыктын мындан 100 жыл мурдага караганда өтө ачык, так жана күчтүү далилдер менен ортого коюлганын түшүнүп турушат. Бул тема бүт дүйнө тарыхында биринчи жолу ушунчалык күчтүү далилдер менен түшүндүрүлүп жатат.

Бирок ошентсе да, көп материалист илимпоздордун «заттын өзүн эч качан көрүп-сезе албашыбыз» жөнүндөгү чындыкты өтө үстүртөн карашканы көрүнүп турат. Себеби бул жерде айтылгандар бир адамдын өмүрүндөгү **эң маанилүү жана эң көңүлүн толкундата турган нерселердин бири.** Алардын мынчалык маанилүү бир темага мурда туш болгону мүмкүн эмес. Ошого карабастан, ал илимпоздордун реакциясы жана сөздөрү менен жазгандары алардын өтө үстүртөн ойлонушканын көрсөтүүдө.

Кээ бир материалисттердин бул жерде түшүндүрүлгөндөргө көрсөткөн реакциясы материализмге болгон сокур бекемдигинин аларды логикалык жактан бузганын жана ушул себептен бул теманы түшүнүүдөн өтө алыс калышканын көрсөттү. Мисалы, дагы бир *Bilim ve Ütopya* журналынын жазуучусу жана университет мугалими Алаеттин Шенел, Реннан Пекүнлү сыяктуу, **«дарвинизмдин кыйратылышы мындай турсун, негизги коркунуч бул тема»** деп, өздөрүнүн философиясынын бир таянычы жоктугун сезгендиктен «андай болсо силер айткандарыңарды далилдегиле» деген мааниге келген талаптарды койгон. Бирок эң кызыгы бул киши өзүнүн бул чындыкты эч түшүнө албаганын көрсөткөн саптарды жазган.

Мисалы, Шенел толугу менен ушул темага арналган бир макаласында тышкы дүйнөнүн мээнин ичинде сүрөттөлүш катары кабылданаарын кабыл алган. Бирок *«мээмдеги сүрөттөлүштөрдүн тышкы дүйнөдө чыныгысынын бар же жок экенин билбейм, бирок телефондо сүйлөшкөнүмдө да абал ушундай эле; телефондо сүйлөшкөндө сүйлөшүп жаткан кишини көрө албайм, бирок кийин жолугуп сүйлөшкөндө ал маекти тастыктай алам»* деп жазган.[54]

Бул киши мындай салыштыруусу менен муну айткысы келген: *«Эгер сезимдерибизден (кабылдоолорубуздан) күмөн санасак, заттын өзүн карап чындыкты текшере алабыз.»* Чындыгында болсо, бул өтө чоң бир жаңылыштык, себеби биз эч качан заттын өзүнө жете албайбыз. **Эч качан мээбиздин сыртына чыгып, «сыртта» эмне бар экенин биле албайбыз.** Телефондогу үндүн бир кишиге тиешелүү экенин телефондогу кишиге тастыктатууга болот. Бирок бул тастыктатуу да толугу менен мээде болуп өтөт.

Бул кишилер ушундай эле окуяларды түштөрүндө да көрүшөт. Мисалы, Шенел түшүндө да телефон менен сүйлөшкөнүн, анан аны сүйлөшкөн кишисине тастыктатканын көрүшү мүмкүн. Же Пекүнлү түшүндө да «чоң коркунучка» кабылганын сезип, аны угуп жаткандарга Лениндин бир кылым мурдакы эмгектерин сунушташы

мүмкүн. Бирок бул материалисттер эмне гана кылышпасын, башынан өткөргөн окуяларынын, сүйлөшкөн кишилеринин чыныгыларын эч качан көрүп-сезе албашын тана алышпайт.

# Материалисттер тарыхтын эң чоң тузагына түшүштү

Түркиядагы материалист чөйрөлөрдө чыккан жана бул жерде бир канчасы гана мисал келтирилген паника атмосферасы негизи материалисттердин тарых бою болуп көрбөгөн чоң жеңилүүгө туш болгонун көрсөтүүдө. Заттын өзүн көрүп-сезбешибиз жөнүндөгү чындык заманбап илим тарабынан далилденди жана болгондо да, апачык, так жана күчтүү далилдер менен ортого коюлду. Материалисттер сокурдук менен ишенип, таянган заттык дүйнөнүн ичиндеги бүт нерсеси менен бирге бүтүндөй жок болгонун көрүшүп, ага каршы эч нерсе кыла албай жатышат.

Адамзат тарыхы бою материалисттик көз-караш дайыма болуп келген жана ал кишилер өздөрүнө жана жактаган философиясына өтө ишенишип, өздөрүн жараткан Аллахка сабатсыздык менен баш көтөрүшкөн. Алар чыгарган акыл менен илимге сыйбас сценарий боюнча, заттын башы жана аягы жок эле жана булардын баарынын Жаратуучусу болушу мүмкүн эмес эле (Аллахты аруулайбыз). Бой көтөрүүдөн улам гана Аллахты танышып, «зат абсолюттук (Жаратуучусуз, өзүнөн-өзү бар болгон) нерсе» деген жалгандын артына жашынышкан. Бул философияларына ушунчалык ишенишип, эч качан мунун мындай эместигин далилдей турган бир түшүндүрмө чыкпайт деп ойлошкон.

Мына ушул себептен, заттын чыныгы жүзү жөнүндө бул китепте айтылган чындыктар ал кишилерди өтө чоң паникага салды. Себеби бул жерде айтылгандар алардын философиясын тамырынан кыйратып, талашканга да эч мүмкүнчүлүк калтырган жок. Бүт ой-пикирлерин, өмүрлөрүн, текебердигин жана атеизмдерин таяган зат колдорунан бир заматта учуп кетти.

Аллахтын бир сыпаты – бул каапырларга тузак курушу. Куранда «**алар бул тузакты даярдап жатышканда, Аллах да бир тартип (бир жаза) куруп жаткан. Аллах тартип куруучулардын (тузактарына жооп бергендердин) жакшысы»** (Энфал Сүрөсү, 30) аяты аркылуу бул чындык кабар берилет.

Аллах заттын өзүн көрүп-сезип жаткандай сездирип материалисттерди тузакка түшүрдү жана тарыхта болуп көрбөгөндөй уят кылды. Мал-мүлктөрүнүн, кызматтарынын, наамдарынын, айланасындагы адамдардын, бүт дүйнөнүн жана чындыгында копияларын гана көрүп жаткан бүт нерсенин өзүн билебиз деп ойлошкон, жана ал тургай, аларга ишенип, сабатсыздык менен, Аллахка карата бой көтөрүшкөн (Аллахты аруулайбыз). Өтө акылсыздык кылышып, текеберленип, Аллахка баш көтөрүшкөн жана каапырчылыкта өтө алдыга кетишкен. Мындай кылууда таянган жалгыз нерселери зат болгон. Бирок ушундай аңкоолукка түшүшүп, Аллахтын аларды толук ороп-курчап тураарын эч ойлоп да коюшкан эмес. Аллах каапырлардын аңкоолуктан улам түшө турган абалын Куранда төмөнкүчө кабар берген:

> **Же болбосо, алдамчы бир тартип (тузак) кургулары келип жатабы? Бирок (чындыгында) ошол каапырлар өзү алдамчы-тузакка түшүшөт. (Тур Сүрөсү, 42)**

Бул балким тарыхтагы эң чоң жеңилүүдүр. Материалисттер өз ойлорунда бой көтөрүп жатып, чындыгында чоң бир тузакка түшүштү жана Аллахка карата акмактардай күрөш жүргүзүшүп толук жеңилишти. **«Ошентип Биз ар өлкөнүн алдыңкыларын –ал жерде алдамчы-тузактар курушсун деп- ал жердин кылмышкер-күнөөкөрлөрү кылдык. Чындыгында болсо, алар алдамчы-тузакты өздөрүнө гана куруп жатышканын билишпейт»** (Энъам Сүрөсү, 123) аяты Жаратуучубуз Аллахка сабатсыздык менен баш көтөргөн ушул сыяктуу каапырлардын канчалык аңкоо экенин жана аларды кандай жыйынтык күтүп турганын ачык кабар берет. Башка бир аятта болсо бул чындык төмөнкүчө кабар берилет:

**(Өз ойлорунда) Аллахты жана ыйман кылгандарды алдашат. Чындыгында болсо, алар өздөрүн гана алдап жатышат жана муну билишпейт. (Бакара Сүрөсү, 9)**

Каапырлар өз ойлорунда тузак курууну көздөп жатканда, Аллах аятта «билишпейт» деп айткандай, өтө маанилүү бир чындыкты байкашкан эмес: баштарына келген бүт окуялардын мээлеринде көргөн копия сүрөттөлүштөр экенин жана жасаган ар бир иши сыяктуу, курган тузактарынын да мээлеринде жаратылган бир сүрөттөлүшүн көрүп жатышканын...

Ушундай аңкоолуктары себебинен Аллах менен жалгыз экенин унутушуп, өздөрүн өздөрү алдамчы бир тузакка түшүрүштү.

Башка доорлордогу сыяктуу, бул доордо да Аллах каапырлардын бүт алдамчы-тузактарын тамырынан кулата турган бир чындыкка аларды беттештирди. Аллах **«...Эч күмөнсүз, шайтандын алдамчы-тузагы өтө алсыз»** (Ниса Сүрөсү, 76) аяты менен бул тузактардын жаңы курулган кезде эле кулай турган болуп курулаарын да кабар берген. Жана ыймандууларды болсо **«...алардын алдамчы тузактары силерге эч кандай зыян тийгизе албайт...»** (Али Имран Сүрөсү, 120) аяты менен сүйүнчүлөгөн.

Аллах башка бир аятында каапырлардын алданышын мындайча кабар берет: **«...алардын кылгандары түптүз бир талаадагы заакымга окшош; суусаган аны бир суу деп ойлойт. Аягында ага жеткенде эч нерсе таба албайт жана жанында Аллахты көрөт...»** (Нур Сүрөсү, 39). Материализм философиясы да ушул аятта ишарат кылынгандай, Аллахты тангандар үчүн бир «заакым» болот; ага ишенип колдорун созушканда, бул философиянын алдамчылыгын түшүнүшөт. Аллах аларды ушундай бир заакым менен алдап, бүт кабылдоолордун (сезимдерди) чыныгысын көрүп жаткандай көрсөткөн. Профессорлор, астрономдор, биологдор, физиктер, наамдары, кызматтары кандай гана болбосун, затты өздөрүнө акылсыздык менен кудай тутунганы (Аллахты аруулайбыз) себептүү бул оюнга жаш баладай алданып, уят болушту. Мээлеринде көргөн копия сүрөттөлүштөрдү абсолюттук (эч нерседен көз-карандысыз, өзүнөн-өзү бар) деп ойлошуп, ага таяп философияларын, идеологияларын курушуп, ал жөнүндө өтө талашып-тартышышып, «интеллектуалдуу» сүйлөмдөрдү колдонушкан эле. Мындан улам өздөрүн өтө акылдуу элестетип, ааламдын маңызы жөнүндө ой жүгүртө алабыз деп ойлошкон жана эң негизгиси өздөрүнүн чектүү акылдары менен Аллах жөнүндө күмөндөрдү айтышкан эле. Аллах алар түшкөн мындай абалды бир аятында мындайча кабар берет:

**Алар (ишенбегендер) бир тартип (план) түзүштү. Аллах да (ага карата) бир тартип түздү. Аллах тартип түзүүчүлөрдүн эң жакшысы. (Али Имран Сүрөсү, 54)**

Дүйнөдө кээ бир тузактардан кутулуу мүмкүн; бирок Улуу Аллахтын каапырларга курган бул тузагы ушунчалык бекем болгондуктан, каапырлардын эч кутулуу мүмкүнчүлүгү калган жок. Эмне гана кылышпасын, кимге гана кайрылышпасын, аларды куткара турган Аллахтан башка бир жардамчы да таба алышпайт. Аллах Куранда кабар бергендей, **«...өздөрүнө Аллахтан башка бир (өкүл) коргоочу дос жана жардамчы таба алышпайт.»** (Ниса Сүрөсү, 173)

Материалисттер мындай тузакка түшөөрүн эч күткөн эмес эле. 20-кылымдын бүт мүмкүнчүлүктөрү колубузда турганда Аллахты танууну улантабыз жана адамдарды да атеизмге сүйрөйбүз деп ойлошкон эле. Аллах каапырлардын тарых бою уланып келген мындай ойлорун жана жеткен жыйынтыгын Куранда төмөнкүчө кабар берген:

**Алар алдамчы бир тузак курушту. Биз да (алардын тузагына каршы) алар байкабаган бир тузак курдук. Эми сен алар курган алдамчы-тузактын жеткен жыйынтыгын кара; биз аларды жана коомдорун баарын чогуу жер менен жексен кылдык. (Немл Сүрөсү, 50-51)**

Аяттарда айтылган чындыктын бир мааниси мындай: материалисттерге колдорундагы бүт нерсенин мээлериндеги копияларын гана көрүп жатканы көрсөтүлдү, б.а. **колдорундагы нерселердин баары чогуу жок кылынды.** Жана алар чыныгыларынын кожоюнубуз деп ойлогон мал-мүлктөрүнүн, заводдорунун, алтындарынын, долларларынын, балдарынын, жубайларынын, досторунун, кызмат жана наамдарынын, ал тургай,

өз денелеринин да колдорунун арасынан жылмышып чыгып баратканына күбө болушуп, бир мааниде **«жок болушту»**. Зат абалынан чыгып, эми бир рух болуп калышты.

Албетте, бул чындыкты түшүнүү – материалисттер үчүн эң коркунучтуу окуя. Себеби бул өздөрү айткандай, алар үчүн дүйнөдө туруп, «өлбөстөн өлүү» маанисине келет.

Аллах **«аны жалгыз кылып (жана жапжалгыз) жараткан (бул адам)ды Мага кой»** (Мудессир Сүрөсү, 11) аяты аркылуу ар бир адамдын Улуу Аллах Кабатында негизи жападан жалгыз экенин кабар берген. Бул кереметтүү чындык дагы көп аяттарда кабар берилген:

> **Ант болсун, силерди алгач жаратканым сыяктуу (бүгүн да) «бир-бирден, жападан жалгыз жана өзүңөр» бизге келдиңер жана силерге бергендерибизди артыңарда калтырдыңар... (Энъам Сүрөсү, 94)**
>
> **Жана алардын баары кыямат күнү Ага «жападан жалгыз, өзү» келет. (Марийам Сүрөсү, 95)**

Бул аяттарда айтылган чындыктын бир мааниси мындай: затты сабатсыз-караңгылык менен кудай тутунгандар (Аллахты аруулайбыз) Аллахтан келишип, кайра Ага кайтышкан. Каалашса да, каалашпаса да, Аллахка моюн сунушкан. Азыр сурак күнүн күтүп жатышат жана ал күнү бир-бирден суракка алынышат. Канчалык түшүнгүлөрү келбесе да...

# Жыйынтык

Бул жерге чейин айтылгандар өмүрүңүздө сизге айтып берилген эң чоң чындыктардын бири. Заттын өзүн эч качан көрө албашыбызды далилдеген бул тема – Аллахтын бар экенин жана бүт нерсени Анын жаратканын, Анын жалгыз абсолюттук зат экенин түшүнүүнүн ачкычы.

Бул теманы түшүнгөн адам дүйнөнүн көп адамдар ойлогондой бир жер эмес экенин түшүнөт. Дүйнө көчөлөрдө максатсыз басып жүргөндөр, кафелерде урушкандар, люкс ресторандарда бир-бирине көрүнгөндөр, байлыгына мактангандар, өмүрлөрүн бош максатка арнагандар ойлогондой, биз чыныгысын (өзүн) билген, абсолюттук бир жер эмес. Биздин дүйнө жөнүндө билгендерибиздин баары мээбизде көргөн копия сүрөттөлүштөрдөн гана турат. Жогоруда саналган адамдардын баары – ушул копия сүрөттөлүштөрдү мээлеринин ичинде көргөн көлөкө (элес) жандыктар; бирок муну билишпейт.

Бул тема өтө маанилүү жана Аллахты жокко чыгарган **материалисттик философияны** тамырынан кыйратат. **Маркс, Энгельс, Ленин** сыяктуу материалисттердин бул теманы укканда паникага түшүшү, ачууланышы, жолдошторун «эч ойлоно көрбөгүлө» деп эскертиши ушул себептен. Негизи бул кишилер кабылдоолордун мээде пайда болоорун да түшүнө албай турганчалык аңкоо болушат. Мээлеринин ичинде көргөн дүйнөнү «тышкы дүйнөнүн өзү (чыныгысы)» деп ойлоп, мунун мындай эместигин көрсөткөн апачык далилдерди болсо эч түшүнө алышпайт.

Мындай капылеттик – Аллах каапырларга берген акылсыздыктын бир натыйжасы. Себеби Аллах Куранда кабар бергендей, каапырлардын **«жүрөктөрү бар, аны менен аңдап-түшүнө алышпайт; көздөрү бар, аны менен көрө алышпайт; кулактары бар, аны менен уга алышпайт. Булар – айбандар сыяктуу, ал тургай андан да төмөн. Дал ушулар – капылет калгандар.»** (Аьраф Сүрөсү, 179)

Биз жашап жаткан заманда бул чындык илимий далилдер менен анык далилдене турган даражага келди. Ааламдын өзүн көрүп-сезе албашыбыз жөнүндөгү чындык дүйнө тарыхында биринчи жолу ушунчалык так, ачык жана түшүнүктүү түшүндүрүлүп жатат.

Ушул себептен, **21-кылым** көп адамдар чындыкты түшүнүп, жалгыз абсолюттук зат болгон Аллахка топ-топ болуп багыттала турган **бир тарыхый бурулуш кылымы болот**. 21-кылымда 19-кылымдын материалист жолдон адашкан ишенимдери тарыхтын таштандысына ташталып, адамдар Улуу Раббибиз Аллахтын бар экенин жана

теңдешсиз жаратканын, мейкинсиздик, убакыттын жоктугу сыяктуу чындыктарды түшүнүп, адамзат кылымдардан бери көз алдына тосулган пардалардан, калптардан жана негизсиз ишенимдерден кутулат.

# 3-БӨЛҮМ

# УБАКЫТТЫН САЛЫШТЫРМАЛУУЛУГУ ЖАНА ТАГДЫР

Мурдакы бөлүмдөрдө айтылгандардан сырттагы дүйнөнү эч качан көрүп-сезе албашыбыз, заттын мээбиздеги абалын гана билээрибиз жана негизи бүт өмүрүбүздүн «мейкинсиздик» ичинде өтөөрү түшүнүктүү болду. Буга каршы чыгуу акыл менен илимге каршы чыгып, негизсиз бир ишенимге ынануу болот. Себеби бул айтылгандар мектепте ортоңку класс китептеринде да түшүндүрүлгөн илимий чындыктар.

Бул эволюция теориясынын негизин түзгөн материалисттик философиянын биринчи гипотезасын жокко чыгарат. Ал гипотеза «зат абсолюттук (өзүнөн-өзү бар) жана түбөлүктүү (башы жана аягы жок)» дейт. Материалисттик философиянын экинчи гипотезасы болсо «убакыт абсолюттук жана түбөлүктүү» деген гипотеза, жана бул дагы биринчи гипотезадай эле негизсиз бир ишеним.

## Убакыт элеси

Убакыт деп аталган элес (кабылдоо) – негизи бир көз ирмемди башка көз ирмем менен салыштыруу ыкмасы. Муну бир мисал менен түшүндүрөлү. Бир нерсени урганыбызда андан белгилүү бир үн чыгат. Ал нерсени кайра урганыбызда дагы бир жолу үн чыгат. Адам биринчи үн менен экинчи үн арасында бир мөөнөт бар деп ойлойт жана ал мөөнөттү «убакыт» деп атайт. Чындыгында болсо экинчи үндү уккан кезде биринчи үн мээсиндеги бир элес гана болот. Эс-тутумунда турган бир маалымат гана. **Адам эс-тутумундагы маалыматты жашап жаткан көз ирмемине салыштырып**, убакыт элесин алат. Эгер **мындай салыштыруу болбосо, убакыт элеси да болбойт**.

Ошол сыяктуу, бир киши бир бөлмөгө эшигинен кирип, анан бөлмөнүн ортосундагы креслого отурган бир адамды көргөндө, салыштыруу жасайт. Ал адам креслого отурганда, анын эшикти ачышы, бөлмөнүн ортосун көздөй басышы жөнүндөгү сүрөттөлүштөр мээсиндеги бир маалымат гана болот. Убакыт сезими креслого отуруп жаткан адам менен бул маалыматтарды салыштыруудан пайда болот.

Физик Джулиан Барбур убакытка мындай аныктама берет:

> *Убакыт – бул буюмдардын позицияларын өзгөртүү көрсөткүчү гана. Бир маятник термелет, сааттын жебелери алга жылат.55*

Кыскасы, **убакыт мээде сакталган бир катар элестер арасында салыштыруу жасоодон пайда болот**. Эгер бир адамдын эс-тутуму болбосо, мээси мындай жоромолдорду жасабайт жана натыйжада убакыт элеси да пайда болбойт. Бир адам мээсинде отуз жылга тиешелүү кээ бир маалыматтар чогулганы үчүн гана «мен отуз жаштамын» дейт. Эгер эс-тутуму болбосо, артында мындай убакыт бар экенин ойлонбойт, жана жашап жаткан жалгыз «көз ирмемди» гана билет.

# Убакыттын жоктугунун илимий түшүндүрмөсү

Убакыттын кыймылдаган нерселер жана өзгөрүүлөрдү белгилүү бир кезекке коюудан келип чыккан бир түшүнүк экени учурда илим тарабынан да кабыл алынды. Бул жөнүндө көз-караштарын айткан ойчул жана илимпоздордон мисалдар берип, муну жакшыраак түшүндүрүүнө аракет кылалы.

*The End of Time* (Убакыттын аягы) аттуу китебинде убакыттын жоктугу жана түбөлүктүүлүк жөнүндөгү сөздөрү менен илим дүйнөсүндө чоң кызыгуу жараткан физик Джулиан Барбур убакыттын бир элес экендигинин көп адамдар үчүн кабыл алуу оор болгон бир чындык экенин айтат. *Discover* журналында Барбур менен болгон бир маекте убакыт элеси жөнүндө төмөнкүдөй жоромол жасалат:

> *Мен дагы эле кабыл алууда кыйналам» дейт (Барбур). Бирок ой жүгүртүү ааламды түшүнүүдө эч качан ишенимдүү бир жол көрсөтүүчү болгон жок –Коперник күн жердин айланасында айланбайт деп биринчи жолу айткандан бери физиктер кабылдоолорубузду таң калтырышты. Кандай болгондо да, жер 67000 миль/саат ылдамдыкта боштукта айланып жатканда кичине бир кыймылды да сезбейбиз. Барбур убакыт өтүп жатат деген сезимибиздин «Тегиз дүйнө жамаатынын» (Flat Earth Society) негизсиз ишениминдей туура эмес дейт.»*[56]

Бул жерден да көрүнүп тургандай, белгилүү физик Барбур «убакыт абсолюттук нерсе» деген ишенимибиздин негизсиз экенин айтууда. Жана учурда физика тармагындагы изилдөөлөр бул чындыкты апачык көрсөтүүдө. Убакыт абсолюттук эмес, болуп жаткан окуяларга жараша ар кандай сезилүүчү салыштырмалуу бир түшүнүк.

Нобель сыйлыгынын ээси, генетика профессору жана ойчул Франсуа Жакоб болсо *Мүмкүндөрдүн оюну* аттуу китебинде убакыттын тескериге жүрүшү жөнүндө мындай дейт:

> *Тескерисинен көрсөтүлгөн тасмалар (фильмдер)* ***убакыт тескери аккан бир дүйнөнүн*** *эмнеге окшой тургандыгын элестетүү мүмкүнчүлүгүн берет. Сүт чынысдагы кофеден бөлүнүп, сүт идишине жетүү үчүн абага уча турган бир дүйнө; жарык бөлүкчөлөрү бир булактан чыгуунун ордуна бир тузактын (тартылуу борборунун) ичинде топтолуу үчүн дубалдардан чыга турган бир дүйнө; сансыз суу тамчыларынын таң калыштуу чогуу аракети менен суунун сыртын көздөй ыргытылган бир таш бир адамдын колуна келүү үчүн бир ийри сызык бойунча уча турган бир дүйнө. Бирок убакыт тескери аккан мындай дүйнөдө* ***мээбиздин процесстери жана эс тутуунун пайда болушу да ушул сыяктуу тескериге айландырылган болот.*** *Өткөн чак жана келер чак үчүн да дал ушундай болот жана дүйнө бизге толугу менен азыркы көрүнүп жаткан сыяктуу көрүнөт.*[57]

Мээбиз белгилүү бир кезек ыкмасына көнгөндүктөн, азыр дүйнө бул жерде айтылгандай эмес жана убакыт дайыма алдын көздөй жылат деп ойлойбуз. Чындыгында болсо, бул мээбизде пайда болгон бир чечим жана ошондуктан толугу менен салыштырмалуу нерсе. Чындыгында убакыттын кандайча өткөнүн же өтүп-өтпөгөнүн эч качан биле албайбыз. Бул болсо **убакыттын абсолюттук бир чындык эмес, бир сезим (элес) гана экенин** көрсөтөт.

Убакыттын бир элес экени 20-кылымдын эң улуу физиги деп кабыл алынган Эйнштейн чыгарган Жалпы салыштырмалуулук теориясы менен да тастыкталган. Линкольн Барнетт *Аалам жана Эйнштейн* аттуу китебинде мындай дейт:

> *Абсолюттук космос менен бирге Эйнштейн чексиз өтмүштөн чексиз келечекти көздөй аккан адашпаган жана өзгөрбөгөн бир универсалдуу убакыт теориясын да четке какты. Салыштырмалуулук теориясын түшүнбөстүктүн негизги себеби адамдардын* ***убакыт сезиминин да түс сезими сыяктуу бир элес экендигин*** *кабыл алгылары келбегендигинен пайда болууда... Космос заттык нерселердин ыктымалдуу катары болгон сыяктуу,* ***убакыт да – окуялардын ыктымалдуу бир катары.*** *Эйнштейндин төмөнкү*

*сөздөрү убакыттын өзгөчөлүгүн эң жакшы түшүндүрөт: «Бир адамдын жашоосу бизге бир тизмектелген окуялардын ичинде курулган сыяктуу көрүнөт. Бул тизмектен* ***эсибизге келген окуялар «мурдараак» жана «кийинчерээк» өлчөөсүнө жараша тизмектелген сыяктуу.*** *Ушул себептен бир адам үчүн мен-убактысы, б.а.,* ***субъективдүү (жекече) убакыт бар.*** *Бул убакыт өзүнчө өлчөнө албайт. Окуялар менен сандар арасында ушундай бир байланыш курамын, чоң бир сан мурдакы бир окуяга эмес, кийинки бир окуяга тиешелүү болот.*[58]

Эйнштейн Барнетт айткандай *«космос менен убакыттын да бир сезим (элес) экендигин, түс, форма жана чоңдук түшүнүктөрү сыяктуу бул түшүнүктөрдү да* ***аң-сезимден бөлүп кароонун мүмкүн эместигин көрсөткөн****»*. Жалпы салыштырмалуулук теориясы боюнча, ***«убакыт да – аны өлчөгөн окуялардан сырткары өзүнчө, көз-карандысыз бар болгон бир нерсе эмес».***[59]

Убакыт бир элес болгон болсо, демек, ал бүтүндөй кабылдагандан көз-каранды, б.а. салыштырмалуу бир түшүнүк.

Убакыттын өтүү ылдамдыгы аны ченеп жатканда колдонгон көрсөткүчтөрүбүзгө жараша өзгөрөт. Себеби адамдын денесинде убакыттын өтүү ылдамдыгын абсолюттук так көрсөтө турган табигый бир саат жок. Линкольн Барнетт айткандай, *«түстү айырмалай турган бир көз болбосо, түс да болбойт; ошол сыяктуу эле, убакытты көрсөтө турган бир окуя болмоюнча, бир көз ирмем, бир саат же бир күн эч нерсе боло албайт.»*[60]

Убакыттын салыштырмалуулугу түшүбүздө абдан даана байкалат. Түшүбүздө көргөндөрүбүз бир топ саатка созулгандай сезилгенде, кээде чындыгында бир канча секунда же минута гана уктаган болобуз.

Бул теманы жакшыраак түшүнүү үчүн төмөнкүдөй бир мисал берели. Атайын жасалган жалгыз терезелүү бир бөлмөдө кандайдыр бир убакыт турдуңуз дейли. Бөлмөдө бир саат болгон болсун. Ошондой эле, бөлмөнүн терезесинен күндүн белгилүү бир аралыктар менен чыгып, батып жатканын көргөн бололу. Арадан бир канча күн өткөндөн кийин, «бул бөлмөдө канча күн турдуңуз» деп суралса, бере турган жообуңуз саатка улам карап жана күндүн канча жолу чыгып, батканына карап топтогон маалыматыңызга жараша болот. Мисалы, бул бөлмөдө 3 күн болдум деп эсептедиңиз дейли. Бирок, эгер сизди бул бөлмөгө койгон киши келип, «чындыгында бул бөлмөдө эки күн турдуңуз» десе жана терезеден көргөн күндүн жасалма экендигин жана бөлмөдөгү саат атайын батыраак иштетилгендигин айтса, бул учурда сиз жасаган эсептин эч кандай мааниси калбайт.

Бул мисал да көрсөткөндөй, убакыттын өтүү ылдамдыгы жөнүндөгү маалыматыбыз жалаң гана кабылдаган адамга жараша өзгөрмөлүү көрсөткүчтөргө таянат.

Убакыттын салыштырмалуулугу илимий ыкмалар менен да көрсөтүлгөн так бир чындык. **Эйнштейндин Жалпы салыштырмалуулук теориясы** илимий тараптан ортого койгон бир чындык мындай: убакыттын ылдамдыгы бир нерсенин ылдамдыгына жана тартылуу борборуна болгон алыстыгына жараша өзгөрөт. Ылдамдык өскөн сайын убакыт кыскарат, кысылат; оорураак жана жайыраак иштөө менен «токтоо» чекитине жакындашат.

Муну Эйнштейндин бир мисалы менен түшүндүрөлү. Бул мисалда, бирдей жаштагы эгиздердин бирөөсү жерде калып, экинчиси жарык ылдамдыгына жакын бир ылдамдык менен космоско саякатка чыгат. Космоско чыккан адам кайтып келгенде, эгиз бир тууганы андан бир топ улгайган болот. Мунун себеби – космосто саякатта жүргөн бир тууганы үчүн убакыттын жай өтүшү. Дагы бир мисал: ылдамдыгы жарык ылдамдыгынын 99%ына жакын болгон ылдамдыктагы бир ракета менен космоско саякатка чыккан *«бир атанын жашы 27, дүйнөдө калган уулунун жашы 3тө болсо, 30 дүйнө жылынан кийин ата дүйнөгө кайтканда, уулу 33 жашта, атасы болсо 30 жашта болгон болот».*[61]

Убакыттын салыштырмалуу болушу сааттардын жайлашы же ылдамдышынан эмес; бардык заттык системанын, субатомдук бөлүкчөлөргө чейин, башка ылдамдыктарда иштешинен келип чыгат. Убакыт кыскарган

мындай шарттарда адам денесиндеги жүрөктүн согушу, клеткалардын бөлүнүшү, мээнин иштеши сыяктуу процесстер жай иштеп калат. Натыйжада адам убакыттын жайлашын эч сезбестен, жашоосун уланта берет.

# Куранда салыштырмалуулук

Заманбап илимдин бул ачылыштары бизге **убакыттын материалисттер ойлогондой, абсолюттук бир чындык эмес, салыштырмалуу бир элес (сезим) экенин** көрсөттү. Эң кызыгы 20-кылымга чейин илим байкабаган бул чындык мындан 14 кылым мурда түшүрүлгөн Куранда кабар берилген. Куран аяттарында убакыттын салыштырмалуу бир түшүнүк экенин көрсөткөн сүйлөмдөр бар.

Заманбап илим тарабынан тастыкталган «убакыт психологиялык бир сезим, баштан өткөргөн окуяга, жерге жана шарттарга жараша ар кандай сезилиши мүмкүн» деген чындыкты көп Куран аяттарынан көрүүгө болот. Мисалы, бир адамдын бүт өмүрү Куранда кабар берилиши боюнча, өтө кыска бир убакыт:

**Силерди чакыра турган күн Ага мактоо айтуу менен жооп бересиңер жана (дүйнөдө) абдан аз убакыт жашадык деп ойлойсуңар. (Исра Сүрөсү, 52)**

**Күндүздүн бир саатынан башка эч өмүр сүрбөгөн сыяктуу аларды бир жерде топтой турган күндө алар бир-бирлерин таанышат... (Йунус Сүрөсү, 45)**

Кээ бир аяттарда адамдардын убакытты ар түрдүү сезээрине, адамдын чындыгында өтө кыска бир убакытты өтө узундай сезиши мүмкүн экенине ишарат кылынат. Куранда кабар берилген адамдардын акыреттеги сурак учурундагы сүйлөшкөндөрү буга мисал болот:

**«Жыл санагы менен жер бетинде канча жашадыңар?» деди. «Бир күн же бир күндүн бир аз бөлүгүнчөлүк турдук, эсептегендерден сура» дешти. «Аз (убакыт) гана жашадыңар, чындыгында билген болгонуңарда» деди. (Мүминун Сүрөсү, 112-114)**

Башка кээ бир аяттарда болсо убакыттын чөйрөгө жараша ар кандай ылдамдыкта өтөөрү кабар берилет:

**... Чындыгында сенин Раббиңдин Кабатында бир күн силер санаган миң жыл сыяктуу. (Хаж Сүрөсү, 47)**

**Периштелер жана Рух (Жабраил) Ага узундугу элүү миң жыл болгон бир күндө чыгышат. (Мeариж Сүрөсү, 4)**

**Асмандан жерге (чейинки) ар бир ишти Ал курчап жөнгө салат. Кийин (иштер) силер санап жаткан миң жылга тете бир күндө кайрадан Ага көтөрүлөт. (Сежде Сүрөсү, 5)**

Бул аяттар убакыттын салыштырмалуулугун апачык айтууда. Илим тарабынан 20-кылымда алынган бул жыйынтыктын мындан 14 кылым мурда Куранда кабар берилгени – албетте, Куранды убакыт менен мейкиндикти бүтүндөй ороп-курчаган Аллахтын түшүргөндүгүнүн бир далили.

Курандын дагы көптөгөн аятындагы баяндар убакыттын бир элес экендигин апачык көрсөтүүдө. Өзгөчө кыссаларда муну көрүүгө болот. Мисалы, Аллах Куранда айтылган, ыймандуу бир коом болгон Кехф Элин (Үңкүр ээлерин) 300 жыл ашуун убакыт уйку абалында кармаган. Кийин ойготкондо болсо бул адамдар аз эле убакыт уктадык деп ойлошкон, канча уктаганын болжолдой алышкан эмес:

**Ушундайча үңкүрдө жылдар бойу алардын кулактарына урдук (терең бир уйку бердик). Кийин эки топтон кайсынысынын канча тургандыктарын жакшыраак эсептээрин көрсөтүү үчүн аларды ойготтук. (Кехф Сүрөсү, 11-12)**

**«Ушундайча, бири-биринен сурашсын деп аларды тирилттик (ойготтук). Араларынан бир сүйлөөчүсү айтты: «Канча турдуңар?» «Бир күн же күндүн бир (канча сааттык) бөлүгүнчөлүк**

**турдук» дешти. «Канча турганыңарды (уктаганыңарды) Раббиңер жакшыраак билет...» дешти. (Кехф Сүрөсү, 19)**

Төмөнкү аятта баяндалган окуя да убакыттын чындыгында психологиялык бир сезим экендигинин маанилүү бир далили.

**Же асты үстүнө айланган, эч ким жашабаган бир шаарга жолуккан сыяктууну (көргөн жоксуңбу?) Айтты эле: «Аллах бул жерди өлүмүнөн кийин кантип тирилтет болду экен?» Буга жооп катары Аллах аны жүз жыл өлүү абалда койду, кийин аны тирилтти. (Жана ага) Айтты: «Канча болдуң?» Ал: «Бир күн же бир күндөн аз болдум» деди. (Аллах ага:) «Жок, жүз жыл болдуң (уктадың), бирок тамагыңды жана суусунуңду кара, али бузула элек; эшегиңди бир кара; сени адамдарга өрнөк-далил кылуубуз үчүн (муну мындай кылдык). (Эшектин) Сөөктөрдү кара кандайча аларды бириктиргенибизди, кийин аларга эт кийгизгенибизди? деди. Ага (кишиге) баары белгилүү болгондон кийин ал айтты: «(Эми) Чындыгында Аллахтын бардык нерсеге кудуреттүү экенин билем.» (Бакара Сүрөсү, 259)**

Көрүнүп тургандай, бул аят убакытты жараткан Аллахтын убакыттын көз-карандысыз экенин апачык кабар берүүдө. Адам болсо Аллах ага белгилеген убакыттан көз-каранды. Аяттан көрүнүп тургандай, адам канча убакыт уктаганын да биле албайт. Демек (материалисттердин туура эмес логикасындагыдай) убакыт абсолюттук деп айтуу такыр акылга сыйбайт.

# Убакыттын салыштырмалуулугу тагдырды да түшүндүрөт

Убакыттын салыштырмалуулугу жөнүндө айтылгандардан жана аяттардан көрүнүп тургандай, убакыт кабылдаганга жараша өзгөрүп туруучу, туруктуу эмес бир түшүнүк. Мисалы, биз үчүн миллиарддаган жылга созулган бир убакыт мөөнөтү Аллах Кабатында бир көз ирмем гана. Биз үчүн 50 миң жылдык бир убакыт периштелер менен Жабраил үчүн бир күн.

Бул чындыкты билүү тагдырды түшүнүү үчүн өтө маанилүү. Себеби тагдыр – бул Аллахтын өтмүштөгү жана келечектеги бүт окуяларды «бир көз ирмем» ичинде жаратканы. Бул болсо Аллах Кабатында аалам жаратылгандан кыяматка чейинки бүт окуя болуп бүткөн деген мааниге келет. Көп адамдар Аллахтын али боло элек окуяларды алдын ала кантип билээрин, Аллах Кабатында өтмүш жана келечектеги бүт окуялардын кантип болуп бүткөнүн жана тагдырды эч түшүнө алышпайт. Чындыгында болсо «боло элек окуялар» биз үчүн боло элек. Себеби биз Аллах жараткан убакыттан көз-каранды абалда өмүр сүрөбүз жана эс-тутумубузга берилген маалыматтарсыз эч нерсени биле албайбыз. Аллах бул дүйнөдөгү сыноонун бир талабы катары «келечек» деп аталган окуяларды эс-тутумубузга бербегени үчүн, келечекте эмне болоорун да биле албайбыз. Аллах болсо убакыт менен мейкиндиктен көз-каранды эмес, булардын баарын жоктон Өзү жараткан. Ушул себептен Аллах үчүн өтмүш, келечек жана ушул учур – баары бир, жана баары болуп бүткөн. Аллах бир окуянын аягын көрүү үчүн күтпөйт. Бир окуянын башы да, аягы да Анын Кабатында бир көз ирмемде болуп бүтөт. Мисалы, Фараондун аягында эмне болгонун Аллах Аз. Мусаны Фараонго жөнөтө электе, Аз. Муса али төрөлө электе, ал тургай, Египет мамлекети курула электе билет жана бүт бул окуялар Фараондун аягы да кошо Аллах Кабатында бир көз ирмемде болуп бүткөн. Мындан тышкары, Аллах үчүн өтмүштү эстөө дегендей бир нерсе да жок. Өтмүш менен келечек даяр бойдон Аллах Кабатында бир учурда турат.

Бир адамдын бүт өмүрүн бир кино лентага салыштырсак, биз бул лентаны видео кассетадан көрүп жаткандай көрөбүз жана кассетаны «алдыга түрдүрүү» мүмкүнчүлүгүбүз жок. Аллах болсо бул кино лентанын баарын бир учурда көрөт жана билет. Ансыз да ал фильмди бүт майда-чүйдөсүнө чейин аныктап, жараткан Өзү. Биз бир сызгычтын башын, ортосун жана аягын бир караганда толук көрө алган сыяктуу, Аллах биз көз-каранды болгон

убакытты башынан аягына чейин бир көз ирмем катары ороп-курчаган. Адамдар болсо убактысы келгенде ал окуяларды башынан өткөрүп, Аллах алар үчүн жараткан тагдырга күбө болушат. Бул абал дүйнөдөгү бүт адамдардын тагдырларына тиешелүү. Бүгүнкү күнгө чейин жаратылган жана мындан кийин жаратыла турган бүт адамдардын дүйнө жана акыреттеги жашоолору ар бир көз ирмеми менен Аллах Кабатында даяр жана болуп бүткөн абалда турат. Аллахтын чексиз «хыфзында» («эсинде») миллиарддаган адам менен бирге бүт жандыктардын, планеталардын, өсүмдүктөрдүн, буюмдардын тагдырында жазылган окуялар да эч кемибестен же жоголбостон, ошол бойдон турат. Тагдыр – бул, Аллахтын Хафыз (Сактоочу, Коргоочу) сыпатынын, чексиз күч-кудуретинин жана улуулугунун бир чагылуусу.

# «Өтмүш» түшүнүгү эс-тутумубуздагы маалыматтардан улам пайда болот

Биз айлана-чөйрөбүздөн уккандарыбыздан, алган тарбиябыздан улам, өтмүш, ушул учур жана келечек деген бөлүктөргө бөлүнгөн убакыт тилкелерин жашайбыз деп ойлойбуз. Чындыгында болсо, «өтмүш» деген түшүнүккө ээ болушубуздун жалгыз себеби – бул, жогоруда да айтылгандай, эс-тутумубузга кээ бир окуялардын берилиши. Мисалы, биринчи класска жазылган кезибиз эс-тутумубузда турган бир маалымат жана биз ушул себептен аны өтмүштөгү бир окуя деп ойлойбуз. Келечек менен байланыштуу окуялар болсо эс-тутумубузда жок. Ушул себептен, биз али кабардар боло элек ал окуяларды «боло турган», «келечекте ишке аша турган» окуялар катары кабыл алабыз. Чындыгында болсо, өтмүш биз үчүн кандай болуп бүткөн, башыбыздан өткөргөн окуялар болгон болсо, келечек да дал ошондой болуп бүткөн. Бирок ал окуялар биздин эс-тутумубузга берилбегени үчүн биз аларды биле албайбыз.

Эгер Аллах келечектеги окуяларды да эс-тутумубузга берген болгондо, анда келечек да биз үчүн өтмүш болуп калмак. Мисалы, 30 жаштагы бир адамдын эс-тутумунда 30 жылдык эскерүүлөрү, окуялар турат жана ушул себептен ал адам 30 жылдык бир өтмүшүм бар деп ойлойт. Эгер бул адамдын эс-тутумуна 30 менен 70 жаш арасындагы келечегине тиешелүү окуялар да берилсе, анда 30 жаштагы бул адам үчүн 30 жылы да, 30 менен 70 жаш арасындагы «келечеги» да өтмүшкө айланат. Себеби мунун натыйжасында өтмүшү да, келечеги да эс-тутумунда бар болот, жана экөөсү тең ал үчүн болуп өткөн, башынан өткөргөн окуялары болуп калат.

Бирок Аллах бизге окуяларды белгилүү бир катарда, кичинеден чоңду көздөй боло турган кылып, өтмүштөн келечекти көздөй өтүп жаткан бир убакыт бардай сездиргендиктен, бизге келечегибиз менен байланыштуу окуяларды билдирбейт, алар жөнүндө маалыматты эс-тутумубузга бербейт. Келечек биздин эсибизде жок, бирок Аллахтын чексиз «эсинде» бүт адамдардын өтмүштөрү жана келечектери турат. Бул, жогоруда да айтылгандай, бир адамдын өмүрүн мурда эле бар болгон бир фильмден көрүшүнө окшошот. Фильм качан эле тартылып, бүткөн. Бирок бул фильмди «алдыга түрдүрө» албаган адам кадрларды бир-бирден көргөн сайын, өмүрүн көрө берет. Али көрө элек кадрларды болсо келечегим деп ойлоп жаңылат.

# Өтмүш менен келечек – бул кайып кабарлары

Аллах Курандын көп аяттарында кайыпты, б.а. көрүнбөгөндү, билинбегенди, күбө болунбаганды Өзү гана билээрин кабар берет:

> **Айткын: «Оо, асмандар менен жердин жаратуучусу, кайып менен аныкты билүүчү Аллахым. Пенделериңдин арасындагы талашып жаткан нерселерде Өзүң гана өкүм кыласың.» (Зүмер Сүрөсү, 46)**

**Айткын: «Албетте, силер качкан өлүм, күмөнсүз силерге келет. Кийин кайыпты да, күбө болунганды да билген (Аллах)ка кайтарыласыңар; Ал силерге кылгандарыңарды кабар берет.» (Жума Сүрөсү, 8)**

**(Аллах:) «Эй Адам, буларды аларга аттары менен кабар бер» деди. Ал буларды аларга аттары менен айтып бергенде, «Силерге асмандардын жана жердин кайыптарын чындыгында Мен билемин, жашырганыңарды жана ачыкка чыгарганыңарды да Мен билемин дебедим беле» деди. (Бакара Сүрөсү, 33)**

Адатта адамдар кайыпты келечекке гана тиешелүү окуялар деп ойлошот, чындыгында болсо өтмүш да, келечек да – кайып. Өтмүштө жашалгандар да, келечекте жашала тургандар да – Аллах Кабатында сакталуу турган маалыматтар. Бирок Аллах Өз Кабатында турган кайып маалыматтарынан кээ бирлерин адамдардын эс-тутумдарына берүү менен, буларды билинген, тагыраак айтканда, күбө болунган кылат. Мисалы, Аллах Куранда өтмүшкө тиешелүү маалыматтарды билдирип, Пайгамбарыбыз (сав)га булардын кайып кабарлары экенин айткан:

**Булар – (Биз) сага вахий кылган кайып кабарларынан. Буларды сен жана коомуң мындан мурун билчү эмес элеңер. Андай болсо сабыр кыл. Күмөнсүз (сонун) натыйжа такыбаларга тиешелүү. (Худ Сүрөсү, 49)**

**Бул сага (эй Мухаммед) Биз вахий кылган кайып кабарларынан. Болбосо алар (Йусуфтун бир туугандары) ал тузакты куруп жатышканда, кыла турган ишине баары чогуу чечим чыгарышканда сен алардын жанында эмес элең. (Йусуф Сүрөсү, 102)**

Аллах Пайгамбарыбыз (сав)га али боло элек кээ бир окуялардан да кабар берген. Булар болсо – келечекке тиешелүү кайып кабарлары. Мисалы, Меккенин каратылышы (фетхи) (Фетих Сүрөсү, 27) жана Румдун путпарасттарды жеңиши (Рум Сүрөсү, 3-4). Бул окуялар али боло электе Пайгамбарыбыз (сав)га билдирилген. Пайгамбарыбыз (сав)дын кыямат алааматтары, акыр заман сыяктуу темалардагы хадистери да, ал доордогу бардык адамдар үчүн кайып болгон бул кабарларды Аллахтын ага билдиргенин көрсөтүүдө. Куранда пайгамбарларга жана кээ бир башка салих момундарга да кайыптан кабарлар берилгени баяндалат. Мисалы, Аз. Йусуфка бир туугандарынын тузагынын натыйжасыз болоору кабар берилген (Йусуф Сүрөсү, 15), Аз. Мусанын апасына наристе кезиндеги уулунун Фараон зулумдугунан кутулаары жана пайгамбар болоору вахий менен билдирилген (Касас Сүрөсү, 7).

Жыйынтыктасак, биз өтмүш жана келечек деп атаган окуялар жана маалыматтардын баары – Аллах Кабатында сакталып турган кайып кабарлары. Аллах каалаганда, каалаган кишисинин эс-тутумуна бул кабарлардын кээ бирлерин берүү менен, кайыптын бир бөлүгүн билдирет. Күбө болунган, тагыраак айтканда, көрүүгө боло турган, күбө болууга мүмкүн болгон бул окуялар адамдар тарабынан өтмүш деп аталат.

# Тагдырга баш ийүүнүн мааниси

Өтмүш жана келечектин чындыгында Аллах Кабатында жаратылган жана болуп бүткөн абалда сакталуу жана даяр турган окуялар экендиги бизге абдан маанилүү бир чындыкты көрсөтөт: ар бир адам сөзсүз түрдө тагдырына моюн сунган. Адам өтмүшүн өзгөртө албаган сыяктуу, келечегин да өзгөртө албайт. Себеби өтмүшү сыяктуу, келечеги да болуп бүткөн. Келечегиндеги бардык окуялар, качан, каерде, эмне тамак жээри, ким менен эмне сүйлөшөөрү, канча акча табаары, кайсы ооруларга чалдыгаары, аягында качан, кантип, каерде өлөөрү баары белгилүү жана буларды өзгөртө албайт. Себеби булар Аллах Кабатында, Аллахтын «эсинде» болуп бүткөн абалда турат. Болгону бул маалыматтар анын эс-тутумуна али бериле элек болот.

Ошондуктан, башына келген окуяларга кайгырган, ачууланган, кыйкырып өкүргөндөр, келечеги үчүн кайгыга баткандар, ачкөздүк кылгандар чындыгында өздөрүн керексиз эле кыйнаган болот. Себеби кандай болот деп кайгырган жана корккон келечеги болуп бүткөн. Жана эмне гана кылбасын аларды өзгөртө алышпайт.

Бул жерде туура эмес тагдыр түшүнүгүнөн качынуу керек экендигин айта кетүү керек. Кээ бир адамдар «кандай болгондо да, тагдырымда эмне болсо, ошол болот, анда менин эч нерсе кылышым керек эмес» деп туура эмес бир тагдыр түшүнүгүн чыгарышат. Ар бир башыбызга келгендин тагдырыбызда экендиги бир чындык. Биз али ал окуяны башыбыздан өткөрө электе ал окуя Аллах Кабатында болуп бүткөн жана анын маалыматы бүт майда-чүйдөсүнө чейин Аллах Кабатындагы Левх-и Махфуз аттуу китепте жазылуу. Бирок Аллах ар бир адамга окуяларды өзгөртүүгө, өз чечими жана тандоосуна жараша аракет кылууга мүмкүнчүлүгү бар сыяктуу бир сезим берет. Мисалы, бир адам суу ичкиси келсе, бул үчүн «тагдырымда болсо ичем» деп отуруп күтпөйт. Ордунан туруп, чыныны алып, суусун ичет. Чындап эле тагдырында белгиленген чыныда, белгиленген көлөмдөгү сууну ичет. Бирок муну кылганда «өз эрким жана каалоом менен кылдым» деген сезимде болот. Жана өмүр бою кылган ар бир ишинде ушундай сезимде болот. Аллахка жана Аллах жараткан тагдырга баш ийген (өзүн тапшырган) бир адам менен бул чындыкты түшүнө албаган бир адам арасындагы айырма төмөнкүдөй: баш ийген адам «өзүм кылдым» деген сезимде болгонуна карабастан, булардын баарын Аллахтын каалоосу менен кылганын билет. Беркиси болсо ар бир кылганын «өз акылым жана күчүм» менен кылдым деп ойлоп, жаңылат.

Мисалы, бир оорусу бар экенин уккан тагдырына моюн сунган бир адам мунун тагдырында экенин билгендиктен, абдан тобокелдүү болот. «Аллах муну тагдырымда жаратканына караганда, сөзсүз чоң бир жакшылык бар» деп ойлойт. Бирок, кандай болсо да, тагдырымда айыгуу бар болсо, айыгам» деп чара көрбөстөн, күтө бербейт. Тескерисинче колдон келген бардык чараларды жасайт. Докторго барат, тамактануусуна көңүл бурат, дарыларын ичет. Бирок барган докторунун, ал доктор жасаган дарылоонун, ичкен дарыларынын, булардын ага канчалык таасирдүү болоорун, айыгып айыкпашынын, кыскача айтканда, бүт нерсенин тагдырында экендигин унутпайт. Булардын баарынын Аллахтын «эсинде», али ал дүйнөгө келе электе даяр абалда бар экенин билет. Аллах Куранда адамдардын башына келген бүт окуялардын алдын ала бир китепте жазылуу экенин мындайча билдирет:

> **Жер жүзүндө болгон жана силердин напсиңерде болгон ар кандай нерселердин (окуялардын) баарын Биз жаратуудан мурда бир китепте (жазып) койгонбуз. Күмөнсүз, бул – Аллах үчүн абдан жеңил. (Силердин) Колуңардан чыкканга кайгырбашыңар жана силерге (Аллахтын) бергендеринен улам сүйүнүп-көппөшүңөр үчүн (ушундай кылды). Аллах текебер-мактанчаакты сүйбөйт. (Хадид Сүрөсү, 22-23)**

Мына ушул себептен тагдырга ыйман келтирген бир адам башына келген эч бир окуяга капаланбайт, үмүтсүздүккө түшпөйт. Тескерисинче, абдан тобокелдүү, моюн сунуучу жана дайыма бейпил, бактылуу болот. Себеби Аллах адамдардын башына келген бүт нерсенин алдын ала белгилүү экенин, ошондуктан баштарына келген кыйынчылыктарга кайгырбашын жана аларга берилген немат-жакшылыктарга мактанып-көппөшүн буйрук кылган. Адам жолуккан кыйынчылыктар да, жетишкен ийгилик жана байлыктары да Аллахтын буйругу менен. Булардын баары – Раббибиз адамдарды сыноо үчүн тагдырында мурдатан белгилеген окуялар. Бир аятта айтылгандай, **«...Аллахтын буйругу – бул белгиленген бир тагдыр».** (Ахзаб Сүрөсү, 38)

Аллах башка бир аятында болсо **«Эч күмөнсүз, Биз бүт нерсени тагдыр менен жараттык.»** (Камер Сүрөсү, 49) деп билдирет. Бир гана адамдардын эмес, бүт жандуулардын, буюмдардын, күндүн, айдын, тоолордун, дарактардын, бүт нерсенин Аллах Кабатында белгиленген бир тагдыры бар. Мисалы, сынган бир антикалык ваза тагдырында белгиленген убакта сынган. Бир канча кылымдык бул ваза али эми жасалып жатканда эле, аны кимдер колдоноору, кайсы үйдүн кайсы бурчунда, кайсы буюмдар менен бирге тураары белгилүү эле. Вазанын ар бир чиймеси, үстүндөгү ар бир түсү тагдырда алдын ала белгиленген. Вазанын кайсы күнү, кайсы саат, кайсы мүнөттө ким тарабынан сындырылаары да Аллахтын «эсинде» болуп бүткөн абалда турат. Ал тургай ваза алгач жасалган учур, алгачкы жолу сатылуу үчүн витринага коюлган учур, бир үйдүн бурчунда турган учур жана сынып майда бөлүктөргө айланган учур, кыскача айтканда, антикалык вазанын кылымдар бою ар бир көз ирмеми Аллах Кабатында жалгыз бир көз ирмем катары турат. Вазаны сындырган адам бир канча секунда мурун муну биле электе Аллах Кабатында ал көз ирмем болуп бүткөн жана белгилүү. Ушул себептен Аллах адамдарга колдорунан чыкканга кайгырбашын айтат. Себеби колдорунан чыккан нерселер тагдырларында чыккан жана ал адамдардын муну өзгөртүүгө күчү жок. Бирок адамдар тагдырларында болгон окуялардан бир сабак алышы, булар менен

тарбияланышы керек. Бул окуялардагы сыр жана жакшылыктарды көрүү менен, дайыма тагдырларын жараткан чексиз мээримдүү, боорукер, адилеттүү, кулдарын коргогон Раббибизге багытталышы зарыл.

Бул маанилүү чындыкты байкабай жашаган адамдар өмүр бою дайыма коркуу жана тынчсыздануу ичинде болушат. Мисалы, балдарынын келечеги үчүн абдан тынчсызданышат. Кайсы мектепте окушаары, кандай кесипке ээ болоору, ден-соолугунун кандай болоору, кандай өмүр сүрөөрү сыяктуу нерселерди көп ойлоп, тобокелсиздик кылышат. Чынында болсо, ар бир адамдын али жалгыз бир клетка кезинен окуп жазууну үйрөнгөн кезине, университет сынагында берген жоопторунан кайсы фирмада эмне иш кылаарына, кайсы кагаздарга канча жолу кол койоруна, каерде жана кантип өлөөрүнө чейинки ар бир көз ирмеми Аллах Кабатында белгилүү. Бул окуялардын баары Аллахтын «эсинде» сакталуу турат. Мисалы, азыр ар бир адамдын түйүлдүк абалы, башталгыч мектептеги абалы, университеттеги абалы, 35 жашка чыгып туулган күнүн куттуктаган учуру, алгачкы жумушка кирген күнү, өлгөндө периштелерди көргөн көз ирмеми, жакындары тарабынан көмүлгөн жана акыретте Аллахка эсеп берген көз ирмемдеринин баары жалгыз бир көз ирмем катары Аллах Кабатында турат.

Демек, ар бир көз ирмеми Аллах Кабатында болуп, көрүлүп бүткөн жана ушул учурда Аллахтын «эсинде» (хафыза) даяр турган бир жашоо үчүн тынчсыздануу, коркуу, кайгыруу чоң бир капылеттик болот. Канчалык жан талашып аракет кылбасын, канчалык тынчсызданбасын ар бир адам өзү да, баласы да, түгөйү жана жакындары да алар үчүн Аллах Кабатында даяр турган жашоолорун жашашат.

Ошондуктан, акылдуу жана абийирдүү бир адам бул чындыкты түшүнүп, Аллахка жана Аллах жараткан тагдырга чын көңүлдөн моюн сунушу керек. Чындыгында ар бир адам ансыз деле Аллахка өзүн тапшырган жана моюн сунган абалда жаратылган. Себеби, каалаcа да каалабаса да Аллах ал үчүн жараткан тагдырга моюн сунуп жашайт. Тагдырды танган адам да тагдырында «тагдырды тануу» бар болгон үчүн ошол нерсени кылат.

Аллахка чын көңүлдөн өзүн тапшырып моюн сунгандар болсо Аллахтын ыраазылыгын, рахматын жана бейишин үмүт кыла алышат, жана дүйнө жана акыретте бейпилдик, бакыт ичинде бактылуу өмүр сүрүшөт. Себеби Аллахка өзүн тапшырган, Аллах жараткан тагдырдын ал үчүн эң жакшысы (кайырлуусу) экенин билген бир адамды кайгыга сала турган, коркута турган, тынчсыздандыра турган эч нерсе жок. Бул адам колунан келген бардык аракетти жасайт, бирок бул аракеттин да тагдырында экенин, эмне гана кылбасын тагдырында жазылганды өзгөртүүгө күчү жетпешин билет.

Ыймандуу адам Аллах жараткан тагдырга өзүн тапшырат, ошол эле учурда башына келген ар кандай окуяда колунан келишинче себептерди жасайт, чараларды көрөт, окуяларды жакшы, кайырлуу тарапка буруу үчүн аракет кылат, бирок бул нерселердин баарынын тагдыры ичинде болуп жатканын жана Аллахтын эң жакшысын башынан аныктап, белгилеп койгонун билип, көңүлү бейпил болот. Куранда буга мисал катары Аз. Йакубдун балдарынын коопсуздугу үчүн көргөн бир чарасы жөнүндө сөз кылынат. Аз. Йакуб жаман ниеттүү адамдардын көңүлүн бурбаш үчүн балдарына шаарга ар башка эшиктен киришин кеңеш кылат, бирок мунун Аллах белгилеген тагдырга эч таасир этпешин да аларга эскертет:

> **Жана айтты: «Эй балдарым, жалгыз бир эшиктен кирбегиле, башка башка эшиктерден киргиле. Мен силерге Аллахтан эч нерсени бере албайм (кетире албайм). Өкүм бир гана Аллахтыкы. Мен Ага тобокел кылдым. Тобокел кылгандар да жалгыз Ага тобокел кылышсын.» (Йусуф Сүрөсү, 67)**

Аллах адамдар эмне гана кылышпасын тагдырларын өзгөртө албашын бир аятында мындайча кабар берет:

> **Кийин кайгынын артынан Аллах силерге (көз ирмемдик) уйку берди. (Ал уйку) силердин араңардан бир тайпаны ороп алды. Дагы бир тайпаны өз жандары кайгыга салып, Аллахка адилетсиздик менен, нааданчасынан күмөн кылып: «Эми бизге иш жок» (жеңилдик) дешти. Айт: «Иш Аллахтын колунда». Алар сага айтпаган нерселерин жүрөктөрүнө катып: «Эгер бул (согуштук) иште биздин пикирибиз эске алынганда, бул жерде өлүп кетпейт элек» дешет. Айт: «Эгер үйүңөрдүн ичинде болсоңор дагы (тагдырында) өлтүрүлүү жазып коюлган киши өлтүрүлө турган жайына келет.» (Муну) Аллах силердин көңүлүңөрдөгүнү сынаш жана жүрөгүңөрдү тазалаш үчүн кылды. Аллах жүрөктөрдөгү сырларды да билүүчү. (Ал-и Имран Сүрөсү, 154)**

Аяттан да көрүнүп тургандай, бир адам өлбөш үчүн жакшылык жана ибадат болгон бир иштен качса да, эгер ага өлүм жазылган болсо баары бир өлөт. Ал тургай, өлүмдөн качуу үчүн тандаган жол жана ыкмалары да тагдырында белгилүү жана ар бир адам тагдырындагы окуяны жашайт. Аллах бул аятта да адамдарга тагдырларында жараткан окуялардын максатынын аларды сыноо жана алардын жүрөктөрүн тазалоо экенин билдирүүдө. Фатыр Сүрөсүндө болсо ар бир адамдын өмүрүнүн Аллах Кабатында белгилүү экендиги, жатындарга түшкөн наристелердин да Аллахтын уруксаты менен болгону билдирилет:

> **Аллах силерди топурактан жаратты, кийин бир тамчы суудан. Кийин силерди жуп жуп кылды. Анын маалыматы болбостон, эч бир аялдын боюнда болбойт жана төрөбөйт да. Өмүр сүргөнгө өмүр берилиши жана анын өмүрүнөн кыскартылышы да сөзсүз бир китепте (жазылуу). Чынында бул Аллах үчүн оңой. (Фатыр Сүрөсү, 11)**

Камер Сүрөсүнүн төмөндөгү аяттарында болсо адамдын ар бир кылганынын сап сап жазылуу экендиги билдирилип, бейиш калкынын жашоосу да болуп бүткөн окуялардай баяндалат. Мурда да айтылгандай, бейиштеги чыныгы жашоо биз үчүн келечек. Бирок бейиштегилердин жашоосу, маектери, сыйлары азыр Аллахтын «эсинде» турат. Биз төрөлө электе эле бүт адамзаттын бул дүйнөдөгү жана акыреттеги келечеги Аллах Кабатында бир көз ирмем ичинде болуп бүткөн жана Аллахтын «эсинде» сакталуу турат:

> **Алар жасаган бүт нерсе китептерде (жазылуу). Кичинекей, чоң бүт нерсе сап сап (жазылуу). Эч күмөнсүз, муттакилер (Аллахтан корккондор) бейиштерде жана дарыя (айланасын)да. Абдан кудуреттүү, мүлкүнүн аягы жок (Аллах)тын жанында чынчыл макамында. (Камер Сүрөсү, 52-55)**

Аллах Кабатында убакыттын жалгыз бир көз ирмем экенин, Аллах үчүн өтмүш жана келечек жок экенин Курандагы баяндардан да түшүнөбүз. Көрүнүп тургандай, биз үчүн келечекте боло турган кээ бир окуялар Куранда мурда эле болуп бүткөн бир окуядай айтылып жатат. Себеби Аллах өтмүштү да, келечекти да бир көз ирмем катары мурда эле жараткан. Ушул себептен келечекте болоору айтылган бир окуя мурда эле болуп бүткөн. Бирок биз көрбөгөндүктөн, аны келечек деп ойлойбуз. Мисалы, акыретте адамдардын Аллахка бере турган эсеби жөнүндөгү аяттар муну мурда эле болуп бүткөн бир окуядай баян кылат:

> **Суръа (сур) чалынды, ошентип Аллах каалагандан башка асмандардагы жана жердегилер сүзүшүп-кулашты. Кийин ал дагы бир жолу чалынды, эми алар тик туруп карап турушат. Жер Раббиңдин нуру менен жаркырады; китеп коюлду; пайгамбарлар жана күбөлөр алып келинди жана араларында чындык (адилеттик) менен өкүм чыгарылды, алар адилетсиздикке кабылышпайт. Ар бир напсиге (адамга) кылганынын толук акысы берилди. Ал алардын кылганын жакшыраак билүүчү. (Аллахты) Тануучулар тозокко бөлүк бөлүк айдалышты. Аягында ал жерге келишкенде, эшиктери ачылды жана аларга (тозоктун) кайтаруучулары айтышты: «Силерге Раббиңердин аяттарын окуган жана бүгүнкү күнгө жолугаарыңарды (айтып) силерди эскерткен элчилер келишпеди беле?» Алар: «Ооба.» дешти. Бирок азап сөзү каапырлардын башына акыйкат болду. (Зүмер Сүрөсү, 68-71)**

Бул жөнүндө башка мисалдар төмөнкүдөй:

> **(Эми) Ар бир напси жанында бир коштоочу жана бир күбө менен келди. (Каф Сүрөсү, 21)**

> **Асман жарылып-талкаланды; эми ал күнү «үлпүлдөп-алсыз болуп калды.» (Хакка Сүрөсү, 16)**

> **Жана сабыр кылгандары үчүн бейиш жана жибек менен сыйлады. Ал жерде тактар үстүндө жазданып-сүйөнүшкөн. Ал жерде (ысык) бир күн да, үшүтүүчү бир суук да көрүшпөйт. (Инсан Сүрөсү, 12-13)**

> **Көрө алгандар үчүн тозок да көрсөтүлүп коюлду. (Назиат Сүрөсү, 36)**

> **Эми бүгүн ыйман келтиргендер каапырларга күлүп жатышат. (Мутаффифин Сүрөсү, 34)**

**Кылмышкер-күнөөкөрлөр отту көрүштү, эми ичине өздөрүнүн киришээрин да түшүнүштү; бирок андан качуунун эч бир жолун таба алышпады. (Кехф Сүрөсү, 53)**

Жогорудагы аяттарда өлүмүбүздөн кийин боло турган окуялар болуп бүткөн окуялардай баяндалууда. Себеби Аллах – биз көз-каранды болгон салыштырмалуу убакыт ченемине жана мейкиндикке көз-каранды эмес. Аллах бардык окуяларды убакыт жок абалында каалаган, адамдар аларды жасашкан, окуялардын баары болуп бүткөн. Чоң-кичине бүт окуялардын Аллахтын билиши жана каалоосу менен ишке ашаары жана бир китепте жазылуу экени төмөнкү аятта мындайча айтылат:

**Сен ичинде болгон ар кандай абал, Ал жөнүндө Курандан окуган бир нерсе жана силер жасаган ар кандай иш болсун, силер ал ишке (абдан) берилип жасап жатканыңарда, Биз силердин үстүңөрдө күбө болуп турабыз. Жерде жана асманда тырмактай болгон эч бир нерсе Раббиңден алыста (жашыруун) калбайт. Мындан кичинекейирээги да, чоңураагы да баары китепте (жазылуу). (Йунус Сүрөсү, 61)**

# Материалисттердин тынчсыздануусу

Заттын чыныгы жүзү, убакыттын жоктугу жана мейкинсиздик темалары жөнүндө бул бөлүмдө айтылгандар чындыгында апачык чындыктар. Мурдакы бөлүмдөрдө да айтылгандай, булар – бир философия же бир көз-караш эмес, **танууга мүмкүн болбогон илимий жыйынтыктар.** Илимий бир чындык болуу менен бирге, акылга таянган жана логикалык далилдер да башка альтернативага мүмкүнчүлүк калтырбайт: биз **ааламдын**, аны түзгөн заттардын жана ичиндеги адамдардын, убакыттын, кыскасы баарынын мээбиздеги абалдарын гана биле алабыз. Материалисттер муну түшүнө албай кыйналышат. Мисалы, кайрадан материалист Политцердин автобус мисалына кайтсак; Политцер кабылдоолорунун (сезимдеринин) сыртына чыга албашын илимий жактан билсе дагы, муну белгилүү окуялар үчүн гана кабыл ала алган. Б.а. Политцер үчүн автобус сүзгөнгө чейин окуялар мээсинин ичинде болот, бирок автобус сүзгөн кезде окуялар бир заматта мээсинин сыртына чыгып заттык бир реалдуулукка айланат. Бул жердеги логикасыздык апачык көрүнүп турат; Политцер да «ташты тепсем, бутум ооруйт, демек алар бар» деген материалист Джонсондун катасын кетирип, автобус сүзгөндө сезилген катуу сокку жана оорунун да чындыгында бир элес (сезим, кабылдоо) гана экенин түшүнө алган эмес.

Материалисттердин бул теманы түшүнө албашына негизи муну түшүнгөндө туш боло турган чындыктан абдан коркушу себеп болууда. Линкольн Барнетт бул теманы «сезип коюунун» эле материалист илимпоздорду кандай коркутуп, тынчсыздандырганын төмөнкүдөй айтат:

*Философтор бардык заттык чындыктарды элестердин бир көлөкө дүйнөсү абалына алып келип жатышканда, илимпоздор адам сезимдеринин чектерин **коркуу жана тынчсыздануу менен сезишти.***[62]

Заттын өзүн көрүп-сезе албашыбыз жана убакыттын бир элес экени айтып берилгенде, бир материалист катуу коркуп кетет. Себеби зат менен убакыт – ал абсолюттук нерселер деп тутунган «колундагы» болгон эки нерсеси. Булар анын сыйынган путтары (идол-кудайлары); себеби өзүн зат менен убакыт тарабынан (эволюция аркылуу) жаратылдым деп ишенет. (Аллахты аруулайбыз.)

Ичинде жашап жаткан ааламдын, дүйнөнүн, өз денесинин, башка адамдардын, пикирлеринен таасирленген материалист философтордун, кыскасы бүт нерсенин элестерин гана көрүп жүргөнүн сезгенде болсо, бүт эгосун үрөй учурарлык бир коркуу каптайт. Ишенген, таянган, жардам күткөн нерселеринин баары бир заматта андан алыстап жоголот. Чыныгысын махшар күнү көрө турган жана **«ал күнү (эми) Аллахка моюн сунушкан болот жана ойдон чыгарган (жалганчы кудайлар) да алардан кол үзүп алыстаган болот»** (Нахл Сүрөсү, 87) аятында Аллах каапырлар жөнүндө кабар берген чарасыздыкты сезет.

Ушул көз ирмемден баштап материалист өзүн заттын чыныгысын көрүп-сезе алам деген калпка ишендирүүгө аракет кылып, өз оюнда «далилдерди» чыгарып; муштумун дубалга уруп, таштарды тээп, кыйкырып-өкүрөт,

бирок эч качан чындыктан кутула албайт. Материалисттер бул чындыкты өз ойлорунан да, башка адамдардын ойлорунан да чыгарып (өчүрүп) салууну каалашат. Себеби заттын чыныгы жүзүн адамдар түшүнгөндө, философияларынын примитивдүүлүгү жана караңгы көз караштары ашкере болуп, пикирлерин таяндыра турган бир пайдубалдын калбай калаарын билишет. Бул китепте түшүндүрүлгөн чындыктан алардын мынчалык тынчсызданышынын себеби – ушул коркуулары.

Аллах каапырлардын мындай коркуусунун акыретте андан да күчөөрүн кабар берген. Сурак күнү Аллах аларга мындайча кайрылат:

> **Алардын баарын чогулткан күнү; анан шерик (ширк) кошкондорго айтабыз: «Кана (ошол бир нерсе) деп ойлоп шерик кошкондоруңар?» (Энъам Сүрөсү, 22)**

Анан каапырлар дүйнөдө абсолюттук (көз-карандысыз, өзүнчө бар болгон) нерселер деп ойлоп, Аллахка шерик кошкон мал-мүлктөрүнүн, балдарынын, дос-тууган чөйрөлөрүнүн алардан алыстаганына жана бүтүндөй жок болгонуна күбө болушат. Аллах бул чындыкты болсо **«кара, өздөрүнө карата кандай калп айтышты жана түзүп-чыгаргандары да алардан жоголуп-алыстады»** (Энъам Сүрөсү, 24) аяты менен кабар берген.

# Ыймандуулардын утугу

Заттын тышкы дүйнөдөгү чыныгысын көрө албашыбыз жана убакыттын бир элес экени материалисттерди коркутса, ыйман келтиргендерди сүйүнтөт. Аллахка ыйман келтирген адамдар заттын артындагы сырды түшүнүшкөндө, чоң кубанычка бөлөнүшөт. Себеби, бул чындык – ар кандай суроолордун ачкычы. Бул кулпу ачылганда бардык сырлар белгилүү болот. Адамдар балким түшүнө албай жаткан көптөгөн суроолорун бул чындыктын жардамы менен оңой гана түшүнүшөт.

Мурда да айтылгандай, өлүм, бейиш, тозок, акырет, чен-өлчөмдүн өзгөрүшү сыяктуу темалар түшүнүктүү болуп, «Аллах каерде?», «Аллахтан мурда эмне бар эле?», «Аллахты ким жаратты?», «кабыр жашоосу канчага созулат?», «бейиш менен тозок каерде?», «бейиш менен тозок азыр барбы?» жана ушул сыяктуу маанилүү суроолордун жообу табылган болот. Жана Аллахтын бүт ааламды кандай система менен жоктон жаратканы да түшүнүктүү болот. Ал тургай, бул сырды билүү натыйжасында **«качан»** жана **«каерде» сыяктуу суроолордун да мааниси жоголот.** Себеби убакыт да, мейкиндик да жоголгон болот. Мейкинсиздикти түшүнгөндө бейиш, тозок, дүйнө, баарынын чындыгында **бир жерде экени** да түшүнүктүү болот. Убакыттын жоктугун түшүнгөндө болсо, бүт нерсенин **бир көз ирмем ичинде экени** түшүнүктүү болот; эч нерсе күтүлбөйт, убакыт өтпөйт, баары ансыз да болуп бүткөн.

Бул сырды түшүнүү натыйжасында **дүйнө ыймандуу адам үчүн бейишке окшошуп баштайт.** Адамды кыйнаган ар кандай материалдык тынчсыздануулар, куру санаалар жана коркуулар жоголот. Адам бүт ааламдын жалгыз Өкүмдары бар экенин, Анын бүт заттык дүйнөнү каалагандай өзгөртөөрүн жана Ага гана кайрылышы керек экенин түшүнөт. Эми ал **«ар кандай көз-карандылыктан эркиндикке жетип»** (Али Имран Сүрөсү, 35), Аллахка моюн сунган болот.

Бул сырды түшүнүү – дүйнөдөгү эң чоң утук.

Бул сыр менен бирге Куранда кабар берилген өтө маанилүү дагы бир чындык түшүнүктүү болот: мурда да айтылган, Аллахтын адамга **«күрөө тамырынан да жакыныраак»** (Каф Сүрөсү, 16) экендиги... Белгилүү болгондой, күрөө тамыр адамдын ичинде. Адамга өзүнүн ичинен да жакыныраак бир аралык болушу мүмкүн эмес. Муну мейкинсиздик аркылуу оңой гана түшүндүрө алабыз. Көрүнүп тургандай, бул аят да ушул сырдын натыйжасында алда канча жакшыраак түшүнүктүү болот.

Мына чындык ушундай. Эч бир адам үчүн Аллахтан башка дос жана жардамчы жоктугун билүү керек. **Аллахтан башка эч нерсе жок;** башпаана кылып корголоно турган, жардам сурала турган, жооп күтүлө турган жалгыз абсолюттук зат – Ал...

Жана кайсы тарапка бурулбайлы, Аллахтын жүзү ошол жакта болот.

# 4-БӨЛҮМ

# ЭВОЛЮЦИЯ ЖАҢЫЛЫШТЫГЫ

Дарвинизм, башкача айтканда, эволюция теориясы – Жаратылууну (Жаратуучунун бар экенин) жокко чыгаруу максатында ойлоп чыгарылган, бирок ийгиликке жете албаган илимге туура келбеген бир жалган. Жандуулардын жансыз заттардан кокустуктар натыйжасында пайда болгонун жактаган бул теория ааламда жана жандууларда абдан ачык бир тең салмактуулук, жаратылуу чеберчилиги бар экендигинин илим тарабынан далилдениши менен бирге кыйрады.

Натыйжада бардык ааламды жана жандууларды Аллах жараткандыгы жөнүндөгү чындык илим тарабынан да далилденди. Бүгүнкү күндө эволюция теориясын сактап калуу үчүн дүйнө жүзүндө жүргүзүлгөн пропаганда жалаң гана илимий чындыктардын бурмаланышы, теорияга жан тартуучу багытта жоромолдоо, илимий көрүнүшкө жамынып айтылган калптар жана алдамчылыктарга таянууда.

Бирок мындай пропаганда чындыкты жашыра албайт. Эволюция теориясынын эң чоң адашуу, калп экендиги акыркы 20-30 жылдан бери илим чөйрөсүндө барган сайын көп айтылууда. Өзгөчө 1980-жылдардан кийин жүргүзүлгөн изилдөөлөр Дарвинист көз-караштардын толугу менен туура эмес экендигин аныктады жана бул чындык көптөгөн илимпоздор тарабынан сөз кылынууда. Өзгөчө АКШда биология, биохимия, палеонтология сыяктуу ар кандай илим чөйрөлөрүнөн келген көптөгөн илимпоздор Дарвинизмдин туура эмес экендигин көрүүдө, жандуулардын жаралуусун эми «жаратылуу чындыгы» менен түшүндүрүшүүдө.

Эволюция теориясынын кыйрашы жана жаратылуу далилдерин башка көптөгөн эмгектерибизде бардык илимий деталдары менен бирге колго алганбыз жана алып келүүдөбүз. Бирок бул тема абдан маанилүү болгондуктан, бул жерде да кыскача баяндоо пайдалуу болот.

## Дарвинди кыйраткан кыйынчылыктар

Эволюция теориясы тарыхы эски Грецияга чейин барган бир көз-караш болгонуна карабастан, 19-кылымда кеңири болуп ортого чыкты. Бул теорияны илим чөйрөсүнө киргизген эң маанилүү окуя – Чарльз Дарвиндин 1859-жылы чыгарган *Түрлөрдүн келип чыгышы* аттуу китеби эле. Дарвин бул китепте дүйнөдөгү бардык жандык түрлөрүнүн Аллах тарабынан өз-өзүнчө жаратылганына каршы чыккан. Дарвиндин ойу бойунча, бардык түрлөр орток бир атадан келишкен жана убакыттын өтүшү менен кичинекей өзгөрүүлөр менен өзгөрүүлөргө дуушар болушкан.

Дарвиндин теориясы эч кандай так илимий табылгага таянган эмес; өзү да кабыл алгандай жөн гана бир «ой жүгүртүү» болчу. Ал тургай Дарвиндин китебиндеги «Теориянын кыйынчылыктары» аттуу узун бөлүмдө мойнуна алгандай, теория көптөгөн абдан маанилүү суроого жооп бере албайт эле.

Дарвин теориясына каршы кыйынчылыктар келечекте илим тарабынан жок кылынат, жаңы илимий табылгалар теориясын күчтөндүрөт деп үмүттөнгөн эле. Муну китебинде көп жолу белгилеп кеткен. Бирок илимдин өнүгүшү, Дарвиндин үмүтүнө каршы, теориянын негизги көз-караштарын бир-бирден жараксыз кылды.

Дарвинизмдин илим тарабынан кыйратылышын 3 негизги багытта кароого болот:

1) Теория жашоонун жер бетинде алгач кандайча пайда болгонун эч түшүндүрө албайт.

2) Теория сунуштаган «эволюция механизмдеринин» чындыгында эволюциялык күчкө ээ экендигин далилдеген эч кандай илимий далил жок.

3) Фосилдер эволюция теориясынын туура эмес экендигин далилдейт.

Бул бөлүмдө бул үч негизги теманы тереңирээк карайбыз.

## Өтө албаган алгачкы баскыч: жашоонун келип чыгышы

Эволюция теориясы бардык жандуу түрлөрү болжол менен мындан 3,8 миллиард жыл мурда алгачкы дүйнөдө пайда болгон жалгыз жандуу клеткадан келди деп айтышат. Жалгыз бир клетканын кандайча миллиондогон комплекстүү жандуу түрлөрүн пайда кылгандыгы жана эгер чындыгында мындай бир эволюция болгон болсо эмне үчүн бул процесстин издеринин фосил булактарында байкалбашы теория түшүндүрө албаган суроолордон. Бирок булардан мурда сөз жүзүндөгү эволюция процессинин алгачкы баскычы жөнүндө сөз кылуу туура болот. Сөз кылынган ошол «алгачкы клетка» кантип пайда болду?

Эволюция теориясы жаратылуудан баш тарткандыктан, эч кандай табият үстү кийлигишүүнү кабыл албагандыктан, ал «алгачкы клетканын» эч кандай проект, план жана жөнгө салуу болбостон, табият мыйзамдары ичинде кокустуктан пайда болгонун айтат. Башкача айтканда, теория бойунча жансыз нерселер кокустуктар натыйжасында пайда болгон бир клетка жараткан болушу керек. Бирок бул – билинген эң негизги биология мыйзамдарына карама-каршы бир көз-караш.

## «Жашоо жашоодон келет»

Дарвин китебинде жашоонун келип чыгышы жөнүндө эч сөз кылган эмес. Себеби анын доорундагы илим түшүнүгү жандыктарды абдан жөнөкөй бир структурада деп гипотеза кылышкан. Ортоңку кылымдан бери ишенилип келе жаткан «спонтане женерасйон» аттуу теория бойунча, жансыз нерселер кокустуктар менен чогулуп, жандуу бир нерсе жарата алышат деген ишеним бар болчу. Бул доордо коңуздар тамак таштандыларынан, чычкандар буудайдан пайда болот деген түшүнүктөр кеңири жайылган. Муну далилдөө үчүн ар кандай кызыктуу эксперименттер жасалган. Кир бир кебездин үстүнө буудай койулуп, бираз күткөндө бул аралашмадан чычкан пайда болот деп божомолдонгон.

Эттердин куртташы да жашоонун жансыз заттардан пайда болушу мүмкүн экендигине бир далил катары кабыл алынчу. Бирок кийинчерээк аныкталгандай, курттар өзүнөн-өзү жаралбайт эле, чымындар таштаган көзгө көрүнбөгөн личинкалардан чыгышат эле.

Дарвиндин *Түрлөрдүн келип чыгышы* аттуу китебин жазган учурда бактериялардын жансыз нерселерден пайда болушу ишеними илим дүйнөсүндө кеңир жайылган көз-караш болчу.

Бирок, Дарвин китебин чыгаргандан беш жылдан кийин атактуу Француз биолог Луи Пастер эволюциянын негизи болгон бул ишенимди толугу менен кыйратты. Пастер жасаган көптөгөн аракет жана эксперименттер натыйжасында барган жыйынтыгын мындай жыйынтыктайт: **«Жансыз заттардын жашоо пайда кылышы мүмкүн экендиги эми толугу менен тарыхка көмүлдү.»** *(Sidney Fox, Klaus Dose, Molecular Evolution and The Origin of Life, New York: Marcel Dekker, 1977, s. 2*)

Эволюция теориясынын жактоочулары Пастердин табылгаларына көп жылдар бойу тирешишти. Бирок өнүккөн илим жандуу клетканын татаал түзүлүшүн ортого койгондо, жашоонун өзүнөн-өзү пайда болушу мүмкүн эместиги абдан ачык абалга келди.

## 20-кылымдагы натыйжасыз аракеттер

20-кылымда жашоонун келип чыгышы темасын изилдеген алгачкы эволюционист, атактуу орус биолог Александр Опарин болгон. Опарин 1930-жылдары сунуштаган көптөгөн тезистери менен жандуу клетканын кокустуктар натыйжасында пайда болушу мүмкүн экендигин далилдөөгө аракет жасады. Бирок бул аракеттер ийгиликсиз аяктап, Опарин минтип мойунга алууга мажбур болгон: **«Тилекке каршы, клетканын келип чыгышы эволюция теориясын толугу менен камтыган эң караңгы (белгисиз) чекитти түзүүдө.»** *(Alexander I. Oparin, Origin of Life, (1936) New York, Dover Publications, 1953 (Reprint), s.196)*

Опариндин жолунан жүргөн эволюционисттер жашоонун келип чыгышы темасын чече турган эксперименттер жасоону улантышты. Мындай эксперименттердин эң атактуусу Америкалык химик Станлей Миллер тарабынан 1953-жылы жасалган. Миллер алгачкы дүйнө атмосферасында бар деп эсептеген газдарды бир экспериментте бириктирип, бул аралашмага энергия кошуу менен протеиндердин структурасында колдонулган бир канча органикалык молекулаларды (амино-кислота) синтездеген.

Ал жылдары эволюция атына маанилүү бир баскыч катары таанытылган бул эксперименттин жараксыз экендиги жана экспериментте колдонулган атмосферанын дүйнө шарттарынан абдан айырмалуу экендиги кийинки жылдарда ачыкка чыккан. *("New Evidence on Evolution of Early Atmosphere and Life", Bulletin of the American Meteorological Society, c. 63, Kasım 1982, s. 1328-1330)*

Көпкө уланган бир жымжырттыктан кийин Миллер өзү да колдонгон атмосфера чөйрөсүнүн чындыктан алыс экендигин мойнуна алган. *(Stanley Miller, Molecular Evolution of Life: Current Status of the Prebiotic Synthesis of Small Molecules, 1986, s. 7)*

Жашоонун келип чыгышы маселесин түшүндүрүү үчүн 20-кылым бойу жасалган эволюционисттик аракеттердин баары ийгиликсиз аяктады. Сан Диего Скриппс Институтунан атактуу гео-химик Жеффрей Бада эволюционисттердин *Earth* журналынын 1998-жылкы санында чыккан макалада бул чындыкты мындайча кабыл алат:

Бүгүн, 20-кылымды артка калтырып жатып, дагы эле 20-кылымга киргенде ээ болгон эң чоң чечилбеген маселе алдыбызда турат: Жашоо жер бетинде кантип башталды? *(Jeffrey Bada, Earth, Şubat 1998, s. 40)*

## Жашоонун комплекстүүлүгү

Эволюция теориясынын жашоонун келип чыгышы темасында мынчалык чоң жоопсуз маселеге кабылышынын негизги себеби – эң жөнөкөй деп саналган жандуу структуралардын да укмуштуу татаал түзүлүшкө ээ болушу. Жандуу клетка адамзат жасаган бардык технологиялык продукттардан да татаал түзүлүшкө ээ. Натыйжада бүгүн дүйнөнүн эң алдыңкы лабораторияларында да жансыз заттар чогултулуп, жандуу бир даана клетка өндүрүү мүмкүн эмес болууда.

Бир клетканын жаралышы үчүн керектүү шарттар кокустуктар менен эч түшүндүрүлө албай турган деңгээлде көп. Клетканын эң негизги түзүүчү бөлүкчөсү болгон протеиндердин кокустуктар натыйжасында синтезделүү ыктымалдуулугу 500 амино-кислотадан турган орточо бир протеин үчүн $1/10^{950}$ге барабар. Бирок математикада $1/10^{50}$дөн кичине ыктымалдуулуктар иш жүзүндө ишке ашпас, башкача айтканда, 0 деп кабыл

алынат. Клетканын ядросунда жайгашкан жана генетикалык маалыматты сактаган ДНК молекуласы болсо, таң калаарлык бир маалымат сактоочу болуп саналат. Адам ДНКсы камтыган маалымат эгер кагазга түшүрүлсө, 500дүк беттен турган 900 томдук бир китепкана болоору эсептелүүдө.

Бул жерде абдан кызыктуу дагы бир дилемма бар: ДНК жалаң гана бир канча атайын протеиндердин (энзимдердин) жардамы менен жуптала алат. Бирок бул энзимдердин синтези да жалаң гана ДНКдагы маалыматтар жардамы менен ишке ашат. Бири-биринен көз-каранды болгондуктан, жупталуу ишке ашышы үчүн экөөсү тең бир убакта бар болушу керек. Бул болсо «жашоо өзүнөн-өзү пайда болду» деген сценарийди жокко чыгарууда. Сан Диего Калифорния университетинен атактуу эволюционист проф. Лесли Оргел *Scientific American* журналынын 1994-жылы октябрдагы санында бул чындыкты мындайча мойунга алат:

Абдан комплекстүү түзүлүшкө ээ болгон протеиндердин жана нуклеиндик кислоталардын (РНК жана ДНК) бир жерде жана бир учурда кокустуктан пайда болушу – ыктымалдуулуктан абдан алыс. Бирок булардын бири болбостон, экинчисин алуу (жасоо) да мүмкүн эмес. Ошондуктан, адам баласы жашоонун химиялык процесстер натыйжасында келип чыгышы такыр мүмкүн эместиги жыйынтыгына барууга мажбур болууда. *(Leslie E. Orgel, The Origin of Life on Earth, Scientific American, c. 271, Ekim 1994, s. 78)*

Шек жок, эгер жашоонун табигый таасирлер натыйжасында келип чыгышы мүмкүн эмес болсо, анда жашоо табият үстү бир абалда «жаратылганын» кабыл алуу керек. Бул чындык негизги максаты «жаратылыштан (натыйжада Аллахтан) баш тартуу» болгон эволюция теориясын апачык жараксыз кылууда.

## Эволюциянын ойлоп табылган механизмдери

Дарвиндин теориясын жараксыз кылган экинчи негизги сокку – теория «эволюция механизмдери» катары сунуштаган эки түшүнүктүн да чындыгында эч кандай эволюциялык күчкө ээ эмес экендигин түшүнүү менен ишке ашты.

Дарвин чыгарган эволюция көз-карашын толугу менен «табигый тандалуу» механизмине байланыштырган эле. Бул механизмге берген мааниси китебинин атынан да ачык көрүнүп турат эле: *Түрлөрдүн келип чыгышы, табигый тандалуу жолу менен...*

Табигый тандалуу табияттагы жашоо күрөшү ичинде табигый шарттарга ылайыктуу жана күчтүү жандуулардын жашоосун улантаары көз-карашына таянат. Мисалы, жырткыч жаныбарлар тарабынан коркунучка кабылган бир кийик тобунда ылдамыраак чуркаган кийиктер жашоосун улантат. Натыйжада кийик тобу ылдам жана күчтүү кийиктерден куралат. Бирок, албетте, бул механизм кийиктерди эволюция кылбайт, аларды башка жаныбар түрүнө, мисалы аттарга айландырбайт.

Демек, табигый тандалуу механизми эч кандай эволюциялык күчкө ээ эмес. Дарвин да бул чындыкты билчү жана *Түрлөрдүн келип чыгышы* аттуу китебинде **«Пайдалуу өзгөрүүлөр пайда болмойунча, табигый тандалуу эч нерсе кыла албайт»** деп айтууга мажбур болгон. *(Charles Darwin, The Origin of Species: A Facsimile of the First Edition, Harvard University Press, 1964, s. 189)*

## Ламарктын таасири

Мындай «пайдалуу өзгөрүүлөр» кантип болмок? Дарвин ошол учурдун алгачкы илим түшүнүгү ичинде бул суроого Ламаркка таянуу менен жооп берүүгө аракет жасаган. Дарвинден мурда жашаган Француз биолог Ламарктын ойу бойунча, жаныбарлар жашоолору бойу ишке ашкан физикалык өзгөрүүлөрдү кийинки урпактарга өткөрүп берүүдө, урпактан урпакка чогулган мындай өзгөрүүлөр натыйжасында жаңы жаныбар түрлөрү пайда

болууда эле. Мисалы, Ламарктын ойу бойунча, жирафтар жейрендерден пайда болгон эле, бийик дарактардын жалбырактарын жеш үчүн аракет кылып жатып, урпактан урпакка мойундары узарып кеткен эле.

Дарвин да ушул сыяктуу мисалдар берген. Мисалы, *Түрлөрдүн келип чыгышы* аттуу китебинде тамак табуу үчүн сууга түшкөн кээ бир аюулар убакыттын өтүшү менен киттерге айланды деп айткан. *(Charles Darwin, The Origin of Species: A Facsimile of the First Edition, Harvard University Press, 1964, s. 184)*

Бирок Мендел тапкан жана 20-кылымда өнүккөн генетикалык илим менен бекемделген тукум куучулук мыйзамдары «ээ болунган өзгөчөлүктөрдүн кийинки урпактарга берилиши» жомогун толугу менен кыйратты. Мунун натыйжасында табигый тандалуу «жалгыз» жана натыйжада толугу менен жарабаган бир механизм болуп калды.

## Нео-Дарвинизм жана мутациялар

Дарвинисттер болсо бул абалга бир чечүү жолун табуу үчүн 1930-жылдардын аягында «Модерн синтетикалык теорияны» же кеңири тарлган аты менен нео-дарвинизмди чыгарышты. Нео-дарвинизм табигый тандалуунун жанына «пайдалуу өзгөрүү себеби» катары мутацияларды, башкача айтканда, жаныбарлардын гендеринде радиациялар сыяктуу тышкы таасирлер же копиялоо каталары натыйжасында пайда болгон бузулууларды кошушту.

Бүгүнкү күндө дагы эле дүйнөдө эволюция атына жарактуулугун сактаган модел – нео-дарвинизм. Теория жер бетинде жашаган миллиондогон жандык түрү, бул жаныбарлардын кулак, көз, өпкө, канат сыяктуу сансыз комплекстүү органдары «мутацияларга», башкача айтканда, генетикалык бузулууларга таянган бир процесс натыйжасында пайда болду деп эсептейт. Бирок теорияны жокко чыгарган ачык бир илимий чындык бар: **Мутациялар жаныбарларды жакшы жакка өзгөртпөйт, тескерисинче дайыма жаныбарларга тескери таасир беришет.**

Мунун себеби абдан жөнөкөй: ДНК абдан комплекстүү түзүлүшкө ээ. Бул молекулада пайда болгон ар кандай туш келе (стохастикалык) бир таасир жалаң гана зыян берет. Америкалык генетикчи Б.Г. Ранганатхан муну мындайча түшүндүрөт:

«Мутациялар – кичинекей, стохастикалык жана зыяндуу. Кээ-кээде гана ишке ашат жана эң жакшы ыктымалдуулук учурунда эч кандай таасир жаратпайт. Бул үч өзгөчөлүк мутациялардын эволюциялык бир өнүгүү жарата албасын көрсөтөт. Ансыз деле жогорку даражада өзгөчө бир организмде пайда болгон бир туш келе өзгөрүү – же таасирсиз болот же болбосо зыяндуу. Бир кол саатында болгон бир өзгөрүү ал кол саатын жакшыртпайт. Чоң ыктымалдуулук менен ага зыян келтирет же эң жакшы учурда ага эч кандай таасир бербейт. Бир жер титирөө бир шаарды өнүктүрбөйт, ага кыйроо алып келет». *(B. G. Ranganathan, Origins?, Pennsylvania: The Banner Of Truth Trust, 1988)*

Чындыгында эле бүгүнкү күнгө чейин эч бир пайдалуу, башкача айтканда, генетикалык маалыматты жакшырткан, өнүктүргөн мутация мисалы байкалган жок. Бардык мутациялардын зыян алып келгени байкалды. Эволюция теориясы тарабынан «эволюция механизми» катары көрсөтүлгөн мутациялардын чындыгында жандууларды бузган, майып кылган генетикалык окуя экендиги ачык түшүнүлдү. (Адамдарда мутациялардын эң көп кездешкен натыйжасы – рак). Албетте, талкалоочу, бузуучу бир механизм «эволюция механизми» боло албайт. Табигый тандалуу болсо, Дарвин да кабыл алгандай, «өзү жалгыз эчтеке кыла албайт». Бул чындык бизге табиятта эч кандай «эволюция механизми» жок экендигин көрсөтөт. Демек, эволюция механизми жок болгон болсо, эволюция деп аталган кыялдагы процесс эч качан болгон эмес.

## Фосилдер: ортоңку звено жок

Эволюция теориясы жактаган сценарийдин эч болбогондугунун эң ачык көрсөткүчү – фосилдер.

Эволюция теориясы бойунча, бардык жандуулар бири-биринен пайда болгон. Мурда бар болгон бир жандуу түрү убакыттын өтүшү менен башка бир түргө айланган жана бардык түрлөр ушундай жол менен пайда болгон. Теория бойунча, мындай өзгөрүүлөр миллиондогон жылдарга барабар узун убакытта болгон жана баскыч баскыч алдын (өйдө) көздөй уланган.

Мындай учурда сөз кылынган узун убакыт бойу өзгөрүү процесси ичинде сансыз көп «ортоңку звенолордун» пайда болуп, жашап өткөн болушу керек эле.

Мисалы, өткөн учурларда балык өзгөчөлүктөрүнө ээ болгонуна карабастан, бир тараптан да кээ бир сойлоп жүрүүчү өзгөчөлүктөргө ээ болгон жарым балык-жарым сойлоп жүрүүчү жандыктар жашаган болушу керек эле. Же сойлоп жүрүүчү өзгөчөлүктөрү менен бирге, бир тараптан да кээ бир канаттуу өзгөчөлүктөрүнө ээ болгон сойлоп жүрүүчү-куш пайда болгон болушу керек эле. Булар бир өткөөл абалда болгондуктан, майып, кемчиликтүү, кээ бир органдары жарым-жартылай болгон жандыктар болушу керек эле. Эволюционисттер өткөн учурда жашап өткөн деп ишенген мындай теориялык жандыктарды **«ортоңку звенолор (формалар)»** деп аташат.

Эгер чындыгында мындай түрдөгү жандыктар өткөн учурларда жашаган болгондо, алардын сандары жана түрлөрү миллиондогон, ал тургай миллиарддаган болушу керек эле. Жана мындай майып, кемчиликтүү жандыктардын калдыктарынын сөзсүз фосилдери табылышы керек эле. Дарвин *Түрлөрдүн келип чыгышы* китебинде муну мындайча түшүндүрөт:

«Эгер теориям туура болсо, түрлөрдү бири-бирине байланыштырган сансыз көп ортоңку формалардын (звенолордун) түрлөрү сөзсүз жашаган болушу керек... Булардын жашап өткөндүгүнүн далилдери жалаң гана фосил калдыктары арасынан табылышы мүмкүн. (Charles Darwin, The Origin of Species: A Facsimile of the First Edition, Harvard University Press, 1964, s. 179)

## Дарвиндин үзүлгөн үмүтү

Бирок 19-кылымдын ортосунан бери дүйнөнүн бардык тарабында кемчиликтүү жандык фосилдери изделгенине карабастан, мындай ортоңку формалардын бир да фосили табыла албады. Жасалган казуулар жана изилдөөлөрдө табылган табылгалар, эволюционисттердин үмүтүн үзүп, жандуулардын бир заматта, кемчиликсиз жана толук органдары менен пайда болгонун көрсөттү.

Атактуу англиялык палеонтолог (фосил илимпозу) Дерек В. Агер бир эволюционист болгонуна карабастан, бул чындыкты мындайча мойунга алат:

Маселе мындай: Фосил табылгаларын жакшылап изилдегенде, түрлөр же класстар деңгээлинде болсун, дайыма бир эле чындыкка жолугабыз; баскычтуу эволюция жолу менен эмес, бир заматта жер бетинде пайда болгон группаларды көрөбүз. (Derek A. Ager, "The Nature of the Fossil Record", Proceedings of the British Geological Association, c. 87, 1976, s. 133)

Башкача айтканда, фосил табылгаларында бардык жандуу түрлөрү ортолорунда эч кандай өткөөл форма болбостон, кемчиликсиз абалдарында бир заматта пайда болушкан. Бул Дарвин жактаган көз-карашка толугу менен карама-каршы. Тагыраак айтканда, бул – жандуу түрлөрүнүн жаратылгандыгын көрсөткөн абдан күчтүү

бир далил. Себеби бир жандуу түрүнүн башка бир түрдөн («атасынан») эч кандай эволюция болбостон, бир заматта жана кемчиликсиз бир абалда пайда болушунун жалгыз түшүндүрмөсү болуп «ал түрдүн жаратылган болушу» саналат. Бул чындык атактуу эволюционист биолог Дуглас Футуйма тарабынан да кабыл алынат:

«Жаратылуу жана эволюция жашап жаткан жандуулардын келип чыгышын түшүндүрүүнүн альтернативдүү эки жолу. Жандуулар дүйнөдө же толугу менен толук жана кемчиликсиз бир абалда пайда болушкан же мындай болгон эмес. Эгер мындай болгон эмес болсо, анда бир өзгөрүү процесси натыйжасында алардан мурда бар болгон кээ бир жандуу түрлөрүнөн эволюциялашып, жаралган болушу керек. Бирок, эгер кемчиликсиз жана толук абалда пайда болгон болсо, анда чексиз күч-кудурет ээси бир акыл тарабынан жаратылган болушу керек.» *(Douglas J. Futuyma, Science on Trial, New York: Pantheon Books, 1983. s. 197)*

Фосилдер болсо жандуулардын жер бетинде кемчиликсиз жана толук абалда пайда болгонун көрсөтүүдө. Башкача айтканда, **«түрлөрдүн келип чыгышы» - Дарвин ойлогондун тескерисинче, эволюция эмес, жаратылуу.**

## Адамдын эволюциясы жомогу

Эволюция теориясынын жактоочулары эң көп сөз кылган тема – адамдын жаралышы темасы. Бул жөнүндө дарвинисттер бүгүнкү күндө жашаган адамды маймыл сыяктуу ар кандай жандыктардан келип чыккан деген гипотезаны жакташат. 4-5 миллион жыл мурда башталды деп гипотеза кылынган бир процессте заманбап адам менен аталары арасында «ортоңку формалар» жашаган деп айтылат. Чындыгында толугу менен ойлоп табылган бул сценарийде төрт негизги «категория» саналат:

1- австралопитек

2- хомо хабилис

3- хомо эректус

4- хомо сапиенс

Эволюционисттер адамдардын сөз жүзүндөгү алгачкы маймыл сымал атасын «түштүк маймылы» маанисине келген «австралопитек» деп аташат. Бул жандыктар чындыгында өлүп жок болгон бир маймыл түрү гана. Лорд Солли Зукерман жана профессор Чарльз Окснард сыяктуу Англия жана АКШдан дүйнөгө таанымал эки анатомист тарабынан жасалган терең изилдөөлөр бул жандыктардын жалаң гана өлүп жок болгон бир маймыл түрүнө тиешелүү экендигин жана адамдарга эч кандай окшошпогондугун көрсөткөн. *(Solly Zuckerman, Beyond The Ivory Tower, New York: Toplinger Publications, 1970, s. 75-94; Charles E. Oxnard, "The Place of Australopithecines in Human Evolution: Grounds for Doubt", Nature, c. 258, s. 389)*

Эволюционисттер адам эволюциясынын кийинки баскычын «хомо», башкача айтканда, адам деген класска бөлүшөт. Көз-караш бойунча хомо сериясындагы жандыктар австралопитектерден көбүрөөк өнүккөн. Эволюционисттер бул түрдүү жандыктарга тиешелүү фосилдерди биринин артынан бирин тизип алышып, ойлоп табылган эволюция графигин жасашат. Бул график ойлоп табылган, себеби иш жүзүндө бул ар түрдүү класстар арасында эволюциялык байланыш бар экендиги эч качан далилдене алган эмес. Эволюция теориясынын 20-кылымдагы эң маанилүү жактоочуларынын бири Эрнст Майр «Хомо сапиенске баруучу чынжыр – иш жүзүндө кайып (жок)» деп бул чындыкты кабыл алат. *(J. Rennie, "Darwin's Current Bulldog: Ernst Mayr", Scientific American, Aralık 1992)*

Эволюционисттер *«австралопитек > хомо хабилис > хомо эректус > хомо сапиенс»* деп катарга койууда бул түрлөрдүн ар биринин кийинкисинин атасы сыяктуу көрүнүш сүрөттөшөт. Чындыгында болсо палеонтологдордун акыркы табылгалары австралопитек, хомо хабилис жана хомо эректустун дүйнөнүн ар кайсы аймактарында бир учурда жашаганын көрсөттү. *(Alan Walker, Science, c. 207, 1980, s. 1103; A. J. Kelso, Physical Antropology, 1. baskı, New York: J. B. Lipincott Co., 1970, s. 221; M. D. Leakey, Olduvai Gorge, c. 3, Cambridge: Cambridge University Press, 1971, s. 272)*

Мындан тышкары, хомо эректус классына тиешелүү адамдардын бир бөлүгү азыркы учурга чейин жашаган, хомо сапиенс неандерталец жана хомо сапиенс сапиенс (заманбап адам) менен бир эле чөйрөдө жанаша жашашкан. *(Time, Kasım 1996)*

Бул болсо бул класстардын бири-биринин атасы деген көз-караштын туура эмес экендигин ачык далилдейт. Гарвард университети палеонтологу Стефен Жай Гоулд өзү да бир эволюционист болгонуна карабастан, дарвинист теория такалган бул жарды (тупикти) мындайча түшүндүрөт:

«Эгер бири-бири менен бир убакта жашаган үч түрдүү хоминид (адам сымал) сүрөтү бар болгон болсо, анда биздин санжыра дарагыбыз эмне болду? Булардын бири экинчисинен келип чыкпагандыгы ачык. Мындан тышкары, бири экинчиси менен салыштырылганда, эволюциялык бир өзгөрүү тенденциясын көрсөтпөөдө.» *(S. J. Gould, Natural History, c. 85, 1976, s. 30)*

Кыскача айтканда, массалык маалымат каражаттарында же окуу китептеринде орун алган ойлоп табылган бир топ «жарым маймыл, жарым адам» жандыктардын сүрөттөрү аркылуу, башкача айтканда, пропаганда жолу менен гана сактоого аракет кылынган «адамдын эволюциясы» сценарийи – эч кандай илимий далили, таянычы жок бир жомок гана.

Бул теманы көп жылдар бойу изилдеген, өзгөчө австралопитек фосилдери жөнүндө 15 жыл изилдөө жасаган Англиянын эң атактуу жана урматтуу илимпоздорунун бири Лорд Солли Зукерман, бир эволюционист болгонуна карабастан, маймыл сымал жандыктардан адамга чейин улануучу чыныгы бир санжыра дарагы жок экендиги жөнүндөгү жыйынтыкка барган.

Зукерман, мындан тышкары, кызыктуу бир «илим көрсөткүчү» даярдаган. Илимий катары кабыл алган илим тармактарынан, илимден алыс деп кабыл алган илим тармактарына чейин бир катарга койгон. Зукермандын бул таблицасы бойунча, эң «илимий», башкача айтканда, так далилдерге таянган илим тармактары – химия жана физика. Катарда булардан кийин биология илимдери, андан кийин коомдук илимдер келет. Бул катардын эң «илимден алыс» бөлүгүндө болсо, Зукермандын ойу бойунча, телепатия, алтынчы сезим сыяктуу «сезимден тышкаркы кабылдоо» түшүнүктөрү жана ошондой эле «адамдын эволюциясы» бар! Зукерман катардын бул учун мындайча түшүндүрөт:

«Объективдүү чындыктын чөйрөсүнөн чыгып, биологиялык илим катары гипотеза кылынган бул чөйрөлөргө, башкача айтканда, сезимден тышкаркы кабылдоо жана адамдын фосил тарыхынын түшүндүрүлүшүнө киргенибизде, эволюция теориясына ишенген бир адам үчүн бардык нерсе мүмкүн экендигин көрөбүз. Ал тургай, теорияларына чындап ишенген бул адамдардын бири-бирине туура келбеген жоромолдорду да бир эле убакта кабыл алышы да мүмкүн. *(Solly Zuckerman, Beyond The Ivory Tower, New York: Toplinger Publications, 1970, s. 19)*

Мына «адамдын эволюциясы» жомогу да – теорияларына далилсиз ишенген бир топ адамдардын тапкан кээ бир фосилдерди өздөрү каалагандай божомолдоолорунан гана турат.

## Дарвиндин формуласы!

Буга чейин караган бардык илимий далилдер менен бирге, ылайыктуу көрсөңүз, эволюционисттердин кандайча күлкүмүштүү ишенимге ээ экендигин жаш балдар да түшүнө турган ачык бир мисал менен көрсөтөлү.

Эволюция теориясы жандыктар кокусунан пайда болду деген ойду жактайт. Демек, бул көз-караш бойунча, жансыз жана акылсыз атомдор биригип, алгач клетканы жаратышкан жана андан кийин ошол эле атомдор кандайдыр бир жол менен башка жандыктарды жана адамды жаратышкан. Эми ойлонуп көрөлү: жандыктардын негизи болгон көмүртек, фосфор, азот, калий сыяктуу элементтерди бир жерге чогултканыбызда бир заттар тобу пайда болот. Бул атомдордун тобу кандай процесстерден өткөрүлбөсүн, бир даана да жандык жарата албайт. Кааласаңыз бир «эксперимент» да жасайлы жана эволюционисттер жактаган, бирок ачык үн менен айта албаган көз-карашын алардын атынан «Дарвин формуласы» деген ат менен анализдеп көрөлү:

Эволюционисттер көптөгөн, чоң идиштердин ичине жандыктардын түзүлүшүндө болгон фосфор, азот, көмүртек, кычкылтек, темир, магний сыяктуу элементтерден каалашынча салышсын. Ал тургай нормалдуу шарттарда кездешпеген, бирок бул аралашма ичинде болсун деп каалаган заттарды да бул идишке салышсын. Бул аралашманын ичине каалашынча амино-кислота, каалашынча (бир даанасынын кокусунан пайда болуу ыктымалдуулугу $1/10^{950}$ болгон) протеин кошушсун. Бул аралашмаларга каалаган деңгээлде ысыктык жана нымдуулук беришсин. Буларды каалаган эң алдыңкы инструменттер менен аралаштырышсын. Идиштердин жанына дүйнөнүн алдыңкы илимпоздорун койушсун.

Бул адистер атадан балага, урпактан урпакка өткөрүп, алмак-салмак миллиарддаган, ал тургай триллиондогон жылдар бойу идиштердин башында туруп күтүшсүн. Бир жандык пайда болушу үчүн кандай шарттар керек болгон болсо, каалагандай шарт түзүү эркин болсун. Бирок эмне гана кылышпасын, ал идиштерден эч качан бир жандык чыгара алышпайт. Жирафтарды, арстандарды, аарыларды, булбулдарды, тоту куштарды, аттарды, дельфиндерди, гүлдөрдү, орхидеяларды, банандарды, апельсиндерди, алмаларды, курмаларды, помидорлорду, коондорду, дарбыздарды, жүзүмдөрдү, түркүн түстүү көпөлөктөрдү жана ушулар сыяктуу миллиондогон жандык түрүнүн эч бирин жарата алышпайт. Бул жерде саналган бул жандыктардын бирөөсүн эмес, булардын жалгыз бир клеткасын да пайда кыла алышпайт.

Кыскача айтканда, акылсыз **атомдор бир жерге чогулуп, клетка жарата алышпайт**. Кийин кайрадан бир чечим кабыл алып, бир клетканы экиге бөлүп, андан кийин кайра кайра чечим кабыл алышып, электрондук микроскопту ойлоп тапкан, анан өз клеткасынын түзүлүшүн бул микроскоп жардамы менен изилдеген профессорлорду жарата алышпайт. **Зат жалаң гана Аллахтын жогорку күч-кудурет менен жаратышы аркылуу гана жашоого ээ болот.**

Мунун тескерисин жактаган эволюция теориясы болсо – акылга толугу менен туура келбеген бир жалган гана. Эволюционисттер жактаган көз-караштарды бир аз гана ойлонуу, жогоруда мисалда көрсөтүлгөндөй, бул чындыкты апачык көрсөтөт.

## Көз жана кулактагы технология

Эволюция теориясы эч качан түшүндүрө албаган башка бир нерсе – көз жана кулактагы кабылдоонун жогорку сапаты.

Көз менен байланыштуу темага өтүүдөн мурда «кантип көрүп жатабыз?» суроосуна кыскача жооп берели. Бир заттан келген нурлар көздөгү торчого тескери болуп түшөт. Бул нурлар бул жердеги клеткалар тарабынан

электрдик импульстарга (сигналдарга) айландырылат жана мээнин арка тарабындагы көрүү борбору деп аталган кичинекей бир чекитке жетет. Бул электрдик импульстар бир канча процесстен кийин мээдеги көрүү борборунда сүрөттөлүш катары кабылданат. Бул маалыматтарды алгандан кийин эми ойлонолу:

Мээ жарык өткөрбөйт. Башкача айтканда, мээнин ичи капкараңгы, жарык мээ жайгашкан жерге чейин кире албайт. Көрүү борбору деп аталган жер – капкараңгы, жарык эч жетпеген, балким эч биз көрбөгөндөй караңгы бир жер. Бирок, сиз бул чымкый караңгылыкта нурдуу, түркүн-түстүү бир дүйнөнү көрүп жатасыз.

Болгондо да, бул көрүнүш ушунчалык даана жана сапаттуу болгондуктан, 21-кылым технологиясы да бардык мүмкүнчүлүктөргө карабастан мынчалык даана сүрөттөлүшкө жете алган жок. Мисалы, азыр окуп жаткан китебиңизди, китепти кармаган колуңузду караңыз, андан соң башыңызды көтөрүп, айланаңызды караңыз. Азыр көрүп турган дааналык жана сапаттагы бул сүрөттөлүштү башка бир жерден көрдүңүзбү? Мынчалык сапаттуу сүрөттөлүштү сизге дүйнөнүн эң алдыңкы фирмасынын эң алдыңкы телевизор экраны да тартуулай албайт. 100 жылдан бери миңдеген инженерлер мындай даана сүрөттөлүшкө жетүү үчүн аракет кылышууда. Бул үчүн заводдор, ири ишканалар курулууда, изилдөөлөр жүргүзүлүүдө, план жана проекттер жасалууда. Ошого карабастан, телевизор экранын бир карап, колуңуздагы китепти карап салыштырып көрүңүз. Экөө арасында сүрөттөлүштүн дааналыгы жана сапаты арасында чоң бир айырма байкайсыз. Болгондо да, телевизор экраны сизге эки өлчөмдүү бир сүрөттөлүш тартуулайт, сиз болсо үч өлчөмдүү, тереңдиги бар бир сүрөттөлүштү көрүп жатасыз.

Көп жылдар бойу он миңдеген инженер үч өлчөмдүү телевизор жасоого, көздүн көрүү сапатындай сапатка жетүүгө аракет кылышууда. Ооба, үч өлчөмдүү бир телевизор жасай алышты, бирок аны көз айнексиз үч өлчөмдүү кылып көрүүгө мүмкүн эмес, ошондой эле бул үч өлчөм – жасалма. Арка тарабы бозомук, алдыңкы тарабы болсо кагаздан жасалган декорация сыяктуу көрүнөт. Эч качан көз көргөн сыяктуу даана жана сапаттуу бир сүрөттөлүш жаралбайт. Камерада да, телевизордо да сөзсүз сүрөттөлүштө сапат, дааналык төмөндөшү болот.

Эволюционисттер ушундай сапаттуу жана даана сүрөттөлүштү жараткан механизм кокусунан жаралды деген ойду жакташат. Азыр бирөө сизге бөлмөңүздөгү телевизор кокусунан пайда болду, атомдор чогулду жана бул сүрөттөлүш пайда кылган инструментти (телевизорду) пайда кылды десе сиз эмне деп ойлойсуз? Миңдеген адам чогулуп жасай албаган нерсени атомдор кантип жасашсын?

Көз көргөн сапаттан алда канча төмөн болгон бир сүрөттөлүштү пайда кылган нерсе кокусунан пайда болбосо, көз жана көз көргөн сүрөттөлүштүн да кокусунан пайда боло албашы айдан ачык. Ушул эле абал кулакка да тиешелүү. Тышкы кулак айланадагы үндөрдү кулак лакатору жардамы менен топтоп, ортоңку кулакка берет; ортоңку кулак үн толкундарын күчөтүп, ички кулакка өткөрүп берет; ички кулак бул толкундарды электрдик импульстарга айландырып, мээге жөнөтөт. Көрүү процессинде болгон сыяктуу угуу процесси да мээдеги угуу борборунда ишке ашат.

Көздөгү абал кулакка да тиешелүү, башкача айтканда, мээ жарык өткөрбөгөн сыяктуу, үн да өткөрбөйт. Ошондуктан, сырт тарап канчалык ызы-чуу болсо да, мээнин ичи толугу менен жымжырттыкта. Ошого карабастан, эң даана үндөр мээде кабылданат. Үн өткөрбөгөн мээңизде бир оркестрдин симфонияларын угасыз, көчө толо адамдардын бардык ызы-чуусун угасыз. Бирок ошол учурда атайын бир прибор менен мээңиздин ичиндеги үн өлчөнсө, ал жерде толук жымжырттык өкүм сүрүп жаткандыгы байкалат.

Жогорку сапаттуу сүрөттөлүштү алуу үчүн аракет кылынган сыяктуу, үн үчүн да ондогон жылдар бойу ушундай аракеттер жасалууда. Үн жаздыруу аппараттары, музыкалык борборлор, көптөгөн электрондук аппараттар, үндү кабылдаган музыка системалары–бул аракеттердин кээ бир жыйынтыктары. Бирок болгон

технология, бул технологияда иштеген миңдеген инженер жана адиске карабастан, кулак пайда кылган даана жана сапаттагы бир үнгө жете алынган эмес. Музыкалык аппарат өндүргөн эң ири фирма тарабынан өндүрүлгөн эң сапаттуу музыкалык борборду элестетип көрүңүз. Үн жаздырганда, сөзсүз үндүн бир бөлүгү жоголот же бир аз болсо да шум пайда болот же музыкалык борборду жандырганда, музыка баштала электе эле бир шум угасыз. Бирок адам денесиндеги технологиянын продукту болгон үндөр абдан даана жана кемчиликсиз. Адамдын кулагы музыкалык борбордогу сыяктуу шум жаратпайт, үн кандай болсо ошондой угат. Бул абал адам жаралгандан бери уланып келе жатат.

Бүгүнкү күнгө чейин адам баласы жасаган эч кайсы сүрөттөлүш жана үн аппараты көз жана кулак сыяктуу сапат жана ийгиликтеги бир кабылдоочу боло алган жок.

Ошондой эле, көрүү жана угуу процессинде, булардан сырткары, абдан чоң дагы бир чындык бар.

## Мээнин ичинде көргөн жана уккан аң-сезим кимге тиешелүү?

Мээнин ичинде, түркүн түстүү дүйнөнү караган, симфонияларды, чымчыктардын сайраганын уккан, гүлдү жыттаган ким?

Адамдын көздөрүнөн, кулактарынан, мурдунан келген импульстар электрдик сигнал катары мээге барат. Биология, физиология же биохимия китептеринде бул сүрөттөлүштүн мээде кантип пайда болоору жөнүндө көптөгөн терең маалыматтар окуй аласыз. Бирок бул тема жөнүндөгү эң маанилүү чындыкты эч жерден көрбөйсүз: мээде бул электрдик сигналдарды сүрөттөлүш, үн, жыт жана сезүү катары кабылдаган ким?

Мээнин ичинде көзгө, кулакка, мурунга муктаж болбостон бардык бул нерселерди кабылдаган бир аң-сезим бар. Бул аң-сезим кимге тиешелүү?

Албетте, бул аң-сезим – мээни түзгөн нервдер, май катмары жана нерв клеткаларына тиешелүү эмес. Мына ушул себептен улам, бардык нерсе заттан гана турат деген дарвинист-материалисттер бул суроолордун эч бирине жооп бере алышпайт. Себеби, бул аң-сезим – Аллах жараткан рух. Рух сүрөттөлүштү көрүү үчүн көзгө, үндү угуу үчүн кулакка муктаж эмес. Ал тургай, ойлонуу үчүн мээге муктаж эмес.

Бул ачык жана илимий чындыкты окуган ар бир адам мээ ичиндеги бир канча $см^3$дук, капкараңгы жерге бардык ааламды үч өлчөмдүү, түркүн түстүү, көлөкөлүү жана жарык нурлуу кылып батырып койгон улуу Аллахты ойлонуп, Андан коркуп, Ага корголошу зарыл.

## Материалисттик ишеним

Буга чейин карагандарыбыз эволюция теориясынын илимий табылгаларга ачык карама-каршы келген бир көз-караш экендигин көрсөттү. Теориянын жашоонун келип чыгышы жөнүндөгү ойу илимге эч туура келбейт, теория жактаган эволюция механизмдеринин эч кандай эволюциялык күчү жок жана фосилдер теория муктаж болгон ортоңку формалардын эч качан жашабаганын көрсөтүүдө. Бул учурда, албетте, эволюция теориясы илимге туура келбеген бир пикир катары тарыхка калтырылышы керек. Тарыхта да «дүйнө борбордуу аалам» модели сыяктуу көптөгөн пикирлер илимден чыгарылып салынган. Бирок эволюция теориясы илим катары сакталып калууга аракет кылынууда. Ал тургай кээ бир адамдар теорияга сын-пикирлерди «илимге кол салуу» катары көрсөтүүгө аракет кылышууда. Эмнеге мындай?..

Бул абалдын себеби – эволюция теориясынын кээ бир чөйрөлөр үчүн андан эч баш тартыла албай турган догма бир ишеним болушунда. Бул чөйрөлөр материалисттик философияга эч кандай далилсиз байланып алышкан жана дарвинизмди болсо жападан жалгыз материалисттик көз-караш катары жакташууда.

Кээде муну ачык-ачык мойнуна да алышат. Гарвард университетинен атактуу бир генетикчи жана ошол эле учурда алдыңкы бир эволюционист болгон Ричард Левонтин «алгач материалист, андан соң илимпоз» экенин мындайча мойнуна алат:

«Биздин материализмге бир ишенимибиз бар, априори (мурдатан (далилсиз) кабыл алынган, туура деп гипотеза кылынган) бир ишеним бул. Бизди дүйнөгө материалисттик түшүндүрмө жасоого зордогон нерсе – илимдин ыкмалары жана эрежелери эмес. Тескерисинче, материализмге болгон «априори» байланганыбыз себептүү, дүйнөгө материалисттик түшүндүрмө алып келген изилдөө ыкмаларын жана түшүнүктөрүн чыгарабыз. Материализм абсолюттук туура болгондон кийин, Илахи бир түшүндүрүүнүн ортого чыгышына жол бере албайбыз. *(Richard Lewontin, "The Demon-Haunted World", The New York Review of Books, 9 Ocak 1997, s. 28)*

Бул сөздөр – дарвинизмдин материалисттик философияга байлануу (көз-каранды болуу) үчүн жашатылган бир догма экендигинин ачык баяны. Бул догма заттан башка эч кандай жандык жок деп гипотеза жасайт. Ошондуктан, жансыз, аң-сезимсиз, акылсыз зат жашоону жаратты деп ишенет. Миллиондогон ар түрдүү жандыктарды, мисалы чымчыктар, балыктар, жирафтар, кабыландар, курт-кумурскалар, дарактар, гүлдөр жана адамдарды заттардын өз-ара реакциялары аркылуу, башкача айтканда, жааган жамгыр, чагылган аркылуу жансыз заттар ичинен жаралып калды деп кабыл алат. Чындыгында болсо бул акылга да, илимге да сыйбайт. Бирок дарвинисттер өз сөздөрү менен айтканда «Илахи бир (Кудай жаратты деген) түшүндүрмөнүн ортого чыкпашы» үчүн мындай нерсени жактоону улантышууда.

Жандуулардын келип чыгышына материалисттик көз-караш менен карабаган адамдар болсо төмөнкү ачык чындыкты көрүшөт: бардык жандыктар – жогорку бир күч-кудурет, илим жана акыл ээси болгон бир Жаратуучунун чыгармалары. Жаратуучу – бардык ааламды жоктон бар кылып жараткан, эң кемчиликсиз абалда жасаган жана бардык жандыктарды жаратып, келбет берген Аллах.

## Эволюция теориясы дүйнө тарыхынын эң таасирдүү сыйкыры

Бул жерде муну да айта кетүү керек: алдын-ала сын-пикирсиз, эч кандай идеологиянын таасири астында калбастан, жалаң гана акылын жана логикасын колдонгон ар бир адам илим жана маданияттан алыс коомдордун негизсиз ишенимдерин элестеткен эволюция теориясынын ишенүүгө мүмкүн эмес бир көз-караш экендигин оңой эле түшүнөт.

Жогоруда да айтылгандай, эволюция теориясына ишенгендер чоң бир идиштин ичине көптөгөн атомду, молекуланы, жансыз заттарды толтуруп койсо, булардын аралашмасынан убакыт өтүшү менен ойлонгон, акыл жүгүрткөн, ачылыштар жасаган профессорлор, университет студенттери, Эйнштейн, Хаббл сыяктуу илимпоздор, Франк Синатра, Шарлтон Хестон сыяктуу искусство адамдары, ошондой эле лимон дарактары, гүлдөр, жаныбарлар чыгат деп ишенишүүдө. Болгондо да мындай акылга сыйбас пикирге ишенгендер – илимпоздор, профессорлор, илимдүү адамдар болууда. Ошол себептен, эволюция теориясы үчүн «дүйнө тарыхынын – эң чоң жана эң таасирдүү сыйкыры» сөзүн колдонуу туура болот. Себеби дүйнө тарыхында адамдардын мынчалык акылын башынан алган, акыл жана логика менен ойлонууларына тоскоолдук кылган, көздөрүнүн алдына бир перде сыяктуу тосмо тартып, алардын айдан ачык чындыктарды көрүүлөрүнө тоскоол болгон башка ишеним же

көз-караш жок. Бул эски египеттиктердин күн кудайы Рага, африкалык кээ бир уруулардын тотемдерге, Саба калкынын күнгө сыйынуусунан, Аз. Ибрахимдин коомунун колдору менен жасап алган идолдорго, Аз. Мусанын коомунун өздөрү алтындан жасаган музоого сыйынуусунан бир топ коркунучтуу (рисктүү) жана акылга сыйбас бир сокурдук. Чындыгында бул абал – Аллах Куранда ишарат кылган акылсыздык. Аллах кээ бир адамдардын аңдап-түшүнүүлөрүнүн жабылып калаарын жана чындыктарды көрүүгө алсыз болуп калаарын көптөгөн аятында билдирген. Бул аяттардын кээ бирлери төмөнкүдөй:

**Шек жок, чындыктан баш тарткандарды эскертсең да, эскертпесең да алар үчүн айырмасы жок; (алар) ишенишпейт. Аллах алардын жүрөктөрүн жана кулактарын мөөрлөгөн; көздөрүнүн үстүндө перделер бар. Жана чоң азап – аларга. (Бакара Сүрөсү, 6-7)**

**… Жүрөктөрү бар, бирок аны менен аңдап-түшүнүшпөйт, көздөрү бар, бирок аны менен көрүшпөйт, кулактары бар, бирок аны менен угушпайт. Алар – айбандар сыяктуу, ал тургай андан да төмөн. Дал ушулар – капылет калгандар.» (Араф Сүрөсү, 179)**

Аллах башка аятында болсо бул адамдардын укмуштар (можизалар) көрсө да ишенбей турган деңгээлде сыйкырланып калгандыктарын мындайча билдирет:

**Алардын үстүнө асмандан бир эшик ачсак, ал жерден жогору көтөрүлсөлөр да, сөзсүз «Көздөрүбүз айландырылып койулду, балким биз сыйкырланган бир коомбуз» деп айтышат. (Хижр Сүрөсү, 14-15)**

Мынчалык көп адамдарга бул сыйкырдын таасир этиши, адамдардын чындыктардан мынчалык алыс кармалышы жана 150 жыл бул сыйкырдын бузулбашы болсо - сөздөр менен түшүндүрүүгө мүмкүн болбой турган деңгээлде таң калаарлык бир абал. Себеби, бир же бир канча адамдын ишке ашышы мүмкүн эмес сценарийлерге, акылга жана логикага сыйбаган нерселерге толгон пикирлерге ишенишин түшүнүүгө болот. Бирок дүйнөнүн төрт бурчундагы адамдардын акылсыз жана жансыз атомдордун кокусунан бир чечим кабыл алышып, чогулушуп, укмуштай уюштуруу, дисциплина, акыл жана аң-сезим көрсөтүп, кемчиликсиз бир система менен иштеген ааламды, жандуулар үчүн ыңгайлуу болгон ар кандай өзгөчөлүккө ээ болгон жер планетасын жана сансыз көп комплекстүү системалар менен камсыз кылынган жандыктарды жараткандыгына ишенишинин – «сыйкырдан» (гипноздон) башка бир түшүндүрмөсү жок.

Аллах Куранда баш тартуучу философиянын жактоочусу болгон кээ бир адамдардын кээ бир сыйкырлар аркылуу адамдарга таасир бергендигин Аз.Муса жана Фираун арасында болгон бир окуя аркылуу бизге билдирет. Аз.Муса Фираунга (Фараонго) чындык, акыйкат динди түшүндүргөндө, Фираун Аз.Мусага өзүнүн «илимдүү сыйкырчылары» менен адамдар топтолгон бир жерде жолугуусун айтат. Аз.Муса сыйкырчылар менен жолугушканда, сыйкырчыларга алгач «таланттарын» көрсөтүшүн буйрук кылат. Бул окуяны баяндаган аяттар мындай:

**(Муса:) «Силер таштагыла» деди. (Асаларын) таштаары менен, адамдардын көздөрүн сыйкырлап жиберишти, аларды коркутушту жана (ортого) чоң бир сыйкыр алып келген болушту. (Араф Сүрөсү, 116)**

Байкалгандай, Фираундун сыйкырчылары жасаган «калптары» менен, Аз.Муса жана ага ишенгендерден башка, адамдардын баарын сыйкырлай алышкан. Бирок алардын таштаган нерселерине каршы Аз.Муса ортого койгон далил алардын бул сыйкырын, аяттагы баян менен «ойлоп тапкандарын жуткан», башкача айтканда таасирсиз кылган:

**Биз Мусага: «Асаңды ташта» деп вахий кылдык. (Ал таштап жибергенде) бир карашты, ал бардык ойлоп тапкан нерселерин топтоп жутууда. Ушундайча чындык өз ордун тапты, алардын бардык кылып жаткандары жараксыз болду. Ал жерде жеңилишти жана басмырланып тескери бурулушту. (Араф Сүрөсү, 117-119)**

Аятта да билдирилгендей, мурда адамдарды сыйкырлоо менен аларга таасир берген бул адамдар кылган нерселердин бир алдамчылык экендиги билинээри менен бул адамдар уят болуп, басмырланышкан. Бүгүнкү күндө да бир сыйкырдын таасири менен калп илимий көрүнгөн акылга такыр сыйбас жалгандарга ишенген жана буларды жактоого жашоосун арнагандар эгер бул ойлорунан (дарвинизмден) баш тартышпаса, чындыктар толугу менен ачыкка чыкканда жана «бул сыйкыр бузулганда», катуу уят болушат. Алсак, дээрлик 60 жашына чейин эволюцияны жактаган жана атесит бир философ болгон, бирок кийин чындыктарды көргөн Малкольм Муггеридж эволюция теориясынын жакынкы келечекте кабыла турган абалын мындайча сүрөттөйт:

**Мен өзүм эволюция теориясынын, өзгөчө жайылган тармактарында, келечектин тарых китептеринде эң чоң анекдот темаларынын бири болооруна толук ишендим**. Келечек урпактар мынчалык чирик жана белгисиз бир гипотезанын таң калаарлык абалда кабыл алынганын таң калуу менен тосушат. *(Malcolm Muggeridge, The End of Christendom, Grand Rapids: Eerdmans, 1980, s.43)*

Бул келечек алыста эмес, тескерисинче, абдан жакын бир келечекте адамдар «кокустуктардын» илах (кудай) боло албашын түшүнүшөт жана эволюция теориясы дүйнө тарыхынын эң чоң калпы жана эң күчтүү сыйкыры деп аталып калат. Бул күчтүү сыйкырдан (гипноздон) дүйнөнүн төрт бурчунда адамдар абдан бат кутула башташты. Эволюция калпынын сырын үйрөнгөн көптөгөн адамдар бул калпка кантип ишенгенин таң калуу менен ойлонушууда.

**Айтышты: «Сен – Улуксуң, бизге үйрөткөнүңдөн башка биздин эч кандай илимибиз жок.**
**Чындыгында, Сен – бардык нерсени билүүчү, өкүм жана хикмат (терең акыл) ээсисиң.»**
**(Бакара Сүрөсү, 32)**

# БУЛАКТАР


1 *Materyalist Felsefe Sözlüğü,* İstanbul: Sosyal Yayınlar, 4. baskı, s. 326

2 Georges Politzer, *Felsefenin Başlangıç İlkeleri,* İstanbul: Sosyal Yayınlar, 1989, s. 84

3. David Filkin, *Stephen Hawking'in Evreni: Kainatın Sırları,* Aksoy Yayıncılık, 1998, s. 81

4. Billy Bryson, *Hemen Herşeyin Kısa Tarihi,* Boyner Yayınları, 2004, s. 9-10

5. William Lane Craig, *Cosmos and Creator, Origins & Design*, Spring 1996, vol. 17, s. 19

6. S. Jaki, *Cosmos and Creator*, Regnery Gateway, Chicago, 1980, s. 54

7. *God and the Astronomers*, s. 104

8. *God and the Astronomers*, s. 104

9. *God and the Astronomers*, s. 105

10. http://slate.msn.com/id/3142/

11. *God and the Astronomers*, s. 106-107

12. Barry Parker, *"Creation- The Story of the Origin and Evolution of the Universe"* (New York & London: Plenum Press, 1988), p.10 http://www.totse.com/en/religion/christianity/161893.html

13. *Stephen Hawking Evreni,* sf. 100

14. Stephen Hawking, *The Big Bang, and God,* Henry F. Schaefer III http://www.leaderu.com/real/ri9404/bigbang.html

15. Stephen Hawking, *Evreni Kucaklayan Karınca*, Alkım Kitapçılık ve Yayıncılık, 1993, s. 62-63

16. Jeff Foust, *Big Banf Evidence Found, Spaceflight,* 2 Mayıs 2001

17. George O. Abel, *Exploration of The Universe,* Holt Rinehart and Winston, 1975, s. 665-667

18. Henry Margenau, Roy Abraham Vargesse, *Cosmos, Bios, Theos,* La Salle IL: Open Court Publishing, 1992, s. 241

19. Stephen Hawking, *Evreni Kucaklayan Karınca*, Alkım Yayınevi, 1992, s. 143

20. http://www.sciencemag.org/sciext/btoy2003/

21. http://map.gsfc.nasa.gov/

22. *Hürriyet,* 22 ocak 2004

23. http://map.gsfc.nasa.gov/m_mm.html

24. http://www.nasa.gov/centers/goddard/news/topstory/2003/0206mapresults.html

25. "Galaxy patterns reveal missing link to Big Bang", 12 Ocak 2005, 2-degree Field Galaxy Redshift Survey, http://info.anu.edu.au/mac/Media/Media_Releases/_2005/_January/_120105redshift.asp

26. "Detection of the Baryon Acoustic Peak in the Large-Scale Correlation Function of SDSS Lu minous Red Galaxies", submitted to Astrophysical Journal on December 31st, 2004. Bkz. Sloan Digital Sky Survey, "THE COSMIC YARDSTICK--Sloan Digital Sky Survey astronomers measure role of dark matter, dark energy and gravity in the distribution of galaxies", 11 Ocak 2005, http://www.sdss.org/news/releases/20050111.yardstick.html

27. "Scientists Score Galaxy Breakthrough", AAP.

28. W. R. Bird, *The Origin of Species Revisited*, Nashville: Thomas Nelson, 1991, s. 462

29. W. R. Bird, *The Origin of Species Revisited,* Nashville: Thomas Nelson, 1991, s. 405-406

30. *Bilim ve Teknik,* sayı 201, s. 16

31. Stephen Hawking, *A Brief History Of Time*, Bantam Press, London: 1988, s. 121-125

32. Paul Davies, *God and the New Physics*, New York: Simon & Schuster, 1983, s. 189

33. Hugh Ross, *The Creator and the Cosmos*, Colorado Springs, CO: Nav-Press, 1993, s. 114-15

34. William Lane Craig, *Cosmos and Creator*, Origins & Design, Spring 1996, vol. 17, s. 19

35. William Lane Craig, *Cosmos and Creator*, Origins & Design, Spring 1996, vol. 17, s. 19

36. William Lane Craig, *Cosmos and Creator*, Origins & Design, Spring 1996, vol. 17, s. 20

37. Christopher Isham, "*Space, Time and Quantum Cosmology"*, paper presented at the conference "God, Time and Modern Physics", March 1990, Origins & Design, Spring 1996, vol. 17, s. 27

38. R. Brout, Ph. Spindel, "Black Holes Dispute", Nature, vol 337, 1989, s. 216

39. *"Çok Evrenin Kısa Tarihi"* (A Brief History of the Multiverse) *The New York Times* ,12 Nisan 2003

40. Miller K.R., *"Finding Darwin's God: A Scientist's Search for Common Ground Between God and Evolution,"* [1999], HarperCollins: New York NY, 2000, reprint, sf.225

41. John Maddox, "Down with the Big Bang", *Nature,* vol. 340, 1989, s. 378

42. H. P. Lipson, "A Physicist Looks at Evolution", *Physics Bulletin,* vol. 138, 1980, s. 138

43. R. L. Gregory, *Eye and Brain: The Psychology of Seeing,* New York: Oxford University Press Inc., 1990, s. 9

44. Lincoln Barnett, *Evren ve Einstein*, Çev: Nail Bezel, Varlık Yayınları, s. 20

45. Orhan Hançerlioğlu, *Düşünce Tarihi*, İstanbul: Remzi Kitabevi, 1987, s. 447

46. Rita Carter, *Mapping The Mind*, s. 113

47. *Fusus-u.l Hikem*, çev. Nuri Gencosman, İstanbul, 1990, s. 220

48. R. L. Gregory, *Eye and Brain: The Psychology of Seeing*, Oxford University Press Inc. New York, 1990, s. 9

49. Karl Pribram, David Bohm, Marilyn Ferguson, Fritjof Capra, *Holografik Evren I*, Çev: Ali Çakıroğlu, İstanbul: Kuraldışı Yayınları, 1996, s. 37

50. George Politzer, *Felsefenin Başlangıç İlkeleri*, İstanbul: Sosyal Yayınlar, 1989, s. 53.

51. Orhan Hançerlioğlu, *Düşünce Tarihi*, İstanbul: Remzi Kitabevi, 6. b., Eylül 1995, s. 261.

52. Paul Davies, *Tanrı ve Yeni Fizik*, Çev: Murat Temelli, İm Yayın Tasarım, Yaşam Kitapları-1, İstanbul 1995, s. 180-181

53. Rennan Pekünlü, "Aldatmacanın Evrimsizliği", *Bilim ve Ütopya*, Aralık 1998

54. Alaattin Şenel, "Evrim Aldatmacası mı?, Devrin Aldatmacası mı?", *Bilim ve Ütopya*, Aralık 1998

55. Tim Folger, "Buradan Sonsuzluğa", *Discover*, Aralık 2000, s. 54

56. Tim Folger, "Buradan Sonsuzluğa", *Discover*, Aralık 2000, s.54

57. François Jacob, *Mümkünlerin Oyunu,* Kesit Yayınları, 1996, s. 111

58. Lincoln Barnett, *Evren ve Einstein*, Varlık Yayınları, 1980, s. 52-53

59. Lincoln Barnett, *Evren ve Einstein,* Varlık Yayınları, 1980,s. 17

60. Lincoln Barnett, *Evren ve Einstein*, Varlık Yayınları, 1980,s. 58

61. Paul Strathern, *Einstein ve Görelilik Kuramı*, Gendaş Yayınları, 1997, s. 57

62. Lincoln Barnett, *Evren ve Einstein*, Varlık Yayınları, 1980, s. 17-18

# АРТКЫ БЕТ ТЕКСТИ

- Зат менен убакыт жоктон кантип жаратылды?...
- Биг Бенг теориясы ааламдын жаратылуусу жөнүндө кайсы чындыктарды көрсөтүүдө?...
- Биз үчүн кылымдарга созулган бир убакыт мөөнөтү башка бир чен-өлчөмдө кантип бир «көз ирмем» болушу мүмкүн?...
- Эйнштейндин Салыштырмалуулук теориясы менен Куран аяттары арасындагы окшоштук кандай?...

Бул китепте бүт бул суроолордун жооптору убакыт менен заттын чыныгы жүзү аркылуу түшүндүрүлөт.

20-кылымдын илимий ачылыштары менен табылган чындыктар материалисттик философиянын көз-караштарын тамырынан кыйратууда. Космос, зат, убакыт жана тагдыр жөнүндөгү чындыктарды билгиңиз келсе, бул китепти сөзсүз окуңуз...

**АВТОР ЖӨНҮНДӨ:** Эмгектеринде Харун Яхья атын колдонгон автор (Аднан Октар) 1956-жылы Анкарада (Түркия) төрөлдү. 1980-жылдардан бери ыйман, илимий жана саясий темаларда көптөгөн эмгектер даярдады. Мындан тышкары, автордун эволюция теориясынын жактоочуларынын алдамчылык ыкмаларын, алардын жактаган нерселеринин (эволюция теориясынын) туура эместигин жана Дарвинизмдин кандуу идеологиялар менен болгон караңгы (жашыруун) байланыштарын ортого койгон абдан маанилүү эмгектери бар.

Автордун бардык эмгектериндеги орток, негизги максат – Куранга чакырууну бүт дүйнөгө жеткирүү, мындай жол менен адамдардын Аллахтын бар экендиги, жалгыздыгы жана акырет сыяктуу негизги ыйман темалары жөнүндө ой жүгүртүүлөрүнө түрткү болуу жана чындыктан (Аллахтан) баш тартуучу системалардын чирик фундаменттерин жана туура эмес иш-аракеттерин ачыкка чыгарып, адамзатка көрсөтүү. Учурда дүйнөнүн 60 тилине которулган дээрлик 300 ашуун болгон автордун эмгектери дүйнөнүн төрт тарабында кызыгуу менен окулууда.

Харун Яхья эмгектери, Аллахтын буйругу менен, 21-кылымда бүт дүйнөдөгү адамдардын Куранда сүрөттөлгөн бейпилдик жана тынчтыкка, чынчылдык жана адилеттүүлүккө, сулуулук жана бактылуулукка жеткирүүгө бир себепчи болмокчу.